Абдыкерим Исаев

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИПКЕ КИРИШҮҮ

Бишкек 2008

74.00
И 85

Кыргыз Республикасынын билим берүү
жана илим министрлиги

Ош мамлекеттик университети

Абдыкерим Исаев

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИПКЕ КИРИШҮҮ

Нарын обл. Нарын мамлекеттик университети
Кыргыз Респ-касы
Илимий китепканасы
45
41315/39

Ош 2008

УДК 37.0
ББК 74.00
И 85

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2007-жылдын 21-декабрындагы №707/1 буйругунун негизинде жогорку окуу жайлардын педагогикалык багыттагы студенттери үчүн окуу куралы катары басмага сунушталды.

Жооптуу редактор: Педагогика илимдеринин доктору, профессор Д. Бабаев

Окуу куралына
пикир жазгандар: Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты
*Бекембай Апыш*
Кыргыз-Түрк "Манас" университети нин доценти, педагогика илимдеринин кандидаты
*Акматалы Алимбеков*

**И 85 Исаев Абдыкерим "Педагогикалык кесипке киришүү" (Толукталып экинчи басылышы)**
**Ош: 2008.**

УДК 37.0
ББК 74.00
И 4303000000-06
ISBN – 9967-03-337-1
А.ИСАЕВ, 2006

# СӨЗ БАШЫ

"Педагогикалык кесипке киришүү" предмети жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо жараянынын базасын түзүүдө маанилүү роль ойнойт.

Мугалимдик кесиптин коомдогу орду менен өзгөчөлүгү, улуулугуна жараша түйшүктүүлүгү тууралуу алгачкы маалыматтар студенттердин билим алуудагы жоопкерчилигин күчөтүүдө белгилүү деңгээлде таасирин тийгизери бышык.

Алгачкы ирет жогорку окуу жайынын босогосун аттаган биринчи курстун студенти үчүн мындагы окуу тарбия жараянынын уюштурулуш өзгөчөлүктөрү кооптондурбай койбойт. Анын эреже жоболору менен таанышып, укугун, милдеттерин, келечек адистигинин маңыз маанисин айкын элестетүү, түйшүктүү эмгекке кошумча бир топ убакытты талап кылаары белгилүү.

Андыктан адаптация (көнүү, ыкташуу) процессин тездетүү, жогорку окуу жайынын турмуш шартына активдүү аралашуу, окуу предметтерин, сабактарды өздөштүрүүнү жеңилдетүү кеңештерин камтыган бул окуу куралы студенттерге белгилүү деңгээлде көмөк көрсөтмөкчү.

Ошондой эле, республикабыздын жогорку окуу жайлары билим берүүнүн Болон системасына өтүүгө багыт алуу менен студенттердин өз алдынча ишмердүүлүгүнө басым жасалып жаткан мезгилде, айрыкча элеттик студенттердин эне тилиндеги окуулуктарга күчөгөн суроо- талабын аз да болсо жеңилдете алдык деп үмүттөнөбүз.

Сөз акырында коюлган маселе биротоло чечилип, милдетибизди аяктата аткардык деген пикирден оолактыгыбызды, мындан да башка альтернативдүү окуу китептеринин жазылышын мыйзам ченемдүү көрүнүш катары эске алып, сиздердин (урматтуу кесиптештер, ата-энелер, студенттер, дегеле баардык окурмандар) кандай мазмунда болбосун сын пикириңиздердин, сунушуңнуздардын негизинде дайыма толуктап туруу максатыбыздын бар экендигин билдирмекчибиз.

*Автор.*

## *Автордон*

Элди түбөлүк эл кылып турган – анын тили. Ар бир тил өз элине улуу. Бирок Кыргызстанда отурукташкан көп улуттуу калктын жашоосунда орус тили бир топ мезгил ичинде өз ара жалпы сүйлөшүү каражаты, дүйнөлүк цивилизация менен байланышууда негизги курал катары маанилүү роль ойноп келгени баарыбызга маалым.

Чындыгында, орус тили эл арасына ушунчалык бекем орногон экен, азыр деле түптүү эл кыргыздар да, башка аз улуттар да бүгүнкү турмушун орус тилисиз элестете албайт. Сырткы дүйнө менен соода, билим берүү, илим, айтор, бардык тармактагы карым катнашта орус тили негизги орунда турат. Ошол үчүн бул тилге расмий статус берүү жөнүндөгү демилге коомчулукта кеңири колдоого ээ болду.

Кыргызстандыктардын орус тилин эне тили менен катар бирдей өздөштүрүү далалаты СССР кыйрай электе башталган. Орусча эркин окуп, эркин сүйлөй албаган адамдын илимдеби, бийлик баскычындабы келечеги ченелүү эле. Аны туйган ар бир инсан (айрыкча 70-90-ж.ж. муундары) орус тилин терең үйрөнүүгө мажбур болгон. Ал турсун жаштыгыбызда орус тилин өзүбүздүн экинчи эне тилибиз деп окутушту. Ошого ынандырышты, тарбиялашты. Ишендик, биротоло болбосо да, кайсы бир деңгээлде кабыл алдык. Жакшы окутат деп балдарыбызды орус мектептерине бердик. Ал дагы кашкайган чындык. Ошентип, биздин муун орус тилинде шар окууга, сүйлөөгө үйрөндү. Туурасы, анча дале кыйналбадык, мурдагы союздун кайсыл жерине барбайлы, кайсыл окуу жайында окубайлы аксабадык. Эч бир улуттан калышпадык. Дээринде барлар керек болсо орус тилдүүлөрдөн да жакшы окуп, терең билим алуу менен алардан да бийик жеңиштерге жетише алды. Кыскасы, илимдин кайсыл тармагын албайлы орус тилинде эле окуп үйрөнүп, кыргызча адабияттарга анча таңсык болбодук. Бирок эгемендүүлүк келгени тил маселесине башкача көңүл бөлүнүп эне тилибиздин аброюн көтөрүү максатында мамлекеттик атап, орус тилин таптакыр четке кагып керексиз, жараксыз кылып таштадык.

Орто мектептердеги орус тили сабагы кыскарып, көпчүлүктүн шарданы менен окуучулардын да тил үйрөнүүгө

болгон кызыгуусу өчө баштады. Ал турсун жогорку окуу жайларындагы фундаменталдуу, коомдук илимдер боюнча лекциялар да кыргыз тилинде окулуп, адатыбызча ураалаган бойдон бир беткейлик компанияга аралашып кеттик. Кыргыз тилинде окуу китебин же окуу куралдарын түзүүгө эч ким киришпеди.

Натыйжада эмне болду? Студент жаштарыбыз эне тилибизде коомдук, анын ичинде педагогика, психология багытында эч бир адабияттын жоктугунан мугалимден уккан лекция менен гана чектелип, аны да жөндөп жаза албагандыктан, алапайын таппай көзүн жалжылдатып олтуруп калды. "Окубайсың, билбейсиң" деген зекүүнү уккан студент менталитетибизге ылайык "эмнеден окуймун?" деп каяша сүйлөөгө кудрети жетпеди. Бир-эки адабияттарды атасаң "кыргызчасы жок беле?" деген аянычтуу, боор ооруй турган суроо салып тим болду. Мына бүгүнкү кыргыз группаларындагы студенттердин абалы.

Москва, Алмата, аяк-быяктан чогулткан китептерибиздин баары орус тилинде. Кыскасы, окутуучулардын да, студенттердин караманча айласы кетип, алакан жайып олтуруп калган учуру. Бул ахыбал бир топко созулчудай.

Ырас, турмуш зарылдыгы орус, англис тилдерин терең үйрөнүүгө алып келет. Бирок ага чейин бул туңгуюктан чыгыш үчүн жогорку окуу жайларындагы мен илимпоз, окутуучумун деген ар бир адис өз предмети боюнча жок дегенде лекциялар курсун кыргыз тилинде жазып чыкпасак болчудай эмес. Ошондуктан бул окуу куралы – убактылуу болсо да мугалимдик адистиктеги студенттерге, жаш окутуучуларга жардамы тиер деген ишеничте жазылган алгачкы эмгек.

Негизги педагогикалык эрежелер, ойлор орус авторлоруна таандык. Мазмуну билим берүүнүн мамлекеттик стандарттын талабына ылайык болсо да, айрым түйүндүү маселелер улуттук өзгөчөлүктөргө, элдик педагогикага негизделип, жергиликтүү материалдар, студенттердин мугалимдик кесипке байланыштуу жазган сочинениелериндеги мисалдар менен жабдылды. Практикада көп пайдаланылган айрым терминдер которулбастан берилгени менен анын сүйлөмгө тиешелүү маанисин аягындагы түшүндүрмө сөздүктө чечмелөөгө аракеттендик.

# I бап

# Педагогикалык кесип, аны өздөштүрүү структурасы

## §1.1 Педагогикалык кесипке киришүү предметинин максаты жана милдеттери

Кечээ эле мектеп окуучулары болгон силер, биринчи курстун студенттери үчүн, мугалимдин ишмердүүлүгү жакындан тааныш сезилет. Мына бүгүн өзүңөр тандап алган мугалимдик кесипке ээ болуунун алгачкы кадамын баштап отурасыңар. Ар бир адам төрөлгөндөн кеңири шык, мүмкүнчүлүктөргө ээ, бирок алар конкреттүү ишмердүүлүктө гана жөндөмдүүлүккө айланат.

Түрдүү багыттагы, адистиктеги окуу жайлары Республикада бир топ. Алардын арасынан өзүбүз кызыккан, мүнөзүбүзгө, шыгыбызга жараша кесипти берүүчү окуу жайын тандаганыбыз оң. Ошондо гана ар бирибиздеги табигый жөндөм практика жүзүндө толук ачылып, коомго чоң пайда келтирүү менен эмгегибиздин натыйжасына, үзүрүнө кошо руханий рахат ала алабыз.

Адистикти туура тандап алуу - маанилүү жана татаал социалдык процесс. Мүмкүн адамдын жөндөмүнө шайкеш келе турган кесипти алдын ала божомолдоп билүүгө боло турган илимий методикалык ыкмалар иштелип чыга турган мезгил да келээр. Азырынча көпчүлүк жаштар кесип тандоодо кызыгуусуна, ата-энесинин, жоро жолдошторунун же улуулардын кеңешине таянат эмеспи. Силердин мугалимдик, педагогдук кесипти тандап алууңарга да кандайдыр бир негиз болсо керек.

Студенттердин дилбаяндарынан мындай мисал келтирели: “Биринчи мугалимиме көптөн-көп ыраазымын. Себеби “А” тамгасын үйрөтүп, жакшы тарбиялаганы үчүн мектепти ийгиликтүү аяктап, ошол эжекемдей болсом деген ниетте ушул университетке тапшырдым. Аны өмүрүмдүн аягына чейин эч качан эстен чыгарбай сыйлайм жана урматтайм” (21).

“Менин эжекем, - ай десе ай, күн десе күн..., сулуу, назик, боорукер, ... козуларым, улактарым келдиңерби”,-

деп тосуп алчу. ... Педагогикалык кесипти тандап алгандыгыма биринчи мугалимим себепкер... Ал эжекемдин ар бир алтын сөздөрү дале кулагымда ...". Мындай мисалдар абдан көп учурайт. Арасында эжекесине арнап жазылган төмөнкүдөй ыр саптары да кезигет:

Ак мектеп босогосун баскан күнү,
Мээримдүү эжекебиз тосуп алып.
Ошондон ушул күнгө биз келебиз,
Билим үчүн ийне менен кудук казып (21).

Биз жыйнаган материалдар көрсөткөндөй баарынан да биринчи мугалим эч качан унутулбай , окуучуга чоң таасир этип, түбөлүктүү элес калтырат экен.

Бирок арасынан "мугалим болууну каалаган эмес элем, тагдыр ушундай болуп калды" дегендер да жок эмес. Аларга: "Кеч болуп кала электе башка адистикке кетип кал", - дегенден башка кеңешибиз жок. Чындыгында, өмүр бою өзүн да, балдарды да кыйнагандын пайдасы не. Кантсе да, көпчүлүгүңөр аруу тилек, жакшы максат коюп келгенсиңер.

Артыңарга кылчая карап, окуучулук күндөрдү, окуткан эже, агайлардын элесин, алардын өз милдетине, окуучуларына жасаган мамилесин, сүйлөгөн сөздөрүн, баскан турганын, ал турсун бой турпатын, кыймыл - аракетин көз алдыңарга келтиргилечи. өзүңөр ошол жакшы көргөн, сыйлаган эже - агайларыңардай боло аласыңарбы? Эмне үчүн кээ бир агай-эжелерди сыйлап алардын предметин жакшы окууга тырышсак, кээ бир сабактарга кош көңүл (эже-агайларга ат коюп, аларды тоготпой) мамиле жасадык? Кээ бир сабактарга үзбөй катышып, айрым биринен качып кетчүбүз. Алардын себеби, сыры эмнеде?

Ушул кесипти тандап алган соң, өзүбүз сыйлаган инсандардай боло алабызбы? Мугалимдик кесиптин маңыз - маанисин толук билебизби? Мугалим болуш кыйынбы же оңойбу? Дегеле бул кесипке жарайбызбы, кантkende инсан жакшы адис боло алат?

Ушул, жана толгон-токой башка суроолордун үстүндө ой толготуп сөз кылмакчыбыз. Чындыгында силер тандап алган мугалимдик кесип, ардактуу жана жоопттуу. Чех элинин педагогу Я.А.Коменский айткандай "Күн алдында мугалимден артык эч бир кызмат жок"(14,44). Анткени коом ага жаратылыш жаратkandардын ичинен эң татаалы,

эң баалуусу болгон - адамды өстүрүү, тарбиялоо милдетин жүктөп жатпайбы. Ошондой жооптуу мугалимдик кесипке педагогикалык атайын жана жогорку окуу жайлары даярдайт. Андагы окутуу, тарбия процессинин уюштурулуш формалары жана методдору, студенттерге коюлган талаптары мектептен кескин айырмаланат. Натыйжада жогорку окуу жайынын билим берүү формасына өтүү, кечээги мектеп окуучулары үчүн бир топ кыйынчылыктарды туудураары шексиз.

Аны студенттер өздөрү да жакшы түшүнүп: "ушул адистикке киргениме аябай-аябай кубанычтамын. Бирок мен айылдагы мектепте орто эле окугамын. Бул жерге кантип көнүп, кандай окуп кетээримди билбейм", -деп санааркашат (21).

"Педагогикалык кесипке киришүү" курсу – бир жагынан алардын жаңы шартка тезирээк көнүп кетүүсүнө жардам берсе, экинчиден студенттин келечектеги ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү, жогорку квалификациялуу адиске коюлуучу талаптар жөнүндө маалымат берет.

Предметтин негизги максаты - биринчи курстун студенти үчүн болочок кесибине акыл калчап, туура ой жүгүртүүсүнө таасир этүү менен жогорку окуу жайынын шартына, турмушуна, психологиялык жактан ыңгайлашуусуна жардам берүү.

Предметтин ***милдеттерине*** төмөндөгүлөр кирет:

1) Тандаган адистигинин мазмуну, өзгөчөлүктөрү жана коомдогу орду тууралуу жалпы түшүнүк берүү.

2) Келечектеги мугалимдин маданиятын, эрудициясын өстүрүү жана студенттин укук, милдеттерин кесипке ээ болуу маселелери менен бирдиктүү байланышта кароо.

3) Студенттердин педагогикалык кесипке көздөгөн чыгармачыл, активдүү аракетин калыптандыруу.

4) Адистиктин бекем базасын түзүүдө студенттин аудиториялык, өз алдынча ишмердүүлүгүнө көмөк берүүчү рационалдуу форма, методдор менен тааныштыруу.

5) Окуп жаткан жогорку окуу жайынын тарыхы, салты, структурасы, республиканын билим берүү системасындагы орду жана окуу процессинин уюштурулушу жөнүндө маалымат берүү(8,6).

Тажрыйба көрсөткөндөй биринчи курстун студенти үчүн жогорку окуу жайынын шарт - талабына ыңгайлашып,

көнүп кетишине бир топ убакыт кетет. Бирок ошол окуу жайынын негизги эрежелери, өзгөчөлүктөрү менен студент канчалык тез таанышса, окуган предметтерин жакшы өздөштүрүүсүнө мүмкүнчүлүктөр ошончолук тез түзүлөт.

Биздин курстун ушул максаты адаптация (көнүп кетүү) мезгилин тезирээк жана натыйжалуу өтүүсүнө жардам берүү болуп саналат.

Адисти даярдоо сапаты, анын билим деңгээли окуу процессинин уюштурулушуна, окутуучулардын чеберчилигине жараша болгону менен көбүрөөк студенттердин өздөрүнөн көз каранды. *Мектептен айырмаланып университеттерде окутат эмес, окуганга жардам берет.* Андыктан, адам өзү аракеттенгенде гана ага жардам берүү бир кыйла жеңил да, натыйжалуу да. Муну көкүрөккө бек түйүп, эсиңерден чыгарбагыла.

Демек, студенттин окуудагы ийгиликтери жогорку окуу жайдын шартына канчалык тез ыңгайлашып, билим алуунун жаңы методдорун ыкчам үйрөнүп, аны канчалык деңгээлде чыгармачылык менен түздөн-түз байланышта ишке ашыра билишинде. Так ушундай кырдаалда гана жогорку окуу жайы өзүнүн келечекте мыкты адистерди даярдоо, аларды бүгүнкү күндүн талабына ылайык терең профессионалдуу билим, илим, компьютердик технологиянын жетишкендиктери жана адистик ык, көндүмдөр менен куралдандыруу милдетин толук аткара алат.


## §1.2 Педагогикалык кесипти өздөштүрүү структурасы жана мазмуну

Азыркы учурда мугалимдик кесипке, анын ишмердүүлүгүнө коюлган коомдук талаптар менен педагогикалык жогорку окуу жайларын бүтүрүүчүлөрүнүн адистик деңгээлинин ортосундагы карама-каршылыктар улам тереңдеп баратат. Буга, билим берүүдөгү сапаттык эмес сандык жагынан кеңейүү багыты негизги себептердин бири болду жана ал мугалимдин коомдон, улуттук маданияттан, мектеп менен окуучудан алыстап калуусуна алып келди. Натыйжада педагогикалык кесиптин социалдык статусу жана бедели төмөндөп, мугалимди даярдоо системасы менен коомдук талаптын ортосунда дал келбөөчүлүк улам даана байкалып, билим берүү маселеси курчуй баштады(28, 59).

Мындай көрүнүш мурдагы СССРдин курамындагы республикалардын дээрлик бардыгынан учурайт. Ошондуктан, орун алган карама-каршылыктарды, кемчиликтерди жоюу максатында педагогикалык билим берүүнүн структурасы, мазмуну жана уюштуруу формалары менен байланышкан бир топ маселелерди чечүү зарылдыгы келип чыкты. Бул багытта Россиянын билим берүү тармагы бир топ реформалык иштерди жүзөгө ашырууда. Албетте, анын таасири Кыргызстанга да тийбей койгон жок. Буга биздин билим берүү системабыздын түпкү негизи Россия менен тыгыз байланышта калыптангандыгы биринчи себеп болсо, экинчиси жогорку окуу жайларыбыздын программалары дүйнөлүк стандарттын талабына толук жооп берип, бүтүрүүчүлөргө берилген диплом эл аралык рынокто жарамдуу болушу керек эле.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда педагогикалык жогорку билим берүү системасы көп баскычтуу структурадан турат. Анын максаты личносттун жана коомдун көп кырдуу маданий, билимге болгон мүдөөлөрүн канааттандыруу, экономика жана эмгек рыногунун талаптарынын дайыма өзгөрүп турuусун эске алуу менен билим берүү чөйрөсүндө адисти жалпы жана илимий жактан даярдоонун ийкемдүүлүгүн жогорулатууда окуу жайларынын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү болуп эсептелет. Структурага ылайык педагогикалык билим алуу, адис катары калыптануу жана кесипке ээ болуу түрдүү деңгээлде, тиешелүү программаны өздөштүргөнгө жараша болот.

Педагогикалык жогорку билим берүү структурасы жалпысынан төмөндөгүдөй схемада түзүлөт.




Педагогикалык билим берүүгө көп баскычтуу структуранын киргизилиши анын мазмунун терең өзгөртүп, жаныртуу милдетин биринчи катарга койду жана ал өз ара байланышкан 3, 4 блоктордон туруп, ар бир адистиктин өзгөчөлүгүнө жана түзүлгөн окуу планына ылайык бөлүнөт.

Бирок жалпы жонунан окулуучу предметтерди 4 блокко бөлүп караса болот.

1. ***Жалпы гуманитардык, табигый жана социалдык экономикалык*** предметтер окуу планынын 26 % түзөт. Анын негизги максаты келечектеги мугалимдин дүйнө таанып-билүү көз карашын өнүктүрүү, адистик жана турмуштук жолун туура аныктоого шарт түзүү менен катар мугалимди жалпы адамгерчилик маданиятка, түрдүү тилдер жана искусство дүйнөсүнө аралаштырат.

2. ***Психологиялык – педагогикалык*** блок, окуу саатынын 16 % түзөт да, мугалимдин педагогикалык мүдөөсүн, аң - сезимин өстүрүүгө, педагогикалык ишмердүүлүгүндө айкын байкалган аналитикалык, проектилик жана рефлексивдик шыктарын өнүктүрүүгө багытталат.

3. ***Атайын кесиптик же предметтик*** блок, окуу саатынын 53 % түзүп, жалпы адамзаттык маданияттын бөлүгү жана окуучунун инсандык өнүгүшүнүн каражаты

болуп эсептелген конкреттүү илим, билимдердин мазмунун ачууга багытталат. Башкача айтканда адистигине жараша негизги кесиптин билим берүүчү окуу предметтерин өз ичине камтыйт. Мисалы: математик мугалими адистигинде окуган студенттер үчүн математика предметтери, тил адистигинде окуган студенттер үчүн тилге байланышкан предметтер басымдуу орунду ээлейт.

4. Жогорку окуу жайлары ***адис даярдоо*** спецификасына жараша өз алдынча киргизген ***предметтердин*** көлөмү 5 % жакын болот.

## §1.3 Студенттин милдеттери жана укуктары

**Жогорку окуу жайынын студенттеринин милдеттери:**

а) тандап калган адистиги боюнча системалуу жана терең практикалык, теориялык билимге ээ болууга;

б) окуу планында, программасында каралган бардык тапшырмаларды аткарууга жана сабактарды себепсиз калтырбоого;

в) коомдук, пайдалуу иштерге активдүү катышууга;

г) жогорку окуу жайынын ички эрежелерин сактоого жана талаптарын аткарууга;

д) аудиторияга окутуучу киргенде тике туруп саламдашууга;

ж) коомдук, мамлекеттик мүлккө аяр мамиле жасоого;

е) имаратта жана башка коомдук жайларда өзүн тыкан алып жүрүүгө жана тазалык, тартипти сактоого.

Студенттин укуктарына негизинен төмөнкүлөр кирет:

а) китепкана, окуу залдарынан пайдалануу.

б) мыйзам алкагындагы коомдук уюмдарга мүчө боло алуу.

в) мамлекеттик документ, эреже, жоболордун чегинде башка адистиктерге которулууга, окуудан четтетилген учурларда кайрадан калыбына келтирилүү.

г) түшүнбөгөн бардык суроолор менен окутуучуларга, кураторго, деканат ж.б. жогорку органдарга кайрылуу.

Албетте, студенттик турмушта түрдүү кырдаалдар, түшүнүксүз маселелер өтө эле көп. Студенттик жатакана,

китепканалардын белгилүү эреже, жоболору бар. Ошондуктан, студент өз укугу жана милдети жөнүндө мыйзамдуу, канааттандыраарлык жоопторду алышы үчүн тийиштүү адистерге, кайрылуусу эң туура болот. Кыргыздарда: "өзүң билбе, башкалардан сураба", - деген катуу сөзү бар. Сурап билгендин эч убакта уяты жок экендигин унутпа.

**Зачеттук китепче.** Жогорку окуу жайына жаңыдан кабыл алынган ар бир студентке белгиленген үлгүдөгү зачеттук китепче (студенттер "зачетка" дешет) берилет. Андагы жазуулар эреже катары мамлекеттик тилде жүргүзүлөт. Зачеттук китепче бир гана жолу берилип, окуу мөөнөтүнүн аягына чейин студенттин негизги документи катары кызмат өтөгөндүктөн көздүн карегиндей сакталууга тийиш. Ага ЖОЖдун проректорунун, факультеттин деканынын колдору коюлуп, студенттин сүрөтү жабыштырылган жерге окуу жайынын мөөрү басылат.

Зачеттук китепчеге бүткүл окуу жыл аралыгындагы билими тууралуу баалар, зачеттор, өндүрүштүк практикалардын жыйынтыктары, дипломдук жумуштардын жана мамлекеттик аттестациялардын (экзамендердин) баалары коюлуп, экзаменаторлордун өз колдору менен тастыкталат. Эреже катары сынактарга (экзамен, зачетторго) зачеттук китепчесиз кирүүгө студенттерге уруксат берилбейт. Зачеттук китепчедеги бардык жазуулар окутуучу тарабынан гана так, даана жазылып, ондоолорго тыюу салынат. Бузулуп калган учурларда окутуучу ондолгонун өз колу менен ылдый жагында тастыктайт.

Белгилей кетчү нерсе, зачеттук китепчеге студент тарабынан ондоолорду киргизүү же кандайдыр бир кошумча нерселерди жазуу кылмыш катары эсептелип, каттуу жазаланат.

Жылына эки жолу зачеттук китепчелерге ревизия (текшерүү) жүргүзүлүп, курстан-курска көчкөндүгү тууралуу печать (штамп) басылып турат.

Окууну аяктаган студент толтурулган зачеттук китепчени деканатка тапшырат, анын негизинде "диплом ыйгарылды" деген жазуу түшүрүлүп, студенттин биринчи курста тапшырган өздүк делосу менен кошо архивде бир топ жыл, керек болсо адам өмүрүнөн узак мөөнөткө чейин сакталат.

Албетте, ар кандай себептер менен зачеттук китепче жараксыз болуп, же жоголуп кетиши ыктымал. Мындай учурларда студентке жаза колдонулат, аны калыбына келтирсе болот, бирок машакаттуу, көп убакытты талап кылган жагымсыз процесс экендигин эстен чыгарбоо керек.

Демек, ушунчалык маанилүү документ болгон соң студент өз зачеттук китепчесине аяр мамиле жасоого милдеттүү.

Окуу жайы кабыл алган буйруктун негизинде ар бир абитуриентке анын ким экендигин күбөлөндүргөн *студенттик билет* тапшырылат. Ал да бир жолу, окуу мөөнөтүнүн аягына чейин берилет. Студенттик билетте ээсинин сүрөтү, аны тастыктаган окуу жайынын мөөрү жана ректордун колу болот. Билет жоголуп кеткен учурларда студентке жаза колдонулуу менен көчүрмөсү берилет.

### Теманы өздөштүрүү үчүн жетектөөчү суроолор жана тапшырмалар

1. "Педагогикалык кесипке киришүү" предметинин педагогика курсунун башка бөлүмдөрүнөн айырмаланган максатын жана милдеттерин эсепте.

2. "Университеттерде окутат эмес, окуганга жардам берет," - дегенди кандай түшүнөсүн?

3. Бүгүнкү Кыргызстанда билим берүүнүн структурасынын көп баскычтуулугунун негизги себеби эмнеде?

### Билимди текшерүү үчүн тест суроолор

Педагогикалык кесипке киришүү предметинин максаты, милдеттери. Туура эмес жообун тап.

1. ЖОЖдун шартына, талаптарына тезирээк ыңгайлашуусуна, келечектеги адистиктин маанисин, коомдогу ордун туура түшүнүүсүнө жардам берүү.

2. Мугалимдик кесипке зарыл окутуу жана тарбиялоонун методдорун, ыктарын үйрөтүү менен кошо педагогикалык чеберчиликти калыптандыруу.

3. Студенттердин аудиториялык, өз алдынча ишмердүүлүктөрүнө жардам берүүчү форма, методдор менен тааныштыруу.

4. Келечектеги мугалимдин педагогикалык маданиятын өстүрүү, студенттин укук, милдеттери менен тааныштыруу.

5. Окуу жайынын тарыхы, салты, структурасы, окуу процессинин уюштурулуш өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат берүү.

Кыргызстанда жогорку билим берүү структурасынын көп баскычтуулугунун негизги себеби эмнеде?

1. Коомдогу экономика жана эмгек рыногунун талаптарынын дайыма өзгөрүп турушу.
2. Түрдүү илимий деңгээлдеги адис даярдоо ийкемдүүлүгүн жогорулатууда ЖОЖдорго мүмкүнчүлүк берүү.
3. Кыргызстан эгемендүү мамлекет болгондуктан каалагандай структураны кабыл алат.
4. Бардык үч варианты тең туура.
5. Биринчи, экинчи варианты гана туура.

# II бап

# Педагогикалык жогорку окуу жайы, андагы окуу жараянынын уюштурулуш өзгөчөлүктөрө

## §2.1 Педагогикалык жогорку окуу жайларынын түзүлүшү

Педагогикалык ЖОЖдор башка окуу жайлары сыяктуу эле өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлиги тарабынан бекитилген жоболорго, эрежелерге жана өкмөттүн билим берүү багытындагы расмий документтерине таянат.

Жогорку окуу жайынын башында ***Ректор*** турат. Бул кызматка "Билим берүү жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (13.05.03) ылайык окуу жайдын профессордук–окутуучулук курамынын жалпы чогулушунда тиешелүү профилде жана квалификацияда окумуштуулук даражасы бар адистердин ичинен жашыруун добуш берүү менен альтернативалуу негизде 5 жылдык мөөнөткө шайланат жана министрлик тарабынан бекитилет.

Ал окуу жайындагы бардык иштерге: материалдык базадан тартып, окуу, илим, студенттердин тартиби, жашоо шартына чейинки уюштуруу, аткаруу иштерин жетектейт жана жүзөгө ашырылышына көзөмөл жүргүзүү менен тикеден тике жооп берет.

Ректордун окуу, илим, сырттан окуу, чарба жана тарбия иштерин жүргүзүү боюнча орун басарлары болот. Аларды өз багыттарына карата ***проректорлор*** деп аташат. М: Окуу иштери боюнча проректор, сырткы бөлүм боюнча проректор ж.б.

Окуу жайы өзүнүн материалдык-техникалык базасына, окутуучулук-профессордук кадрларына таянуу менен адистиктерди ачып, факультеттерди уюштурат. М: кыргыз филологиясы факультети, педагогика жана дене тарбиясы факультети ж.б.

Факультеттеги жалпы окуу - тарбия, уюштуруу, көзөмөлдөө иштерин ***декан*** жүргүзөт. Аны факультеттин жамаатынан түзүлгөн Окумуштуулар кеңеши беш жылдык мөөнөт менен жашыруун добуш берүү аркылуу шайлашат.

Декандын ошол факультеттеги студенттерди курстан – курска көчүрүү, экзамен, зачетторго уруксат берүү, стипендия ыйгаруу, тартиби, жетишүүсү начар студенттерди окуудан чыгарууга чейинки чараларды көрүүгө укугу бар. Декандын да окуу, тарбия жана илим иштери боюнча орун басарлары болот. Алар шайланбайт, декандын жолдомосу жана ректордун буйругу менен дайындалат, мөөнөтү расмий документтерде көрсөтүлгөн да, чектелген да эмес.

Факультеттеги негизги структуралардын бири болуп **кафедра** эсептелет. Башында факультеттин Окумуштуулар кеңешинде жашыруун добуш менен шайланган профессорлор же тажрыйбалуу, илимий даражалуу доценттер турат. Кафедра бир, же жакыныраак бир нече дисциплиналарды өзүнө камтып, ошол багытта окутуу, илимий-методикалык, изилдөөчүлүк иштерди алып барат.

Жогорку окуу жайындагы бир нече факультеттерде окуу-методикалык иштерди жүргүзгөн кафедраларды жалпы, коомдук деп аташат. М: дене тарбиясы, социология жана политология кафедралары.

Жогорку окуу жайлары үчүн 1937-ж.баштап төмөнкүдөй кызмат орундары бекитилген: профессор (эреже катары илимдин докторлору үчүн), доцент (эреже катары илимдин кандидаттары үчүн), улук (ага) окутуучу, ассистент (окутуучу), кабинет башчысы, улук (ага) лаборант, лаборант. Албетте, убакыттын өтүшү, коомдун өзгөрүшү, жаңы технологиялардын окуу процессинде орун алышына байланыштуу жаңыча аталыштар менен жаңы кызмат орундары, наамдар пайда боло баштады. М: ардактуу профессор, программист, оператор ж.б.

Ар бир жогорку окуу жайынын алдында жана факультеттерде Окумуштуулар кеңеши түзүлөт. Университеттин кеңешинин курамына ректор, проректорлор, декандар, көрүнүктүү профессорлор, доценттер жана коомчулуктун өкүлдөрү кирет. Ал студенттерге билим, тарбия, кесипке даярдоо ж.б. уюштуруу маселелерин чечүүдө окуу жайынын жамаатынын ишмердүүлүгүн бир максатка бириктирүү менен айрым эрежелерди кабыл алуу, кызматкерлерди алмаштыруу, дайындоо укугуна ээ болгон ЖОЖ дун эң жогорку органы болуп эсептелет.

Илимий китепканасы
41315/39

Ал эми факультеттин Окумуштуулар кеңешин декан, аны орун басарлары, кафедра башчылары, коомдук уюмдун өкүлдөрү түзөт. Ал факультеттеги окуу – тарбия иштерин багыттап, отчетторун угуп, көзөмөлдөп турат. Ошондой эле кафедра башчыларына, доценттик, окутуучулук, ага окутуучулук бош орундарга конкурс жарыялайт жана жашыруун добуш берүү менен аларды шайлайт. Демек, факультеттин жогорку органы болуп эсептелет.

Белгилей кетчү нерсе ЖОЖдогу кызмат орундарынын дээрлик баарына конкурстук негизде жашыруун добуш берүү менен шайланышат. Башкача айтканда ЖОЖдор - республикадагы демократиялуу, цивилизациялуу мекемелерден десек болот.

## § 2.2 Окуу сабактарынын негизги түрлөрү

Педагогикалык жогорку окуу жайларында окутуу иштерин уюштуруунун төмөнкү формалары милдеттүү болуп эсептелет: *лекция, семинардык, лабораториялык, практикалык сабактар, реферат, курстук, дипломдук иштерди жазуу, консультация, зачет, экзамендер*. Окутууда РИТМ системасы колдонулган окуу жайларында *модуль* тапшыруу да акыркы жылдарда кеңири орун ала баштады.

Болочок мугалимди профессионалдык жактан адистикке даярдоодо жогорудагылардын ар биринин өз орду бар жана алардын мазмунуна, ролуна токтоло кетели.

***Лекция*** - жогорку окуу жайында окутуунун өзгөчө жана негизги түрү болуп эсептелет. Студенттин акылына, жүрөгүнө жана эркине таасир этүүдө биринчи орунду ЖОЖдун лекциясы ээлейт. Ал ушул аудитория үчүн атайын даярдалган билимдердин системасы менен илимий-педагогикалык ой жүгүртүүнү бириктирип турат.

Лекция - окуу китебинин мазмунун айтып берүү эмес, студент окуп үйрөнүүчү материалдарга багыт берүүчү, жол көрсөткүч десек туура болчудай. Лектор эч убакта программада каралган материалды толук камтып маанисин ачып бере албайт. Ага убактысы да, мүмкүнчүлүгү да жетишпегендиктен, түйүндүү, курч маселелерге гана токтолот.

Лекцияда окутуучу гипотеза (илимий божомол) сунуштап, айрым маселелерге токтолуу менен анын илимий жана

практикалык жактан чечилүүчү жолдорун гана көрсөтүшү мүмкүн. Башкача айтканда лекция материал менен жалпысынан тааныштырып, окуу программасындагы татаал бөлүктөрдү үйрөнүп билүүгө жардам берет (8,42).

Лекциянын мазмунун теманын ичинен атайын иргелип алынган ойлордун өзөгү түзөт, аны студент өздөштүрүп алуусу зарыл.

Лекция - жөн эле маалымат берүүчү процесс эмес, ал студент менен окутуучунун мамилелешкен, биргелешкен ишмердүүлүгү. Ошондуктан, лекцияны жогорку окуу жайында окутуунун башка формасы менен алмаштырууга азырынча мүмкүнчүлүк болбой жатат. Лекцияны окуу жана аны угуу - лектор үчүн да, студент үчүн да нары татаал, нары түйшүктүү жумуш. Лектор чындыгында бир эле учурда үч ролду аткарат: окумуштуу, педагог жана оратор. Практикада көп кездешчү бир терс көрүнүш бар: ораторлук роль кээде педагогдук жана окумуштуулук жагын басып түшөт, же тескерисинче. М: кээ бир лектор чечендикке салуу менен күлкүлүү мисалдарды келтирип, аудиторияны өзүнө тартып, сабакты жандуу, кызыктуу өткөндөй болот. Бирок жыйынтыгында материалдын негизги ою, өзөгү студенттерге толук жетпей калат. Сурап келгенде студенттин эсинде кызыктуу мисалдан башка эч нерсе жок. Же тескерисинче эрежелерди, жоболорду так, материалды толук жеткизүүгө далалат жасоо менен лектор студенттерди чарчатып алат, сабактын жандуулугу төмөндөйт.

Бул бири-бирине карама-каршы, бирок дайыма кошо жүргөн проблеманы чече билип, сабакта экөөнү тең кошо жетелеп кетүү, лектордон бир топ тажрыйбаны жана чеберчиликти талап кылат.

Лекциянын жүрүшүндө окутуучу нерв жана акыл күчүн көп сарптаган менен студентке караганда бир кыйла утушка ээ болорлук абалда турат. Анткени активдүү иштеп жаткандыктан, ал үчүн убакыттын өткөнү сезилбейт. Ал эми студент болсо дээрлик кыймылсыз абалда лекцияны кабыл алып, анализдеп, маанилүү жерлерин белгилеп жазып 80 минутту өткөрүш керек. Албетте, кечээ эле мектеп партасында отуруп 40-45 минуттук убакта, таптакыр башка формада сабак өтүүгө көнүп калган биринчи курстун студенти үчүн бул түйшүктүү иш.

Орустун улуу педагогу К.Д.Ушинский жазгандай "кыялдануу ар дайым жеңил жана жагымдуу, бирок ойлонуу оор". Даярдыгы жок, көңүл буруу жөндөмдүүлүгү калыптана элек студент үчүн лекция - суз, көңүлсүз, монотондуу ал турсун тажатмадай сезилет. Ошондуктан, студент өзүн сабакка даярдап, лектордун оюна баам салып, материалдын негизги жерлерин бөлүп, акылынын тереңине чөгөрүү менен эске тутуп алууга аракеттенбесе дегеле майнап чыкпайт.

Илимде айтылгандай башка бирөөнүн сүйлөп жатканына көңүл бөлүү, угуу жана ынанып эске сактап калуу сапаты бала кезден калыптанып, баарында эле боло бербейт. Чындыгында, лекцияда үргүлөп уктап, же жазымыш болуп, ою башка жакта чабыттап жүргөндөрдү көп эле байкайбыз. Бекеринен кыргыз элинин педагогикасында бирөөдөн уккандарын көкүрөгүнө сактап, эске тутуп калгандарды "куйма кулак" аташып, жүз айтсаң да натыйжа бербегендерди "кум кулак" дебесе керек. *Жыйынтыктап айтканда, жогорку окуу жайдын лекциясын билим алууга ынтызар, окууга аң-сезимдүүлүк менен мамиле жасаган, активдүү, аракетчил, тырышчаак студент гана өздөштүрө алат.*

Студенттер арасында лекцияда конспект жазыш керекпи же жазбай койсо деле болобу деген суроо туулушу мүмкүн.

Юридикалык жактан алганда студент лекция учурунда сөзсүз конспект жазууга милдеттүү деген официалдуу жобо же талап жок. Бирок тажрыйба лекцияны конспектилөө зарыл экендигин тастыктайт. "Жазган эки жолу окуганга тете," – деп бекеринен айтылбаган. Лекцияны жазуу менен студент бир эле учурда: угат, жазат, анализдейт, ой жүгүртүүгө машыгат б.а. анын бир канча анализаторлору ишке киришет. Мындай комплекстүү ишмердүүлүк окуу материалын жакшы өздөштүрүүгө жана студенттин илимий ой жүгүртүүсүнүн интенсивдүү өнүгүшүнө жардам берет.

Лекция көбүнесе бир нече группаларды бириктирүү менен окулат. Кээде жүз, же андан ашык да студенттер бир аудиторияда чогуу лекция угушу мүмкүн. ЖОЖ дун бул өзгөчөлүгүнөн кээ бир студенттер туура эмес пайдаланышат. М: башка иш менен алек болушу, же жөн эле чийме-

леп олтурушу мүмкүн. Муну менен студент окутуучуну эмес өзүн алдап, кайталангыс алтындай мүнөттөрдү текке кетирип жаткандыгын түшүнбөйт.

Кээ бир окутуучулар студенттердин конспект жазуусун катуу көзөмөлгө алып турат. "Кааласаң жаз, каалабасаң өзүң бил, мага эмес, өзүңө зыян," - деген көз караштагы лекторлор да жок эмес. Бири - бирине кайчылаш бул эки методдун кайсынысы пайдалуу экенин баалоону студенттердин жана ошол окутуучулардын өздөрүнүн эркине койсок.

Биринчи жана экинчи курстун студенттерине лекция жөнөкөйүрөөк жана жеткиликтүү болуп окулат. Айрыкча биринчи курстун студенттерине лекция жазуунун ыкмасы, методикасы менен тааныштырып, өтүлүп жаткан окуу материалынын эң маанилүүсүн кыскача конспектилөөгө мүмкүнчүлүк берилиши зарыл. Лекция окулуп жаткан учурда окутуучунун бир эле айткан сөзүн ар бир студент ар башка кабыл алып, өзү түшүнгөндөй жазышы мүмкүн.

Кээде лектор бир ойду өтө эле майдалап, кайра-кайра кайталоо менен теманын өзөгүн студенттерге жеткирүү аракетинде анын тегерегинде кириш сөзгө, мисалдарга көбүрөөк орун берип, айрым бир учурларда негизги ойдон алыстап кеткен учурлар да болот. Ошондуктан лекцияны конспектилөөдө лектордун айткандарын өз алдынча "редакциялоого", б.а. кеңири айтылган ойлорду, мисалдарды топтоштуруп, кыскача жазууга туура келет. Лекцияны жазууда ар кимдин жеке методикасы калыптанат. Ошентсе да, конспект жазуунун практикада көбүрөөк кездешүүчү жана максатка ылайыктуу делген бир топ түрлөрү бар, аларга токтоло кетели.

*1. Лекцияны тезис түрүндө жазуу.* Мында студент материалдын мазмунун кунт коюп угуу менен бирге лекциянын структурасын түшүнүүгө аркеттениши зарыл. Антkени студент окутуучунун лекциясына көңүлдү толук бөлүп, айтылып жаткан ойдун негизин илип алууга, анын жыйынтыкталып жатканын сезип, мазмунун **тезис** түрүндө жазууга үлгүрүшү керек. Белгилей кетчү нерсе бул ыкмада лекциядагы далилдөөлөр, келтирилген мисалдар калып калышы мүмкүн. Бирок негизги же айтылган сөздөр толугу менен аягына чейин жазылып калат.

*2. Лекцияны жалпы конспектилөө.* Бул жагдайда лектордун айткандарынын негизги жоболорун камтууга үйрөнүп, кээ бир майда тактоолорго токтолбостон, кыскача жалпы маанисин гана жазат. Мисалы, лектор окуйт: "Илим булактарына, тарыхый материалдарга таяна турган болсок, адам баласы биологиялык жаныбар катары ушул деңгээлге көтөрүлүүсү үчүн, миллиондогон жылдар өтүп, өсүп өнүгүүнүн бир топ татаал баскычтарын башынан кечирген". Жалпылап мындай жазса да болот: "Адам баласы өнүгүшүндө көп жылдарды, татаал жолдорду башынан кечирген". Эсептеп көрсөк лектор 28 сөздү айткан, аны студент 9 сөз менен жалпылап, конспектилеп алды. Б.а. лекция 3 эсеге кыскартылды.

Автордун жеке оюу боюнча конспектини кайрадан толуктап жазып чыгуунун практикалык зарылдыгы деле жок жана артыкча жумуш. Бирок аны китептеги материал менен салыштырып, окуп, кээ бир жерлерин белгилеп, бир сыйра сөзсүз үн чыгарып кайталап толуктоо, студент үчүн өтө маанилүү жана пайдалуу экендигин белгилеп кетмекчибиз.

Көңүл бурарлык бир нерсе, көпчүлүк лекторлор интонациясы, же өзүнө анчейин байкалбаган "кайталанма" сөздөрү менен (М: жыйынтыктап айтканда, ошентип, белгилей кетчү нерсе, жалпысынан алганда ж.б.) лекциянын орчундуу жерине басым жасайт. Демек, студент ушул учурду туура пайдалануу абзел.

*3. Кыскартып жазуу.* Ар бир предметтин мазмунуна жараша көп колдонулуучу түшүнүктөрү, терминдери бар. Ал сөздөрдү толук жазбай эле 1, 2 тамга же белгилер менен кыскартып жазууга болот. М: педагогика илиминде: тарбия -Т; педагогика - П; инсан - И; метод-М; психология - Пс; мазмуну - Мм; окутуу ишинде - ОИ; окуу процессинде - ОП; ошондой эле - о.э; жогоркудай - ; төмөнкүдөй - ж.б.

Албетте, ар кандай белгилерди, кыскартууларды студент өз каалоосу менен пайдалана алат. Ошондой эле өзүнө гана түшүнүктүү белгилерди ойлоп табышы да мүмкүн.

Тилекке каршы, көпчүлүк окуу жайларда адабияттын жетишпегендигинен айрыкча кыргыз тилиндеги китептердин жоктугунан лекция - лекция эмес диктант формасында өтүп жатат. Билим алуунун башка булагын таппа-

ган студент жазган конспектисине гана таянып, анын мазмуну менен чектелип калууда. Демек, мындай шартта лекцияны туура пайдалануу, аны туура конспектилөө студентке эки - үч эсе зарыл жана керек.

Дагы бир токтоло кетчү нерсе лекция тез окулгандыктан, үлгүрүп калыш үчүн студент сөздөрдү сулуу, кээде орфографиялык жактан туура жаза албай калат. Ага кыжалат болуунун зарылдыгы жок. Эң негизгиси болуп - конспектинин мазмунун түшүнүү, айтылуучу ойдун өзөгүн туура кабыл алуу эсептелет (8,43).

*Семинардык сабактар* – лекция сыяктуу эле окутуунун теориялык формасына кирет. Көбүнчө коомдук предметтерде колдонулат жана лекцияда алган билимин тереңдетүү милдетин аткарат. Семинарда студент өз алдынча даярдануу менен өтүлгөн темага тиешелүү кошумча адабияттарды окуп, билимин, сөз байлыгын, илимий терминдер менен кеңейтип, өз пикирин, көз карашын бекемдөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Аны өтүүнүн ар кандай формалары жашап, ал мугалимдин тажрыйбасына, методикасына жараша болот. Семинáрда баа коюлат жана студенттин сабак учурундагы активдүүлүгү экзамен, зачет мезгилдеринде окутуучу тарабынан эске алынышы да мүмкүн.

*Лабораториялык – практикалык сабактар* – окуу ишин илимий теория менен практиканы жакындаштырып, алган билимди бекемдөөгө, жана ой жүгүртүүнү өстүрүүгө түрткү берет. Алар техникалык жабдуулар менен жүргүзүлүп калышы мүмкүн. Мындай учурларда студенттер коопсуздук эрежелери менен алдын-ала тааныштырылат.

*Консультациялар* – окуу материалдарын өздөштүрүүдө, түшүнүксүз суроолор пайда болуп калган учурларда окутуучу тарабынан студентке берилүүчү жардам. Формасына жараша консультациялар группалык, жекече ал эми мазмунуна жараша жалпы, тематикалык жана экзамен алдындагы болуп бөлүнөт.

Консультациялар пландуу, зарылдыгына ылайык плансыз, коллоквиум же аңгемелешүү формасында өтүшү да мүмкүн. Анда студент окуу, илимий адабияттар, өз алдынча иштөөнүн ыктары, доклад, рефератка коюлуучу талаптар, кыскасы түшүнбөгөн же кыйналган суроолордун баарына жооп ала алат. Кээ бир студенттер консультация-

да бир темaны толук атап, түшүнбөй жаткандыгын билдирет. Бул көрүнүш туура эмес. М: математикадан маселенин шартын окуп жатып түйүндүү сүйлөмдү түшүнбөй калышы мүмкүн; мисал иштеп жатып белгилүү бир жерден адашып калуусу ыктымал. Окутуучу ошол жерге көңүлдү топтоп түшүндүрүп, калганын өзү улап кетүүсүнө багыт берет.

Ал эми коомдук илимдерде консультация бир аз өзгөчөрөөк өткөрүлөт. М: кошумча адабиятты, идеянын өзөгүн чагылдыруучу абзацты кайталап окууну сунушташы мүмкүн. Кээде студенттин оюн толук угуп бүткөн соң окутуучу негизги, айтылбай калган ойдун маңызын өзү түшүндүрүп бериши да ыктымал. Жыйынтыктап айтканда, консультация окуу, таанып-билүү процессинде зарыл нерсе жана анын өтүлүшү мугалимдин тажрыйбасына, ыкмасына студенттин даярдыгына жараша жүзөгө ашырылат.

### §2.3. Окуу планы, семестр жана сессия жөнүндө түшүнүктөр

Жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгү окуу планына таянуу менен жүргүзүлөт. *Кесипке ылайык окутулуучу предметтердин катарын, санын, көлөмүн окуу жылына, окуу жумалыгына бөлүп экзамен, каникулдардын мөөнөтүн тастыктаган мамлекеттик документ – окуу планы деп аталат.*

Окуу пландары азыркы учурларда адистикти даярдаган факультеттер тарабынан, беш жылга түзүлүп, министрликте бекитилет. Анда жогоруда белгилеп кеткендей предметтердин аталышы, канча саат кайсыл мөөнөттө окутулушу, эмнеден экзамен же зачет тапшырыла тургандыгы көрсөтүлөт. Окуу планы бекитилген соң өзгөрүлбөйт жана ошол адистикти бүтүрмөйүнчө (беш жыл бою) күчүндө болот. Бирок иш жүзүндө кээ бир түзөтүүлөр, толуктоолор болуп калышы ыктымал.

*Семестр* - бир окуу жылынын жарымы. Ар бир окуу жылы 2 семестрге бөлүнөт, башкача айтканда баары болуп 10 семестр бар. Окуу планында жана зачеттук китепчеде семестрлер катары менен бирден онго чейин көрсөтүлөт. М: 5 – семестр үчүнчү - курстун кышкы сессиясына чейинки убакытта билдирсе, 6 - семестр ошол эле курстун жайкы сессиясы менен аяктайт.

*Сессия деп*, студенттердин бир семестр ичинде алган билимдерин зачет, экзамендер аркылуу аныктоочу *мезгилди* айтат. Сессия – бир окуу жылында кышкы жана жайкы болуп экиге бөлүнөт. Эреже катары жайкы сессияны негизги, чечүүчү деп аташат. Анткени бул мезгилде, тагырaак айтканда 15 - 20 сентябрга чейин, окуу жылы жыйынтыкталып курстан-курска көчүрүү, жетишпеген студенттерди окуудан четтетүү буйруктары чыгарылат.

### §2.4 Студенттердин өз алдынча билим алуу ишмердүүлүгү, аны калыптандыруу каражаттары

Педагогикалык жогорку окуу жайларынын маанилүү милдеттеринин бири болуп студенттердин билим алууда өз алдынча изденип, чыгармачылык менен иштей алуусун үйрөтүү эсептелет. ЖОЖдун аудиторияларында калыптанган бул сапат келечектеги мугалимдин ишмердүүлүгүндө алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды туя билип, иликтеп, өз практикасында колдонуусуна өбөлгө түзөт.

Студенттин өз алдынча иштей алуу жөндөмдүүлүгү билим алууда чечүүчү мааниге ээ. Анын деңгээлинен окутулган предметтерди терең өздөштүрүүнүн бирдиктүү процесси толук көз каранды. Мектептен айырмаланып ЖОЖдо окуунун негизги, өзөктүү өзгөчөлүгү мына ушунда турат.

Өз алдынча иштөө - личносттун таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн таасирдүү механизми. Бул процессте студент активдүү кабыл алууга, билимге олуттуу маани берүүгө, мурда ээ болгон маалыматтарды терендетүүгө, кеңейтүүгө жана жаңыларды жаратууга көнүгөт. Практикалык маселелерди чече билүүгө каныгып, адистик ык, машыгууга ээ болот.

Жогорку окуу жайында окуган мезгил ичинде ар бир студент өз алдынча чыгармачылык менен иштөөнүн айрым бир усулдарына ээ болууга милдеттүү. Алар:

- иш планын түзүү, режим менен иштөө, эмгектенүү жана эс алуунун гигиеналык эрежелерин сактоо.
- библиотекалык каталог, справочник жана библиографиялык көрсөткүчтөрдү пайдалана билүү.
- темага ылайык кеңейтилген план, тезис, конспект жазуу.
- реферат, билдирүү, илимий доклад даярдоо.

· маселенин өзөгүн түшүнүү, билим, билгичтик сапаттарды жаңы кырдаалга ылайыкташтыра билүү жана ишмердүүлүк жөндөмдөрдү бир системага, нукка салуу.

· жаңы илимий изилдөөлөрдүн маалыматтарын практикада колдонуу жолдорун өздөштүрүү (26, 4).

Жогорудагы билгичтик, көндүм сапаттар педагогикалык, психологиялык предметтерди окуп үйрөнүүдө жана реферат, курстук иштерди даярдоо, жазуу процесстеринде калыптанат.

*Реферат* – теманын мазмунун чагылдырган кыскача доклад, билдирүү. Анын милдети - илимий адабияттарды, булактарды салыштыруу, анализдөө жолу менен белгилүү бир маселенин абалына баа берүүгө студенттерди канықтыруу болуп эсептелет (26,15). Тема кафедра (окутуучу) тарабынан сунушталат. Бирок айрым учурларда студенттин каалоосу, окутуучунун макулдугу менен өзгөртүлүшү мүмкүн.

Тема тандалып алынган соң негизги окуу куралдарынан керектүү бөлүктөр кунт коюу менен окулат. Андан соң адабий булактардын түп нускасы, кошумча адабияттар, күндөлүк басма беттеринде (газета, журнал) жарык көргөн тиешелүү маалыматтар иликтенет жана ал материалдар анализделип, пайдалануучу бөлүктөргө топтоштурулат.

Жалпысынан алганда, рефераттын структурасы төмөндөгүлөрдү өз ичине камтыйт: киришүү, негизги бөлүк, корутунду жана пайдаланылган адабияттардын тизмеси (библиография).

Киришүү алдында сөзсүз план жазылат. Рефераттын мазмуну планга дал келип, негизги пункттары параграфтарга бөлүнөт. Киришүүдө теманын баалуулугу, мааниси тастыкталып, коюлган суроолордун конкреттүү максаты жана милдети, аларды ачып берүү жолдору аныкталат.

Негизги бөлүгүндө адабий булактарды анализдөө менен каралып жаткан маселенин пайда болушуна илимий аныктама берилип, аларды чечүү ыкмаларынын теориялык, практикалык жолдору сунушталат. Башкача айтканда рефератка коюлган маселени теориялык (адабияттарга таянуу менен) жактан гана эмес, реалдуу турмуштук тажрыйбага таянуу менен да чечүүгө боло тургандыгы тастыкталат.

Демек, реферат жазуунун үстүндө иштеп жатып, сту-

дент байкоо жүргүзүү, ой жүгүртүү, кабыл алуу навыктарына ээ болуп, теория менен практиканы айкалыштыра билүү жөндөмүнө үйрөнөт. Аягында тема жалпыланып, жыйынтык чыгарылуу менен кыскача практикалык сунуш, көрсөтмөлөр берилет.

Рефераттын көлөмү тандалып алынган темага, аны изилдөөнүн терендигине жараша, кол жазма түрүндө алганда 12-15 беттин тегерегинде болот. Акыркы бетинде пайдаланылган адабияттар көрсөтүлөт.

Реферат жеке, же болбосо практикалык, семинардык сабактарда коллективдүү анализделиши мүмкүн. Экинчи учурда студент 10-15 минута чыгып сүйлөп, жазылган рефератты коргойт. Билдирүүдө каралып жаткан маселенин мааниси, максаты жана милдетине токтолуп, түйүндүү жерлерине басым жасалуу менен жыйынтык чыгарылат.

Рефератты коллективдүү талкуулоонун артыкчылыгы бар. Анткени ошол кырдаалда группадагы студенттердин да башкалардын пикирин уга билүү, анализдөө, толуктоо, жалпылоо, жыйынтыктоо жөндөмдүүлүктөрү калыптанат.

*Курстук иш* - рефератка караганда студенттин окуу - изилдөөчүлүк ишмердүүлүгүнүн бир аз татаалыраак түрү болуп эсептелет. Аны жазууда педагогика, психология, конкреттүү методика жана философия илимдерин байланыштырган темаларга артыкчылык берилет.

Мындай комплекстүү теманын үстүнөн иштеп жатып студент педагогикалык жараяндарга жана кубулуштарга психологиялык көз караштa мамиле жасоо менен анда философиянын законодору жана категориялары кандай орун ээлерин баамдайт.

Кафедра студенттин темасын бекитип, окутуучулардан илимий жетекчини дайындайт. Ал студент түзгөн планды жана аткаруу ишинин графигин тастыктап, адабияттарды иликтөө, мектептеги алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү жана корутундулоо тууралуу консультацияларды берет.

*Курстук жумуштун милдети - студенттин окуу - тарбия процессин система катары кабыл алуу менен ага комплекстүү мамиле жасай билүү жөндөмүн ачып көрсөтүү.* Ушуга байланыштуу студент практикалык ишмердүүлүктүн маанилүү ыктарына жана көнүгүүлөрүнө ээ болушу шарт (26,19).

Курстук иштин структурасы рефераттын структурасына окшош болот. Киришүүдө тема терең жана ар тараптан негизделип, анын бүгүнкү күндүн коомдук талабына жооп бериши практикалык мааниси, актуалдуулугу белгиленет. Иштин максаты, милдети, гипотезасы жана изилдөө усулдары көрсөтүлгөн соң негизги бөлүгү, башкача айтканда планга ылайык жумуштун толук материалы чагылдырылат.

Негизги бөлүгү чоң эмес эки бөлүкчөдөн турат:

1)*Теориялык бөлүкчөдө* тандалып алынган теманын (карала турган маселенин) педагогика жана психологиядагы орду анын азыркы учурдагы теориялык жана практикалык абалы биргеликте анализделет. Курстук иштин мазмунун чагылдыруучу материалдардын негизги теориялык жоболору аныкталып, изилдөөнүн түрдүү методдору иликтенип, керектүүсү иргелет.

Курстук иштин мазмунунун деңгээли студенттин канчанчы (кайсыл) курста окуганына, психологиялык - педагогикалык түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнө байланыштуу болот.

2)*Практикалык бөлүмдө* студенттин окуучулардын үстүнөн табигый шартта, оюн, окуу, эмгек ишмердүүлүктөрүндө жүргүзгөн анчалык чоң эмес эксперименттик изилдөөсү чагылдырылат.

Курстук жумуштун темасынын негизинде эксперименттин шартына, окуучунун жаш курагына ылайык изилдөөнүн методикасы белгиленет. Ага киришүүнүн алдында студент психологиялык-педагогикалык изилдөө учурунда аткара турган милдетти ачык айкын элестете алышы керек. Ошондой эле эксперимент өткөрүүнүн технологиясы – группалык (жекече) протокол жүргүзүү формалары алдын ала ойлонуштурулат.

Педагогикалык эксперименттин аныктоочу этабы окуучулардын билим, билгичтик жактан өнүгүү деңгээлин баалоого мүмкүндүк берет. Анда бул, же тигил ыкма, усулдардын мектеп окуучуларын тарбиялоо жана окутуу жараянында кандай орунду ээлегендиги тастыкталат.

Эксперименттик иштин контролдук этабы балдардын өнүгүүсүндө кандай өзгөрүүлөр болгондугун айкындайт. Студент алынган маалыматтарды анализдөө менен өзү колдо-

нуп көргөн усул, ыктардын тажрыйба жүргүзүлгөн группадагы балдарга канчалык таасир бергендиги тууралуу бүтүмгө келет.

Так, даректүү жыйынтыктарды алуу үчүн түрдүү методдорду колдонуу сунушталат: байкоо, аңгеме, педагогикалык иш кагаздарды иликтөө, окуучу балдардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын пайдалануу ж.б. Топтолгон материалдар таблица, график түрүндө жасалгаланып, сандык жана сапаттык жактан иштелип чыгат. Башкача айтканда салыштыруу, теңештирүү, мүнөздөмө берүү сыяктуу ыкмалар менен изилденип жаткан кубулуштун же процесстин түпкү маңызын бөлүп көрсөтүү керек.

Мындай кырдаалда өзүнүн ой жүгүртүүсүнө, түшүнүгүнө туура аныктамаларды берип, илимий терминдерди (сөздөрдү) сабаттуу, орду менен пайдалануу чоң мааниге ээ. Жумуштун бул этабы жүргүзүлгөн эксперименттин натыйжасын жалпылоого жана мектептеги окуу тарбия иштерин өркүндөтүүгө багытталган усулдук көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу менен жыйынтыкталат.

Рефераттан айырмаланып, курстук иште жүргүзүлгөн экспериментти жана тажрыйбаны жалпылоо менен гана чектелбестен мүмкүнчүлүктүн болушунча практикалык сунуштамалар берилет.

Курстук иштин көлөмү эреже катары 20-30 беттин тегерегинде болот. Ал сулуу, даана, так кол жазма түрүндө же илимий макалаларга колдонулуучу талаптарга(14 шрифт, 1,5 интервал) ылайык стандарт кагазда барактын бир гана бетине басылууга (же жазылууга) тийиш.

Курстук иштин жана рефераттын биринчи бети титулдук баракча деп аталып, номер коюлбайт. Аны жасалгалоо үлгүсү төмөндөгүдөй:

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

Ош мамлекеттик университети

# КУРСТУК ИШ

***"Эмгек тарбиясындагы элдик педагогиканын каражаттары"***

Педагогика факультетинин
3 - курсунун студенти
*М. Эшматованын курстук иши*

Илимий жетекчиси -
пед.илиминин кандидаты
доцент А.Ташматов.

Ош - 2008

Экинчи барагы 3 - бет деп номер коюлуп аткарылуучу жумуштун планы каралат. Анда ар бир баптын, параграфтын башталган беттери, аягы көрсөтүлөт.

Ар бир бап, параграф жаңы беттен башталып, аталышы даана тамгалар менен басылат. Курстук иш сабаттуу, адабий тил менен, сөздөрү кыскартылбастан жазылууга тийиш. Илимий булактардан келтирилген цитаталар толугу менен тырмакчага алынып, шилтеме аркылуу ошол эле беттин ылдый жагына пайдаланылган адабияттын толук дареги (автору, аталышы, кайсыл жердеги басмаканадан чыккандыгы, жылы жана бети) жазылат. Мисалы: Чех элинин улуу педагогу Я.А.Коменский мындай деп жазат: “Эгерде биз мамлекетибиз, чарба иштерибиз жакшы болуусун кааласак, анда биринчи кезекте мектеп ишин тартипке келтирип, гүлдөшүнө кам көрөлү . . .”[1].

Цитата жазуунун экинчи түрүнө ушул эле мисалды келтирели: “Эгерде биз мамлекетибиз, чарба иштерибиз ...” (13,178). Цифра 13 библиографиядагы адабияттын катар номерин, 178 цифрасы пайдаланылган бетти билдирет. (Ушул колдонмодо биз пайдаланган шилтемелерди үлгү катары сунуштайбыз).

Эгерде цитата сүйлөмдүн орто жеринен алынса тырмакча ачылгандан кийин үч чекит коюлуп пайдаланылган сөздөр жазылгандан кийин дагы үч чекит, анан тырмакча жабылат.

Сүйлөмдүн ортосундагы зарыл эмес деген сөздөр калтырылып кетсе ордуна дагы үч чекит коюлат. Сүйлөм аягына чейин колдонулбаса акыркы сөздөн кийин үч чекит коюлуп, тырмакча жабылат.

Бир кыйла ыңгайлуу жана амалиятта кеңири жайылган экинчи жолду тандап алуудан мурда пайдаланылган адабияттардын тизмесин жакшылап иштеп чыгуу керек. Башкача айтканда, автордун фамилиясы, аты - жөнү экинчи, үчүнчү тамгага чейин алфавит боюнча тизилет.

Корутунду бөлүгүндө аткарылган иштин мазмунунун кыскача жыйынтыгы чыгарылып, пайдаланууга практикалык кеңештер жана бул теманы улантуу мүмкүнчүлүгү, келечеги жөнүндө жазылат.

Аягында пайдаланылган адабияттардын тизмеси, жумуштун мүнөзүнө ылайык студент таянган материалдар:

анкета, сочинение, мектеп документтери, таблица, схема, график, диаграмма сыяктуу курстук иштин мазмунун толуктоочу иллюстрациялар (көрсөтмө сүрөттөр) тиркелет.

Курстук иш кафедра мүчөлөрүнөн түзүлгөн составы 2-3 кишиден турган комиссиянын алдында, жетекчисинин катышуусу менен корголот. Алардын ичинен мыктылары студенттик илимий иштердин конкурсуна көрсөтүлүшү же андан тереңирээк изилдөөнү талап кылган дипломдук жумуштун пайдубалын түзүшү ыктымал. Ошону менен бирге курстук иштин материалдарын педагогикалык, усулдук кеңешмелерде, ата - энелер, жергиликтүү эл менен үгүт иштерин алып барууга доклад, лекция катары да пайдаланууга болот (26, 21). Белгилей кетчү нерсе, реферат жазуу окуу планында каралган эмес, ага баа коюлбайт. Бирок келечектеги курстук же дипломдук иштерди аткаруунун биринчи кадамы болот. Ал эми курстук иш окуу планында бекитилген жана ар бир студент аткарууга милдеттүү болгон окуу жүктөмүнө кирет. Анын жыйынтыгы кадимкидей бааланып (айрым документтерде баа эмес, "зачет" коюлат деп көрсөтүлгөн), зачеттук китепчеге жана ведомостко түшүрүлөт.

Курстук жумушту (рефератты) жасалгалоо аткарылуучу иштин маанилүү бөлүгү болуп эсептелип, бир кыйла убакытты сарп кылат. Ага киришүүнүн алдында бүгүнкү күндүн талабына жооп бере тургандай илимий аппараттын болушу, сырткы көрүнүшүнүн эстетикалык жактан кооздолушу зарыл. Жумуш стандарттуу баракчаларга, бирден бетке жазылып, мукабасы, титулдук листи китепче сыяктуу тигилиши керек.

## §2.5 Жогорку окуу жайындагы билим текшерүүнүн түрлөрү жана формалары

Студенттердин алган билимин, окулган лекциялардын, өтүлгөн сабактардын натыйжасын көзөмөлдөө максатында ЖОЖдордо эки түрдөгү (зачет жана экзамен) сыноолор уюштурулат. *Илимий тил менен айтканда зачет жана экзамендер – окуу предметинин айрым бөлүгү же бир курс толук өздөштүрүлүп бүткөн соң студенттин билим деңгээлин аныктоочу механизм.*

Эреже катары *зачеттор* экзамендерден мурда жүргүзүлөт, жана ага баа коюлбастан "өттү" (зачтено) же "өтпөдү" (не зачтено) деп ведомостко жана зачеттук китепчеге түшүрүлөт. Эгерде студент зачет тапшыра албай калса жыйынтыгы ведомостко гана жазылат. Зачет алуунун ар түрдүү формалары бар. М; оозеки суроо, контролдук жумуш аткартуу, сочинение жаздыруу жана башка. Кээде студенттин практикалык сабактардагы активдүүлүгүн, алган бааларын, катышуусун эске алуу менен "автоматтык" түрдө "зачет" коюлган ыкмалар да колдонулат.

Бул эреже, жоболордо так көрсөтүлбөгөн окшоштуктар ар бир окутуучунун талабына жараша болуучу нерсе. Айрым студенттер "зачетко" анча маани беришпейт. Ал деле билимди аныктоонун формасы экендигин, "зачет" алалбай калып окуудан чыгарылган студенттердин практикада көп эле болгондугун эскерте кетмекчибиз.

*Экзамен* - студенттин билимин текшерүүнүн татаал жана талабы катуу формасы. Жыл бою сабактарды калтырбаган, системалуу окуп жана даярданып, материалды такай өздөштүрүп келген студент гана сессияны ийгиликтүү тапшыра алат. Экзамендердин саны эреже катары бир семестрде 3, 5 тен ашпайт жана алардын жыйынтыгы "эң жакшы", "жакшы", "орто", "жаман" деп бааланып, зачеттук китепчеге жана деканат тарабынан берилген ведомосторго коюлат ("жаман" деген баа ведомостко гана түшүрүлүп, зачеттук китепчеге коюлбайт).

Эреже катары экзамен, зачеттор деканат тарабынан түзүлгөн графикке ылайык, үч жолу гана алынат. Болгондо да үчүнчүсүнө атайын комиссия түзүлүп, ал студенттин билимин ар тараптан, терең изилдеген соң пикирин протокол аркылуу жыйынтыктайт. Комиссиянын чечими акыркы деп эсептелет жана аны эч кандай жогорку органдар (деканат, ректорат ж.б.) өзгөртө албайт.

Акыркы убактарда экзамен, зачетторду алуу компьютердик же бланкалык тестирлөө аркылуу ишке ашырылып жатат. Бул форма өнүккөн өлкөлөрдүн окутуу процессинде мурда эле колдонулуп келген. Албетте, компьютер менен экзамен алуунун кемчиликтери да жок эмес. Бирок, автор өзүнүн жеке тажрыйбасына таянуу менен анын артыкчылыктары бир топ арбын экенин баса белгилейт жана

ишмердүүлүгүндө зачет, экзамендерди компьютердик тестирлөө жолу менен гана алып келе жатат.

Зачет, экзамендерге жасаган мамилелерине карап студенттерди негизинен эки топко бөлсө болот.

Биринчи топко сессияга жоопкерчилик менен мамиле жасап, баа алыш үчүн эмес, чыныгы билим деңгээлин аныктоого аракеттенген студенттер кирет. Ал студенттер билимине таянат жана экзамендердин таза болушун каалап, өз күчү, мээнети менен жогорку баага жетүүгө умтулушат. Каалаган баасына жетпей калган күндө да кемчилдигин сезип, ар кандай шылтоолор менен окутуучусун жамандабай, анын пикири менен макул экендигин мойнуна алат. Демейде жогорудагыдай студенттердин саны группанын 60-70% түзөт жана келечекте алардан эрудициясы кеңири, жогорку кесиптик чеберчиликке ээ болгон мыкты адистерди үмүт кылууга болот.

Экинчи топко - экзамендерди "экзамен үчүн" гана тапшырган студенттер кирет. Алар түрдүү жол менен, "эптеп" баа алууга далалаттанып, окуудан айдалбай, диплом алуу максатын көздөшөт.

Бул топтун өкүлдөрү окуу жылында такай эмгектенбей, конспект жазуудан, адабияттарды окуудан, практикалык, семинардык сабактарда чыгып сүйлөөдөн тайсалдашат. Лекцияга да катышты деген сөз үчүн эле келбесе, көбүнчө андан да ыгы келсе "качыштын" амалын издейт.

Мындай студенттерде терең билим кайдан болсун. Ошондуктан, алар зачет, экзамендерден коркот, аны менен кошо окутуучуну, предметти да жактырбай кээде туура эмес пикирлерди ойдон чыгарып таратышат. Андай студенттер "жыгып койду", "койбой жатат", "кулатып салды" деген жаргондорду көп колдонушуп, "билбей калдым", "жооп бере албадым" деп, күнөөлөрүн мойнуна алгысы келишпейт.

Албетте, бул топтогу студенттерден жыйынтыгында жакшы адис чыкпай, коом жабыркайт. Өздөрү да жашоосун илеңсалаңдык менен өткөрүп, кесибинен ырахат албай кыйналышат. Кейиштүүсү, "азыркы заманда окутуучунун көңүлүн таппасаң баа ала албайсың" деген пикирдин коомчулукта кенен орун алып, ага студенттер да, ата-энелер да бекем ишенгендиги.

Мындай көрүнүштү төгүнгө чыгаруунун механизми катары автор, окуу процессинде РИТМ системасын жана сынактарда компьютердик тестирлөөнү кеңири колдонууну сунуштайт.

РИТМ (Рейтинговая интенсивная технология модульного обучения)- Рейтингди аныктоочу модулдук окутуунун интенсивдүү технологиялык системасы XX кылымдын аягында пайда болуп, Кыргызстандын көпчүлүк жогорку окуу жайларында колдонула баштады.

Республикада, ал турсун бир эле жогорку окуу жайынын ичинде да ар түрдүү эрежелер, талаптар коюлуп келатканы менен анын принциби, максаты негизинен бирдей. Башкача айтканда, өтүлүүчү материал жалпысынан 3 кө бөлүнөт. Биринчи бөлүк (кээде блок деп аташат) бүткөн соң студенттер модуль (сынактын бир формасы) тапшырып, белгилүү баллга (упайга) ээ болот.

Үч жолу модуль тапшырылган соң, студент жыйнаган жалпы балл бекитилген жобого ылайык кадимки эле "баага" айландырылат. Бул ыкма дидактикалык жактан алганда төмөндөгүдөй артыкчылыктарга ээ:

1. Студент сессияга чейинки аралыкта системалуу даярданып, тынымсыз эмгектенет.

2. Материалды блокторго бөлүп өздөштүргөндүктөн семестрдин аягында студентке оорчулук түшпөйт.

3. Сессия башталганга чейин эле студент өзү топтогон баллдардын негизинде кандай баа аларын эсептеп коет.

Модуль алууда көп колдонулган ыкмалардын бири болуп компьютердик (бланкалык) тестирлөө эсептелет.

Тест деген өзү эмне ?

Педагогикалык тест деп, студенттин билим деңгээлин адилет баалоо үчүн колдонулган өзгөчө форма жана мазмундагы тапшырмалар системасын айтабыз(17,1).

Тест түзүлүшү боюнча ачык жана жабык деп аталып, экиге бөлүнөт. Биз практикада көбүрөөк колдонулган жабык формасына кененирээк токтолуп кетели. Тесттин бул формасында берилген тапшырманын туура жообун беш варианттын ичинен табыш керек болот. Тест түзүү окутуучу үчүн бир топ чыгармачылыкты талап кылат. Эреже катары беш варианттын ичинде сөзсүз бир жообу туура. Бирок студенттин изденүүсүн, ой жүгүртүүсүн күчөтүү максатында жооптордун арасына төмөндөгүдөй сөздөрдү кошуп коюшат.

1. Бардык варианты тең туура.
2. Бардык вариантында каталар бар.
3. Биринчи жана төртүнчү варианты гана туура.
4. Аныктама туура эмес.

5. Туура эмес жоопту тап.
6. Туура жообу жок ж.б.

Чындыгында эле бардык варианты тең туура, же анык-тама туура эмес болушу да ыктымал. Же болбосо туура жообу жок деген сөз кошулганы менен, биринчи жана төртүнчү варианты туура, же тескерисинче болушу мүмкүн. Демек, студент туура вариантты аныктаардын алдында шашылбастан, берилген тапшырманы, андан соң жооптордун баарын окуп, ойлонуп, анализдеп анан жыйынтык чыгарышы керек.

Кандай тестти жакшы деп баалоого болот? Оюбузча идеалдуу тест болушу мүмкүн эмес. Тест, предметтин өзгөчөлүгүнө, мугалимдин жеке көз карашына билим деңгээлине, койгон талабына байланыштуу түзүлөт. Бир топ жылдык иш тажрыйбабыздан жыйынтыгына таянып: бир группадагы (агымдагы) студенттердин ичинен 5% эң жакшы; 25% жакшы; 50% орто; 20% начар; бааларды алса, тест негизинен талапка жооп берет десе болот. Эгерде жалаң эле "оң" же дээрлик "терс" баалар басымдуулук кылса, мындай тестти жакшы түзүлгөн деп атоого болбойт жана кайрадан карап чыгууну сунуштамакчыбыз.

**Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар**

1. ЖОЖдо кайсы кызмат орундарына шайлоолор жүргүзүлөт жана эмне үчүн?
2. Өзүң билим алып жаткан окуу жайдын жетекчи кызматкерлеринин аты -жөнүн, илимий даражаларын толук жана туура атай аласыңбы?
3. Окуу сабактарынын негизги түрү болгон лекцияны окутуунун башка жаңы түрлөрү менен алмаштырууга сенин пикириң кандай?
4. ЖОЖдо колдонулуучу "семестр" жана "сессия" түшүнүктөрүнүн айырмасы эмнеде?
5. Студенттердин өз алдынча билим алуу ишмердүүлүгүн калыптандыруучу каражаттар (реферат, курстук жана дипломдук жумуштар) илим жаратуунун негизи боло алабы?
6. Илимде: "Мугалимдин жандуу аракетин эч кандай башка механизм алмаштыра албайт", - деген пикир жашайт. Анда, РИТМ системасы, сынактардын компьютердик тестирлөө аркылуу жүргүзүлүшүнө оюң кандай?

**Билимди текшерүү үчүн тест суроолор**

ЖОЖдун түзүлүшү жана башкаруу органдары. Туура эмес жообун тап.

1. ЖОЖдун башында ректор турат жана материалдык базадан тартып бардык уюштуруу, аткаруу иштерине тикеден-тике жооп берет.

2. Ректордун окуу, тарбия, илимий иштери боюнча орун басарларын проректорлор деп аташат.

3. Факультеттеги жалпы окуу, тарбия багытында уюштуруу жана көзөмөлдөө иштерин декан жүргүзөт, анын да орун басарлары болот.

4. Кафедра бир же бир нече өз ара жакын дисциплиналарды камтып, окуу, илимий-методикалык, изилдөө иштерин алып барат.

5. Университеттин Окумуштуулар кеңеши - ректорду, орун басарларын беш жылга шайлайт жана кесипке даярдоо маселелерин чечкен эң жогорку орган болуп эсептелет.

**Лекция жана ага коюлуучу талаптар, жазуу ыкмалары**

1. Лекция - ЖОЖдо окутуунун негизги түрү, аны конспектилөө иш жүзүндө пайдалуу.

2. Лекцияны конспектилөөдө тезис түрүндө, жалпы жана кыскартып жазуу сыяктуу түрлөрүн пайдалануу оң.

3. Лекция жөн эле маалымат берүүчү процесс эмес, студент менен окутуучунун биргелешкен ишмердүүлүгү.

4. Бардык үч варианты тең туура.

5. Экинчи, үчүнчү варианты туура.

**РИТМ системасынын билим берүүдөгү орду. Туура эмес жообун тап.**

1. РИТМ системасы - студенттин жыл бою тынымсыз эмгектенүүсүн камсыз кылган окутуунун механизми.

2. РИТМ системасында балл коюлгандыктан, студенттин билими так бааланбай калат.

3. РИТМ системасында өтүлүүчү материал 3 блокко (бөлүккө) бөлүнүп, модуль алынат.

4. Окуу материалы бөлүктөргө бөлүнүп өздөштүрүлгөндүктөн, сессия мезгилинде студентке оорчулук түшпөйт.

5. Модуль тапшырууда компьютердик, бланкалык тестирлөө, текшерүү иштери ж.б.у.с. усулдар колдонулат.

# III бап

# Педагогикалык кесип

## §3.1.Педагогикалык кесиптин пайда болушунун тарыхый шарттары

Мурда белгилеп өткөндөй орто мектепти жаңыдан аяктап, жогорку окуу жайынын босогосуна алгачкы кадамын шилтеген биринчи курстун студенттери үчүн педагогикалык (мугалимдик) кесип жакындан тааныш. Бизди окуткан агай – эжелердин элеси, жүзү али көз алдыбызда. Айрыкча алгачкы жолу колго калемсап карматып "А" тамгасын үйрөткөн биринчи мугалимдин элеси өмүр бою эстен чыкпаса керек. Бирок педагогикалык кесиптин канчалык татаал, жооптуу экендигин жетишээрлик туябызбы? Ички сырларын терең үйрөнүп, өзүбүз сыймыктанган, туу туткан эже- агайлардай абройго ээ болуп, ар бир окуучунун жүрөгүнөн орун таба алабызбы? Ал үчүн кандай аброй, кандай сапаттарга ээ болушубуз керек? Мына ушундай турмуштук суроо, маселелердин ар бирине ыраатты менен жооп берүүгө аракеттенели.

Биринчи эле токтоло кетчү нерсе, биз ушунчалык ыйык туткан ардактуу тарбиячылык кесип качан, кантип пайда болду экен? Анда алгачкы сөз ушундан башталсын.

Педагог - окутуучу - мугалим - тарбиячы азыркы учурда жалпысынан бир маанини, бир кесипти түшүндүрөт. Башкача айтканда, окутуучу сөзсүз тарбиячы, ал эми тарбиялоо окутуусуз ишке ашпайт. Бул ишмердүүлүктөгү адамдарды коомчулук мугалим же педагог деп коюшат.

Бирок тарбиялоо процессине тереңирээк, илимий көз караштa анализ берсек, анын окутуучулук ишмердүүлүктөн мурда пайда болгонун жана айырмалана турганын байкайбыз. Бул айырмачылыктар жөнүндөгү маселеге кийинки главаларда токтолмокчубуз.

Илимпоздордун далилдөөлөрүнө таянсак жер шары, андагы жашоо пайда болгондо алгачкылардан болуп өсүмдүктөр, ар түрдүү жаныбарлар калыптанган. Алардын арасындагы адам сымал маймылдардан эмгектин натый-

жасында адамдар бөлүнүп чыккан. Адамдарды "тарбиялайт", ал эми айбандарды (ошол эле башка түрдөгү маймылдарды да) "үйрөтүшөт". Демек, "тарбиялоо" деген түшүнүк адам коомуна гана тиешелүү. Бул маселеде түрдүү ойлор, көз караштар жашап келет. Бирок, алардын баары тарбиянын келип чыгышын балдардын ошол мезгилде орун алган тартип, талапка акырындап ылайыкташып, үйрөнө баштаганы менен түз байланышта каршат.

*"Педагогикалык кесиптин келип чыгышына адамзаттын өз тукумун улантып, жакшы жашашы үчүн эмгек куралдарын жасоону жана пайдаланууну, турмуш тажрыйбаларын кийинки муундарга үйрөтүү зарылдыгы негиз болгон "*,- дешет илимпоздор. Демек, тарбиянын келип чыгышын эмгек куралдарынын пайда болушу менен тыгыз байланышта кароо туурадай сезилет.

Коомдун өсүшү менен адамдар уруу - уруу болуп жашай башташып, бара-бара мал чарбачылыгы, дыйканчылык, кол өнөрчүлүк пайда болгон. Эмгек тажрыйбасынын кеңейишине, эмгек куралдарынын улам өркүндөшүнө байланыштуу тарбиялоонун мазмуну да татаалдашып, көп тармактуу жана максаттуу жүргүзүлө баштаган. Балдар чоңдор менен кошо иштешип, мал багууну, дыйканчылыкты, кол өнөрчүлүктү үйрөнүшкөн. Балдарды уюмдашкан түрдө тарбиялоо зарылчылыгы пайда болгондо уруулук коом өсүп келе жаткан жаштарды тарбиялоону тажрыйбалуу адамдарга тапшырышкан(3,10).

Ошентип тээ байыртан эле тарбиячылык кесипти узак өмүр сүрүп, турмуштун ысык – суугун башынан көп өткөргөн, акылдуу, жашоонун сырларын терең түшүнүп, башкаларга насаатчы, үлгү боло ала турган бир уруунун сыйлуу, урматтуу адамдары гана аткарып келишкен.

Бекембай Апыштын Мухаммед пайгамбар жөнүндө төмөндөгүдөй жазгандары да биздин ойду бышыктайт: "Ал өтө татаал, эң назик иш болгон тарбия - таалим жараянында да чебер устат педагог болгон. Ал таалим, тарбия жараянынын табиятынын татаалдыгын аңдап, туура түшүнгөн. Педагогикалык ой жүгүртүүсү аябай өнүккөн, таалим, тарбия берүүнүн жемиштүү формаларын изденип табууга болгон чыгармачылык шыгы ойгонгон, талanttуу педагог катары Азирети Мухаммед окутуунун жана ар тараптуу тар-

бия берүүнүн мыкты усулдарын иштеп чыккан" (5,17). Көрсө Чыгыш элдеринде ушул кезге чейин мугалимдик кесипти баарынан ыйык жана ардактуу деп санап келгендиги бекеринен эмес тура.

### §3.2. Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү

*Коомдо ар-бир кесиптин аткара турган өз милдети, алмаштыргыс орду бар жана ал турмуштун мыйзам ченемдүү зарылдыгынан келип чыгат.* М: самолет, автомашиналардын пайда болушу менен: учкуч, айдоочу; соода – сатык иштердин натыйжасында: бизнесмен, менеджмент ж.б. у.с. түрдүү адистиктер жарала баштады.

Бардык кесип ардактуу, анын чебери болууга аракеттениш керек. Ошондо гана адам аткарган ишинен баар таап, сыймык, дөөлөт күтөт, абройго ээ болот. Алардын арасында мугалимдик кесип коомдо өзгөчө орунда турат жана белгилеп кеткенибиздей өтө ардактуу да, жооптуу да.

"Баланын жүрөгү таза доскадай болуп жаралат", - деп англиялык философ, педагог Джон Локк айткандай бала мектептин босогосуна жаңыдан кадам таштаганда окууга ынтызар, мугалимге чоң ишенич менен карайт. Алгачкы мугалиминен өткөн акылдуу, билимдүү адам жоктой сезилет. Салт катары ар окуу жылынын башында жазылуучу студенттердин дилбаяндарына таянсак алардын көпчүлүгү биринчи класста окуткан эжей-агайын өзгөчө урматтоо менен айтышат. "Мен биринчи мугалимимди өтө сыйлаймын, себеби ал мага "А" тамгасын үйрөтүп, ушул даражага жеткизди". "Эжекемди өзүмдүн экинчи апам деп эсептейм, өмүр бою карызмын". Бир студент кызыбыз мындай эскерет: "Алгачкы күндөрү окуткан эжекемди жакшы көрчү эмесмин. Себеби жалгыз кыз элем, аябай эрке болгондуктан тартипке чакырса эле атама айтып барчумун. Азыр ойлосом эжеке туура эле кылыптыр. Окуучусу жакшы адам болсо, билим алса деген далалаты тура. Эркелигим калып, сабакка көңүл буруп окуп калгандыгым үчүн азыр ошол эжекеме миң мертебе рахматымды айтам" (21). Мындай мисалдар абдан көп.

XI кылымдын улуу даанышманы Жусуп Баласагын да: "Сөзүңдү акыл менен ченеп билгин, илимдүү адамдарды сыйлап жүргүн", - деп айтуу менен тарбиячылык кесипти аркалаган илимдүү адамдарды абдан урматтаган.

Биздин эрага чейин (422-342 - ж.ж.) жашаган грек философу Платон: "...эгерде өтүкчү начар болсо андан мамлекет анча жабыр тартпайт, граждандар гана бир аз начарыраак кийиниши мүмкүн; тарбиячы өз милдетин жаман аткарса өлкөдө көптөгөн акылсыз, адамгерчилиги жок адамдардын мууну пайда болот. Мына ушул өтө коркунучтуу... " - деген экен (6,11). Совет мезгилиндеги көрүнүктүү ишмерлердин бири А.В.Луначарскийдин төмөндөгү сөздөрү да өтө баалуу: "Эгер уста алтындан жасап жаткан буюмду бузуп алса, кайрадан куюп буюмду ондосо болот. Ал эми адамдын тарбиясын бузуп алуу оңолгус нерсе жана өтө чоң кылмыштуулук" (18,443).

Бир студенттин: "Мугалим кандай окутса жана үйрөтсө окуучулары да келечекте ошондой болот. Фундаментти түз куйса - түз, кыйшык куйса – кыйшык кетет. Менин назик эжем бар, азыр окуудан анча эмес. Ага окуткан мугалими себепкер. Эжем баары кеч болуп калгандыгын билет, аттиң кылат", – деп жазгандыгы чындыгында зээниңди кейитпей койбойт (21).

XXI кылымда жашап жатсак да байыркы философтордун бири Цицерондун айтканына кошулуп, силерди, болочок мугалимдерди да ошого чакыргым келет: "Адеп-ахлак жөнүндөгү түшүнүгү таптакыр бузулган азыркы жаштарды жалпы күч менен тартипке салып тарбияласак, биздин мамлекетибизге тартуулаган эң чоң жана баалуу белегибиз болот эле". Мугалимдик кесиптин жоопкерчилиги мына ушунчалык жогору.

Коомчулук, ата-эне, ал турсун окуучулар да башка кесиптегилерге койбогон талаптарды мугалимдерге коет. Анын инсан экендиги, жеке сапаттарында адамдарга тиешелүү кемчиликтер болушу мүмкүндүгү дегеле эске алынбайт.

"Мугалим кандай болуш керек?" – деген суроого студенттер: "Мугалим чыныл, ак ниет, окуучуларга тегиз караган, сылык мамиледе, токтоо, жөнөкөй, жүрүш-турушу жакшы, ичпеген, чекпеген окуучуларды түшүнгөн, балдардын тилин таба алган, кругозору кеңири, билимдүү, маданияттуу, ачык мүнөз, өзүнө тыкан, талапты кое билген, мээримдүү, көрктүү болуш керек" деп ж.б.бир топ инсандык жогорку сапаттарды санашат. Көрдүңөрбү, мугалимге кандай оор, жеке адам көтөрө алгыс жүктүн артылганын. "Эмне

үчүн башка кесиптегилерге, мисалы: шоферго, базардагы сатуучуга, банкирге, коммерсантка, артистке бул талаптарды койбойбуз?" – десек, алардын деле жогорудагыдай сапаттарга ээ болгону жакшы, бирок мугалим сөзсүз ушундай болушу керек дешет. Демек, мугалимдик оңой өнөр эмес.

Мугалимдик кесиптин дагы бир өзгөчөлүгү өз эмгегинин натыйжасын убагында, учурунда көрө албагандыгы. Мисалы, дыйкан жаз, жай жасаган ишин күзүндө жыйынтыктайт. Сатуучу, ашпозчу жумуш күнү аяктаганда эсеп-кысабын жүргүзүп, пайда-зыянын аныктайт. Ал эми мугалимдин эмгегин окуучулары кийинчерээк, турмуштун кыйынчылыктарын, ысык-суугун башынан өткөргөндөн кийин гана баалашы ыктымал. Бир топ жылдан соң "Сиз бизди окуткан, тарбиялаган элеңиз, мына эми ошонун натыйжасында турмуштан өз жолумду таптым, рахмат сизге", - деген окуучусунун сөзүнөн өткөн сыйлык жок мугалимге. Анын жүрөгү назик, сезгич келет. Көзүнөн жаш алганча кубанып, көтөрүлүп калат. Тескерисинче, "Сиз мени окутпай эле сабак учурунда тамеки, аракка же үйүңүздөгү ишке жумшай берет элеңиз", - деген окуучусунун наразычылыгы мугалим үчүн эң катуу жазанын бири.

Чогуу олтуруп калган бир кечеде айылдашым кызып алып ушул сөздү айтканда улгайып калган агайымдын ыңгайсыз абалда калганына күбө болгонмун. "Эй, койсоңчу өзүңдүн нарагында жок болчу, бизди деле ушул агай окуткан," – деп бир канчабыз кийлигишип, агайдын көңүлүн уладык. Бирок, кеченин аягына чейин агайдын көңүлсүз, айыптуудай ачыла албай олтурганы азыр дале көз алдымдан кетпейт. Айтарым, мугалимдик кесипте ар бир балага аяр, тегиз мамиле жасабаса болбойт. өмүр бою сөзгө калышың мүмкүн.

Мугалимдин өз предметин жакшы өздөштүрүп, терең билим бериши да чоң мааниге ээ, анткени окуучулары мугалимдин адам катары кыялына, мүнөзүнө жараша кетирген кээ бир кемчиликтерине түшүнүү менен мамиле жасашы ыктымал. Бирок бир гана нерсени - өз предметин жакшы билбеген жана кесибин сүйбөгөн мугалимди түшүнө да, кечире да алышпайт. "Бул агайдын катуулугу, корстугу, кээде ичип алгандыгы болбосо сабакты түшүндүргөндө мээңе куюп гана коет". "Эжекенин үй шарты оорураак, жупуну кийинип жүргөнү менен окуучуларга жасаган ма-

милеси, сабак өткөнү өтө жогорку деңгээлде". Же тескерисинче "Бой көтөрүп жүргөнү, койкоюп кийингени менен, предметин өзү да жакшы билбейт, балдарды окуп олтургула деп чыгып кетет. Балдар менен жөндөп да сүйлөшө албайт",- деген сын пикирлерди окуучулар арасынан көп учуратууга болот. Демек, мугалим үчүн кайсыл гана предметтен сабак бербесин өз адистигин терең өздөштүрүп, анын устасы, чебери болушу сөзсүз биринчи орунда турат.

Ушул учурда талаш - тартышты туудурган дагы бир маселеге токтолуп кетели. Мугалимдик кесипте бир топ адистиктер бар. Айталы; физик, математик, химик, тилчи, тарыхчы ж.б. Алар түрдүү предметтерден билим бергени гана болбосо, айланып келип эле педагог.

Айрымдары предметти жакшы билсең болду, окута бересиң деп ойлошот. Практика жүзүндө бул туура эмес пикир. Көп эле студенттерди окутуп, көрүп жүрөбүз. Сабактардан жалаң "төрт", "бешке" окуганы менен кийинчерээк мугалим болуп балдар менен иштеп кете алышпады. Ушундай эле көрүнүш жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын арасында да кездешет. Айталы жакшы эле хирург, юрист же инженердин сабак өтүү методикасы, дегеле педагогикалык сабаты өтө төмөн.

Тескерисинче окууну "орто" эле аяктап, агартуу системасында үзүрлүү иштеп жаткандар бир топ. Эмне үчүн андай?

Пикирибизче, предметти өздөштүрүү менен, балдардын ички дүйнөсүнө сүңгүп кирип, тилин таап аларга билгениңди жеткире алуу - эки башка маселе жана эки башка жөндөмдүүлүктү талап кылат. Болочок мугалимдерге бул сапаттарды педагогика, психология жана усулдук предметтер калыптандырат деңизчи. Бирок ага кошумча адам менен мамилечилдик, тил табыша билүүчүлүк сыяктуу инсандагы жеке сапаттар да чоң роль ойнойт. Турмуштук тажрыйба да зор мааниге ээ.

Ушул мисалдардан кийин мындай жыйынтыкка келсек болчудай: *предметчи болгондон, педагог болуш кыйын.*

Көрсө Ушинский бекеринен педагогиканы илимден айырмалап искусство дебеген экен.

Ошентип, педагогикалык кесипти тандап алуу менен коом алдында өтө жооптуу, өзгөчө милдетти мойнуңарга алып олтурганыңарды эч качан унутпагыла.

## §3.3 Педагогикалык кесиптин келечеги

Коом философиянын законуна ылайык тынымсыз кыймылда жана өсүп өнүгүп турат. Ал канчалык алдыга умтулуп, өзгөргөн сайын адамдар жашоо шартын жеңилдетүү максатында улам жаңы, татаал эмгек куралдарын ойлоп таап пайдалана беришет. Аны менен бирге жаш муундарды тарбиялоо иши да татаалданып билимдүү, тажрыйбалуу тарбиячыларга болгон муктаждык улам күчөйт.

Кайсыл бир мезгилдерде зарылдыктын негизинде жаралып, убакыт өткөн соң ага болгон коомдук талаптын солгундашы менен кээ бир кесиптер жок болуп кетиши мүмкүн. Мисалы: Кыргыздарда малакай, чокой(териден жасалган баш, бут кийимдер) жасоочу усталар. Европада мору, меш(печка) тазалоону кесип кылган атайын адамдар болгон. Бүгүнкү күндө алар жок, же башка мазмундагы милдеттерди аткарышат.

Ал эми педагогикалык кесип адам коому менен тыгыз байланышта жана кошо жашай бермекчи. Ошондуктан, аны түбөлүктүү деп аташат.

Турмуш агымына, ачуу чындыкка моюн сунуу менен белгилей кетүүчү нерсе, бүгүнкү күндө педагогдук кесип мурдагыдай барктуу болбой калды. Анын үстүнө пайдалуу (акчалуу) да эмес. Башкалар сымал тез эле үй салып, машинелүү болуу мугалимдик кесипте дегеле ишке ашпаса керек. Официалдуу билдирүүлөргө караганда айрым мугалимдер тиричиликтин айынан башка жумуштарды аткарып, педагогикалык окуу жайынын бүтүрүүчүлөрү мектепке барбай, миңдеген окутуучулар жетишпегендигинин (айрыкча айыл жергесинде) себеби да мына ушунда.

Жашоодо тарбия жараянына тиешеси жок адам болбойт. Ар бир инсан жок эле дегенде тарбиялануучулук абалды башынан кечирген. Ошондуктан, башка адистиктеги белгилүү личносттордун мугалимдик кесип жөнүндөгү ой толгоолору, калыс пикирлери биз үчүн бир жагынан кызыгаарлык, бир жагынан баалуу.

XX кылымдын залкар жазуучусу Чыңгыз Айтматов менен бүткүл Азияга белгилүү акын Мухтар Шахановдун философиялык маанидеги диологунда биздин кесипке тиешелүү мындай бир жери бар:

“**Шаханов**. Эркек сымал аялдар менен аял сымал эркектер маселеси, өсүп келе жаткан жаш муундарды тарбиялоодо узак мезгил терс таасирин тийгизип келди.

Мен мектепте окуп жүргөн учурда эркек мугалимдер көп болчу. Алардын ролун баалоо өтө кыйын, айрымдары биз үчүн идеал эле.

**Айтматов.** Совет бийлигинин акыркы 15, 20 жыл аралыгында мектептерде, жогорку окуу жайларында аял - педагогдор басымдуулук кылып кетти.

Азыр деле жаштарыбыз - бала бакча - мектеп - ЖОЖ системасында жалаң аял тарбиясын алып жатпайбы. Эркектин таасирин сезбеген бала, жигит ким тарбиячысы болсо ошонун сапаттарын кабыл алууга аргасыз.

Кайраттуу, сөзү өлгөндөн көрө, өзү өлгөндү артык көргөн эркектердин саны азайып, алардын ордуна көп сүйлөгөн, турган турпаты, жүрөгү (ички дүйнөсү) “борпоң” эркектердин келиши - коомубуздагы чоң проблема. Ушундай болду, өзүбүз аны каалабасак да эркек менен аялдын чыныгы орду жөнүндө туура эмес түшүнүктөгү муунду өстүрүп алдык.

Эмне үчүн эркектер мугалим болуудан уялышат?

Жообу айдан ачык: беделинин төмөндүгү - бир, жарыбаган маянасы - эки.

Айталы, Германия же Францияда (өнүккөн батыш өлкөлөрүнүн дээрлик баарында эле деп ойлойм) ардактуу орундарда төмөнкү үч кесип турат: мугалим, врач жана полиция.

Мисалы, Англияда, бала бакчада тарбиячынын же мектепте мугалимдин ордун ээлеш үчүн оңой эмес конкурстан өтүш керек.

Бул эң туура: балдарын көңүл кош, айласы жогунан ушул ишке барган адамдардын тарбиялашын эч бир ата - эне каалабайт.

Эмнесин айтасың, бизде, Чыгышта деле кайсыл бир убактарда мугалим эң бир сыйлуу адам эсептелген. Азыр эми ушундайбы?” (1,333).

Жогорудагы үзүндүнү келтирүү менен мугалимдик кесипке жалаң жигиттердин окуганы туура деген ойду айтып, кыздарыбызды капа кылгыбыз келбейт. Турмушта чыгаан эжекелерибиз канча. Бирок мындай пикирдин билим берүү тармагында жашап келгени да ырас. Ошондуктан, бул өзүнчө, аярдуулукту жана илимий жактан негиздөөнү талап кылган чоң маселе.

Биздин максат көптү көргөн, көптү билген эки улуу инсандын ой толгоолорунда мугалимдик кесиптин аброю чындап эле төмөндөп кеткендиги жана аны келечекте кантип көтөрсө боло тургандыгы жөнүндө пикирлер жаткандыгын белгилеп, ошого окурмандардын көңүлүн буруута багытталган.

Бул көрүнүштү мамлекет жетекчилеринен баштап, мектеп окуучуларына чейин билип, сезип турушат. Кайрадан биринчи курстун студенттери жазган дилбаяндардын материалдарына таянсак, "Азыркы учурдагы мугалимдин орду жана анын келечеги" деген суроого айрымдары төмөндөгүдөй жооп беришкен:

- "Учурда мугалимди анча сыйлашпай калды. Эмнеге экенинин билбейм, мага ошондой сезилет".

- "Азыркы учурда мугалимдердин баркы жок, эч ким урматтабайт, заманга жараша ушундай болсо керек". "Оптом базар болгон күндөрү биздин мектепте сабактар толук өтүлбөй калат. Себеби эжекелер коммерция кылганы кетишет. Аларды деле түшүнсө болот, айлык акчасы жетишпейт да..." ж.б.

Бирок арасында - "Мугалим турмушта чоң ролду ойнойт... Биздин айылда мугалимдердин кадыр - баркы жогору. Мугалимсиз коом өнүкпөйт, ошол үчүн мен да мугалим болууну каалаадым", - деген жооптор да аз эмес (21). Чындыгында, замандын оош-кыйышына карабастан бул адистиктин зарылдыгын, келечектүүлүгүн, маанисин баалагандар коомдо басымдуулук кылат.

Чех элинин улуу педагогу Ян Амос Коменский мамлекет башчыларына, балдар мекемелеринин жетекчилерине, мектеп директорлоруна багыттаган кайрылуусунда минтип жазат: "Эгерде биз мамлекетибиз, чарба иштерибиз жакшы болуусун каалсак, анда биринчи кезекте мектеп ишин тартипке келтирип, гүлдөшүнө кам көрөлү ..." (13,178). Ал кишинин жазгандары арадан беш кылым убакыт өткөнүнө карабастан өз күчүн жоготмок турсун бүгүнкү күндө ого бетер актуалдуу, андан да маанилүү, колго аларлык иш экендиги талашсыз.

Чындыгында, мурдагы совет бийлигинин тушунда мугалимдерге мамлекет тарабынан бир топ материалдык жана моралдык кам көрүлүп келгени факт. Алар электр энергиясы, квартира ж.б. тейлөө кызматтарынын төлөмдөрүндө

жеңилдиктерден пайдаланышып, белгилүү өлчөмдө акысыз отун, көмүр алышчу. Айлык маяналарды көтөрүү маселесинде биринчи кезекте мугалимдер каралчу, эмгек акысы өз убагында берилчү.

Азыркы өткөөл мезгилде агартуу кызматкерлерине эле эмес, бардыгына кыйын. Бирок акыркы жылдардагы өкмөт тарабынан мугалимдин статусун көтөрүү, алыскы районго жөнөтүлгөн жаш адистерге кошумча акы төлөө, жеңилдиктер берүү багытында бир топ иш чаралар жүргүзүлүп жаткандыгы жакшы жышаан.

Демек, педагогдук кесип ар дайым баалуу, зарыл, жоопту болуп келген жана да ошол бойдон кала бермекчи.

### Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар

1. Тарбиячылык кесиптин келип чыгышына эмгектин таасири чоң экендигине ынанасыңбы?

2. Дүйнөдө бардык кесип ардактуу жана жооптуу болгон соң, эмне үчүн мугалимге каттуу талаптар коюлат?

3. өзүң жакшы (же жаман) көргөн мугалимиңди эсте, себебин эмнеден деп билесиң?

4. Мектепте да мугалимдик орунду чоң конкурс аркылуу ээлөөчү учур келиши мүмкүнбү же жокпу? Оюңду далилде.

### Билимди текшерүү үчүн тест суроолор

Тарбиячылык (педагогикалык) кесиптин келип чыгышынын тарыхый себептери.

1. Эмгек куралдарын жасоону жана пайдаланууну, турмуш тажрыйбаларын жаш муундарга үйрөтүү зарылчылыгы.

2. Эмгек куралдарын, турмуш тажрыйбаларын жаштарга үйрөтүү керек деген өкмөттүк буйрукту аткаруу зарылчылыгы.

3. өз тукумуна илим-билимди, эмгек куралдарын жасоону үйрөтүүгө багытталган адамдардын аң-сезимдүү аракети.

4. Алгачкы коомдо эле уруу аксакалдарынын чечими боюнча атайын билимдүү тарбиячылар бөлүнгөн.

5. Адамдардын өз тукумун улантыш үчүн жасаган инстинктивдүү аракети.

Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү. Туура эмес жообун тап.

1. Мугалимдин эмгегин окуучулары мезгил өткөндөн кийин гана баалашы мүмкүн.

2. Эгерде уста алтындан жаман буюм жасаса, ондоого болот, мугалим жаман билим берсе, аны ондош кыйын.

3. Адам катары мугалимдин кээ бир кемчиликтерин кечирсе болот, бирок жакшы билим бербегендиги кечиримсиз.

4. Жаман өтүкчүдөн бир-эки адам, жаман мугалимден жүздөгөн, миңдеген адамдар жабыркайт.

5. Бардык жообу туура.

Педагогикалык адистиктин келечеги.

1. Мугалимдик кесиптин баркы улам төмөндөп баратат, жок болуп кетиши мүмкүн.

2. Педагогикалык адистик жашоодо чоң мааниге ээ жана адам коому менен бирге түбөлүктүү жашай берет.

3. Педагогикалык кесиптин аброю убактылуу төмөндөшү мүмкүн, бирок адамзат барда эч качан жок болбойт.

4. Бардык үч варианты туура.

5. Экинчи, үчүнчү варианты туура.

# IV бап

# Педагогикалык ишмердүүлүк

## §4.1. Педагогикалык ишмердүүлүктүн милдети жана максаты

Ар кандай ишмердүүлүктүн өз багыты, максаты, талаптары, жоопкерчиликтери бар. М: айдоочунун, учкучтун, сатуучунун, врачтын ж.б. Аталгандардын ар бири коомдо зарыл, адамдардын жашоосунда керек болгон милдеттерди аткарат жана аларсыз турмушту элестетүү кыйын. Педагогикалык ишмердүүлүктүн да биз мурда белгилеп кеткендей коомдо өз вазыйпасы бар.

Студенттерге кайрылып, педагогикалык ишмердүүлүктүн милдетине эмнелер кирет, санап бергилечи десек негизинен: "Балдарды окутат, билимге ээ кылат, тарбиялайт, мүнөзүн калыптандырат, турмушка даярдайт," - деген жоопторду алабыз.

Адабияттарда педагогикалык ишмердүүлүккө берилген бир топ аныктамалар кездешет. Алардын айтылышы түрдүүчө болгону менен түпкү маңызы бирдей.

Орус педагогу И.Ф.Козлов педагогикалык ишмердүүлүк: *"... улуу муундун, ата-эне, мугалим, мектеп жана башка тарбия берүүчү мекемелердин балдарды тарбиялоого жумшаган аң - сезимдүү, багытталган иш - аракети"*,-деп жазган (12, 43).

В.А.Сластенин башында турган авторлор: "... *педагогикалык ишмердүүлүк – социалдык ишмердүүлүктүн өзгөчө түрү, улуу муун, адамзат топтогон маданиятты, тажрыйбаларды жаштарга өткөрүү менен, личносттун өнүгүүсүнө шарт түзөт жана коомдо белгилүү социалдык ролду ойноого даярдоо үчүн багытталат"*, - деп аныкташат (28, 24).

Демек, педагогикалык ишмердүүлүк - педагогикалык тажрыйба, теория жана атайын, агартуу мекемелер системасына таянуу менен тарбиялоо процессин уюштурат, тездетет жана балдарды турмушка даярдоону жакшыртат. Кээде турмуш талабынан артта калып, жаңы коомдук көз караштарга кайчы туруп калышы да ыктымал.

Илимий педагогикалык теория - тарбиялоонун закондорун, турмуш талаптарынын, коомдун, жашоо шарттын тарбияга тийгизген таасирин изилдеп үйрөтөт. Ошону менен бирге педагогикалык ишмердүүлүктү так, ишеничтүү, жетишерлик билим менен каржылап, пайда болчу карама-каршылыктарды терең аң сезимдүүлүк менен, эффективдүү чечүүгө жөндөмдүү болушуна жардам берет (19, 29).

Педагогикалык ишмердүүлүктү негизинен экиге бөлүп карашат: тарбиялоо жана окутуу. *Тарбиялык иш деп* – личносттун гармониялык өнүгүшүнө тиешелүү маселелерди чечүүгө ыңгайлуу чөйрөнү түзүү менен тарбиялануучунун ошого багытталган ар тараптуу ишмердүүлүгүн башкарууну айтабыз.

Ал эми *окутууда* - көбүнчө личносттун дүйнө таанып-билүүгө карата жас[illegible]ган ишмердүүлүгүнө басым жасалат (28, 27).

Жалпысынан алганда, педагогикалык жана тарбиялык иш - теңдеш түшүнүктөр. Ошондуктан, тарбиялоо менен окутууну бирдиктүү, тыгыз байланыштагы процесс катары эсептешет. Бирок окутуунун маңыз - максатына арналган бир топ атайын изилдөөлөр жүргүзүлгөнү менен аны дагы тереңирээк билүүгө ыңгайлуу болсун үчүн шарттуу түрдө тарбиялоодон бөлүп карашат.

Тарбиялоо жана окутуу жараянынын ортосундагы айырмачылыктар төмөндөгүдөй негиздөөлөр аркылуу чечмеленет.

- Тарбиялык иштин жыйынтыгы окуучулардын аң — сезиминдеги жана жүрүш- турушундагы оң өзгөрүүлөрдөн байкалат.
- Ал эми окутуунун эффективдүүлүгүнүн маанилүү чени болуп, окуу ишинде жакшы натыйжага жетүү эсептелет. Аны сандык — сапаттык көрсөткүчтөр (баалоо) аркылуу жыйынтыктап алууга болот.
- Тарбиялык иште личность тынымсыз өсүп — өнүгүү, өзгөрүүдө болуп тургандыктан тарбиячынын таасирин дароо бөлүп көрсөтүү өтө кыйын, ал үчүн бир топ убакыт талап кылынат.
- Окуунун мазмунун же окутуунун логикасын программалыштырууга мүмкүн болсо, тарбиялык иштин мазмунун анте албайбыз.
- Тарбиялык иштин планы коомго, эмгекке, адамдарга, илимге, табиятка, буюмдарга, айлана-чөйрөгө, личносттун

өзүнө тиешелүү болуп жалпы мүнөзгө ээ. Дегеле мугалимдин ар башка класстарда жүргүзгөн тарбиялык ишинин логикасын (эрежесин) нормативдүү документтер менен аныктоо мүмкүн эмес.

- Окуу планында каралбаса да этика, эстетика ж.б. илим искусство тармагы боюнча билимин, шыгын, билгичтигин калыптандырууну да окутуу деп эсептешет.

- Тарбиячы анын педагогикалык аракетине кайчы келген, атайын уюштурулган же уюштурулбаса деле терс таасирин тийгизген кубулуштар менен эсептешүүгө туура келет.

- Окутуу, сабак формасынан башка да ар кандай уюштуруу формалары менен ишке ашырылат жана көбүнчө убакыт боюнча чектелип, айкын, так максаты, ага жетүүчү иштелип чыккан түрдүү жолдору бар.

- Тарбиялык иштин дагы бир өзгөчөлүгү мугалим менен тикеден байланышпаган учурда деле тарбиялануучу кыйыр да болсо анын таасиринин астында жүрөт.

Ошентип, окутуу жана тарбиялоо ишиндеги белгиленген өзгөчөлүктөр көрсөтүп тургандай уюштуруу, ишке ашыруу жагына келгенде окутуу бир топ жеңилирээк, ал эми толук педагогикалык процесстин структурасынан алып караганда тарбияга баш ийген абалда турат (28, 29).

Жалпысынан алганда, окуу ишинин ийгилиги, окутуу процессинин гана эмес, тарбиялоонун да натыйжасына көз каранды жана болочок мугалимдерди кесипке даярдоонун максаты болуп, аларды бүткүл педагогикалык процессти башкара билүүгө көнүктүрүү эсептелет.

Чындыгында тарбия — тарыхый кубулуш жана адам коому менен бирге пайда болуп, аң сезимдүү педагогикалык ишмердүүлүктөн мурда жаралган. Ал (тарбия) обьективдүү процесс катары атайын адистик даярдыгы жок адамдар аркылуу эле, балдар менен улуулардын турмуштук карым - катнашы, мамилесинин натыйжасында жүргүзүлө бериши ыктымал.

Башкача айтканда, адамдарды тарбиялоо - коомдун кайсыл гана өнүгүү баскычында болбосун жалпы коомчулук, аң - сезимдин формалары аркылуу ишке ашат.

Ал эми педагогикалык ишмердүүлүк коомдук функция катары обьективдүү процесс - тарбиялоонун түпкүрүнөн пайда болуп, аны атайын окуган, адистик даярдыгы бар адамдар - педагогдор аткарышат. Алардан айырмаланып тарбия про-

цессине катышкан улуу адамдардын көпчүлүгү балдар менен болгон өз ара мамиледе чоң тарбиялык маани бар экендигин түшүнбөстөн педагогикалык максатка ылайыксыз иштерди жасап жибериши да ыктымал.

Тарбиялоо процессинде баары: чоң адамдар жана балдар, буюмдар жана кубулуштар, табият жана айлана - чөйрө катышат. Ал эми педагогикалык ишмердүүлүк ошол табигаттын, айлана - чөйрөнүн, коомчулуктун таасирин туура багыттап, уюштура билген адистерге гана жүктөлөт.

Коомдук мамилелердин жана курчап турган чөйрөнүн тынымсыз өзгөрүп өнүгүшү, тарбиялоо менен педагогикалык ишмердүүлүктүн жакындашына алып келет. Себеби өндүрүштө иштеген насаатчылардын, коомчулуктун өкүлдөрүнүн, педагогикалык билими бар ата-энелердин жана балдардын өздөрүнүн катышуусу менен педагогикалык ишмердүүлүктүн чөйрөсү кеңейе берет (19, 30). Ошондуктан, педагогикалык ишмердүүлүктүн маңызына үңүлүп кириш үчүн, аны түзүп турган максат, мотив, аракет жана натыйжа сыяктуу түшүнүктөрдү бирдиктүү караш керек.

*Педагогикалык ишмердүүлүктүн максатын* көпчүлүк адистер тарбиялоонун максаты менен, же кылымдардан бери жалпы адамзат идеал туткан ар тараптуу өнүккөн личностту калыптандыруу менен байланыштырат. Бул жалпы стратегиялык максатка окутуу жана тарбиялоо аныктаган түрдүү багыттагы маселелерди чечүү аркылуу гана жетишсе болот.

Педагогикалык ишмердүүлүктүн максаты – тарыхый кубулуш. Ал коомдук өнүгүүнүн, адамдардын руханий жана табигый мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен койгон талаптарынын негизинде иштелип чыгат. Мында биринчи кезекте ар түрдүү социалдык жана этникалык топтордун кызыкчылыгы, экинчиден жеке личносттордун өз максаты менен умтулуусу камтылат.

Педагогикалык ишмердүүлүктүн максатынын негизги *обьектиси болуп тарбиялоочу чөйрө, коллектив, тарбиялануучулардын жеке өзгөчөлүктөрү менен иш - аракеттери эсептелет.* Демек, педагогикалык ишмердүүлүктү ишке ашыруу тарбиялоочу чөйрөнү жана коллективди түзүү, тарбиялануучулардын иш аракеттерин уюштуруу, личносттун жеке өзгөчөлүктөрүн өркүндөтүү сыяктуу социалдык-педагогикалык маселелерди чечүү менен байланышта болот.

## §4.2. Педагогикалык ишмердүүлүктүн гумандуулук табияты

Тээ байыртадан, тарбия процесси башталгандан эле жаш балдар менен иш алып баруу, аларды бир нерсеге үйрөтүү машакаттуу экендиги байкалган. Табиятына жараша балдар эч убакта бир жерде тынчтанып олтура албайт. Алар сөзсүз кыймылда болуп, бири-бири менен сүйлөшүп, шоктонуп турушат. Көңүл бөлүүсү да туруктуу болбой, башка нерсеге тез алаксып кетиши ыктымал.

Мектептер ачылып, балдарды сабаттуулукка үйрөтүү башталганда, кошумча проблемалар да пайда боло баштады. Мисалы: сабакка кечигип келүү, айтканды аткарбоо же түшүнбөй калуу, билимге кызыкпоо, ката жазуу, начар окуу, сабак учурунда тартип бузуу ж.б. Ошентип, бул проблемаларды канткенде туура чечсе болот деген суроо кылымдар бою тарбиячыларды түйшүккө салып, ишмердүүлүгүндө түрдүү метод, каражаттарды колдонуп келишкен. Айтсак, адегенде эскертүү берип, кызыктырып, алдап да көрүшкөн, кээде макташып, кээде жазалашкан. Айрыкча жазалоо методу кеңири колдонулуп, ал турсун балдарды таяк менен сабаганга чейин барышкан. Кыргыз элинин педагогикалык пансофиясы катары бааланган "Манас" эпосунда мындай эпизод бар. "Манас жетиге толгондо айылда жок ашынган тентек чыгат. Бай Жакып байбичеси Чыйырды менен акылдашып, аны Ошпурга козу кайтаруучу кылып берет. Жакып Ошпур менен Кадообайга катуу тапшырды:

- Кээде ач болсун, кээде ток болсун, эркелетпегиле. Сөзү тийсе уруп деле койгула" (2,53).

Кытай элинде биздин заманга чейинки 551-479 - жылдары Конфуций (Кун- Фу- Цзы) деген улуу философ, даанышман адам жашап өткөн. Ал өзүнүн жеке мектебин ачып балдарды окуткан, адеп - ахлак, жашоо эрежелери (этика, мораль) туралуу китеп жазып калтырган. Анын окуусунун негизги максаты: "Мамлекетине берилген, атасына сыйлаган, эзелки салттарды сыйлаган, байыркы акылман башкаруучуларга суктанган, милдетин пайдадан жогору койгон, акыл менен сезимди баш ийдире алган, улууларды

кыңк этпей уккан, коомду бузуп өзгөртөм деген жаман ойдон алыс болгон, жогорку адеп-ахлактагы адамды тарбиялоо" болгон (24, 130).

Көп улуттарда жок, таң калаарлыктай жана суктанаарлык бир нерсе-кытай, япон, корей элдери Конфуцийди пайгамбарындай көрүшүп, анын китебин биздин (мусулман элдеринин) Куранындай ыйык тутушуп, осуяттарын ушул мезгилге чейин так аткарышып келишкендиги, (алардын бүгүнкү жетишкендиктеринин негизи да ушунда жатса керек).

Ошол кишинин мындай жазганы бар экен: "Бир ирекет окуучуларымдын бири адепти жыйыштырып коюп, эки бутун талтайта сунуп салып отуруптур. Мен ага: "Жашыңда адепсиз, орой болсоң, кемелиңе келип турганда колго илинээрлик бир нерсе жаратпасаң, карыганда өлүмдөн үркүп корксоң - мына ушул адам сапатынан чыккан айбанчылык", - деп эскертип таяк менен бир салдым. Акылмандын токтоо болгону дурус, бирок аңкоого таяк дары".

Демек, уруп жазалоо тарбия процессинде дайыма кошо жүргөн. Байыркы Египет кол жазмаларындагы: "Баланын кулагы анын желкесинде", мусулман дүйнөсүндө баланы молдого окууга берээрде: "Эти сеники, сөөгү меники", - деген сөздөр бекеринен чыкпаса керек. Бирок жазалоо окуу-тарбия процессинде жакшы натыйжа бербегендигин, көпчүлүк тарбиячылар өз практикасында байкашкан.

Бүгүнкү күндө деле мектепте колдоруна узун линейка же указка кармап алып, класста кудум күзөтчүдөй ары – бери басып, сабак өткөн мугалимдер жок эмес. Студенттин эскерүүлөрүндө: "Биздин эжеке билбеген окуучуларды доскага чыгарып алып урчу эле", - деген фактылар да кездешет. Дагы бир болгон окуяны мисалга келтирели: "Биринчи класста окуйбуз, эжекебиз сабакты ушунчалык берилүү менен өтүп жаткан. Укпай шоктонуп отурган окуучуну көрүп, бир чапты. Тигил бала бышактап ыйлап жиберди эле, эжекебиз да кошулуп ыйлады. Бир аздан соң эжекебиз жүзүн аарчып аны соorотту. Мен аны эч убакта унутпайм, дайыма сыйлайм" (21). Чындыгында, бир жагынан кейиштүү, бир жагынан ойлонто турган көрүнүш. Эжекенин жасаган иши канчалык туура эмес болгону менен анын боорукердиги, ички дүйнөсүнүн тазалыгы, бардык күнөөсүн жууп, тазартып тургансыйт.

Дегеле, мугалимдин эмгегинин мазмунун ар дайым гумандуулуктун жалпы адамгерчиликтин башаты түзөт. Түрдүү доордун прогрессивдүү педагогдору буга чоң маани беришип, ар дайым биринчи орунга коюп келишкен.

Гумандуулук деген өзү эмне?

Гумандуулукту жалпы жөнүнөн адамды личность катары сыйлоо, адамгерчилик деп которушат.

Педагогикалык көз караштан алып караганда ал бир топ кеңири түшүнүк. Башкача айтканда, *гумандуулук деп, адам мүмкүнчүлүгүнүн, анын өркүндөө жөндөмдүүлүгүнүн чексиз экендигин, ар бир личносттун жеке көз карашын, ишенимин эркин билдире алуу укугун урматтоо керектигин мойнуна алган принциптерди* айтышат.

Демек, окуу жана тарбия процесстерин гумандаштыруу - тарбиячы менен тарбияលануучунун ортосундагы мамиледе личностту сыйлоо ал жөнүндө кам көрүү, педагогикалык көңүлдүн борборуна окуучунун кызыкчылыгын, таламын коюу, жараткандын эң кымбаты, баа жеткиси адам экендигин баланын туюмуна жеткирүү болуп саналат (11,32).

Педагогикалык ишмердүүлүктө гумандуулук принциптерди даңазалагандардын бири болуп В.А.Сухомлинский (1918-1970) эсептелет. Ал, ар бир окуучунун кайталангыс жеке талантын таанып ача билүүнү жана алпештеп өстүрүүнү мугалимдик иштин негизи деп билген. "... тарбиячылардын туура таасиринен билимдүү, моралдык жактан калыптанган эмгекчил адам чыкпаган бала эч убакта болбойт. Наристеге ишене билүү - педагогикалык оптимизмдин фундаменти", - деп жазат Сухомлинский (29,15).

Элестетеличи, мектеп, отузга жакын кичинекей биринчи класстын окуучуларынын жарык маанай наристе жүздөрү кандай адам болбосун жүрөгүн жылытпай койбойт.

Алардын алдында чоңдор улуулар дүйнөсүнөн келген даанышман. Балдардын көпчүлүгү күндү караган күн карамангын гүлдөрү сымал аны бажырая тиктешет. Мындай шартта мугалим окуучулардын арасында ата - энени абройунан калышпаган сый - урматка жеңил гана ээ болуп калышы ыктымал.

Бирок аны менен кошо мугалимдин ийнине кичинекей, ишенчээк бөбөктөрдүн бүтүндөй окуучулук мезгилинде нормалдуу өсүп - өнүгүүсүнө тиешелүү жоопкерчилик да кошо

жүктөлөт. Ошондуктан, тарбиячынын кандай адам экендигин, ой-жүгүртүү сезимдеринин канчалык деңгээлде экендигин билүү чоң мааниге ээ.

Деги тарбиячы алдындагы окуучулардан кимди көрөт? Кеп мына ушунда. Балдарды баш мээсине билим куя турган бош челек, же системага түшүп калган сыйлоо, жазалоо сыяктуу методдор менен керектүү нерсени жасоого жарамдуу материал деп эсептеген класста кырдаал башкача.

Ал эми кичинекей отуз наристенин ар биринен индивидуалдуулукту, коомдо орду бар инсанды көрүп, алардын өсүп — өнүгүүсүнө көмөк көрсөтө алаарын туйган мугалимдин классындагы кырдаал да, окутуу жараяны да өзгөчө болот. Мезгил өткөн сайын ар бир окутуучуда аздыр - көптүр тажрыйба топтолуп, кээ бири тың чыкса, айрымдарынын жүүнү бош экендиги байкалат.

Турмушта моюнга ала турган бир нерсе, кенже класстар үчүн мугалимдин жогорку же атайын орто билимдүү экендиги анчалык чоң мааниге ээ эмес. Негизгиси - балдар жөнүндө эмне пикирде, кандай ички маанай менен класска кирет, максаты окуучулардын жөндөмүн өстүрүүгө жардам берүүбү, же аларды "акылдуу жаныбарлар" көрүп, өндүрүшкө, саясий системага кызмат өтөөгө үйрөтүүбү? Мүмкүн мектепке өкмөттөн маяна алуу үчүн гана бараттыр?

Ошондуктан, адам баласынын табийгаты кандай экендиги жөнүндө терең ой жүгүртүп түшүнүү, аны күндөлүк педагогикалык ишмердүүлүгү менен тыгыз байланыштыруу мугалимдик кесип үчүн өтө маанилүү. Педагогикалык ишмердүүлүктүн жоопкерчиликтүүлүгү да, гумандуулук табияты да мына ушунда.

### §4.3. Айылдык мектептердеги мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү

Педагогикалык ишмердүүлүктүн өзгөчөлүктөрүнө токтолгондо, айылдык мектептеги мугалимдердин ишиндеги айрым бир шарттар эске алынбаса, окуу тарбия процессин уюштурууда алардын терс таасири тийип калышы ыктымал. Айыл мугалимдеринин эмгегиндеги жана иш-

мердүүлүгүндөгү өзгөчөлүктөр айылдагы коомдук мамилелердин, жашоо шарттарынын жана чарба өндүрүшүнүн бөтөнчүлүктөрү менен аныкталат.

Белгилей кетүүчү нерсе *айыл мектеби бардык жалпы билим берүү мекемелеринин функциясына тиешелүү маселелерди чечүү менен катар окуучуларды айыл чарбасында эмгектенүүгө даярдоо багытындагы өзгөчө милдеттерди да аткарат.* Ошондуктан, айыл мектептериндеги мугалимдин ишмердүүлүгүндөгү жана эмгегиндеги өзгөчөлүктөрдү аныктоочу факторлорду: туруктуу жана убактылуу (өтмө мүнөздөгү) деп эки топко бириктирсе болот (28,22).

Биринчи группадагы факторлор курчап турган табият жана айыл чарбачылыгы менен шартталса, экинчиси айыл жергесинин шаарга салыштырганда социалдык - экономикалык жактан айрым бир артта калуучулугу менен түшүндүрүлөт. Айтсак, компьютердик техникалардын жетишсиздиги, бүгүнкү күндөгү окутуунун алдыңкы технологияларынын окуу процессинде кеңири колдонулбагандыгы ж.б.

Мектептин тегерегиндеги айыл чарба өндүрүшүндөгү шарттар, айыл окуучуларын окуу менен турмушту байланыштырууга, табиятка байкоо жүргүзүүгө, сабакты жана класстан сырткаркы иштерди конкреттүү материалдар менен байытууга, окуучуларды коомдук пайдалуу эмгекке тартууга, айыл чарба адистерин сыйлоого тарбиялайт.

Элет жеринин тургундары бирин-бири абдан жакшы тааныгандыктан мугалимдин ишмердүүлүгү коомдук катуу көзөмөлдүн шартында жүрөт. Анын баскан кадамы, кыймыл - аракети, жасаган иштери, сүйлөгөн сөзү, кыялы, кулк - мүнөзү баарына дайын, билинип турат.

Айыл эмгекчисинин үй - бүлөсүндөгү өзгөчөлүктөрдү да эске албай коюуга болбойт. Ал азыркы коомдогу үй - бүлөгө тиешелүү жалпы эрежелерди сактоо менен дале болсо эскичилдиги, үрп–адатты, салтты бекем кармагандыгы менен мүнөздөлөт. Кээ бир үй - бүлөдөгү маданияттык деңгээлдин төмөндүгү, ата - энелердин тарбия маселесинде кабарынын жоктугу да балдарга өз таасирин тийгизет.

Башкача айтканда, "кыргызчылыктын" айрым бир терс жактары да окуу, тарбия процессине өз таасирин тийгиз-

бей койбойт экен. "Бизде бир жаш мугалим эжейдин кайнатасынын аты фамилияма, кайненесинин аты менин атыма окшош эле. Ошол үчүн эжей мени жаман көрүп жүрдү..", "... эжекебиз жердешчил эле, тууган-уругуна аябай жан тартчу. Класста бир үкөсү, эки кайниси бар болчу. Алардын чейрегине дайыма "5" коюлуп калганына, биз таӊ калчубуз. Чындыгында, өздөрү "3кө" да татыктуу эмес эле (21). Бул мисалдарды окуп кантип эле ушундай болсун деп таӊ каласыӊ, ишенгиӊ да келбейт. Студенттер жазып жаткан соӊ демек, бул факт, турмуш чындыгы. Кандай болгондо да болочок мугалимдерди ушундай нерселерден этият болгула, окуучуларыӊар силердин жакшы, жаман жагыӊарды эч качан унутпайт деп эскертип кетмекчибиз.

Айылдык мектептердеги педагогикалык процессти уюштурууда кыйынчылыктарды алып келүүчү факторлордун дагы бири - айрым мектептердин толук комплекттүү болбогондугу. Андыктан көпчүлүк учурларда тиешелүү билими болбосо да мугалимдер эки-үч предметти окутууга аргасыз болот. Демек, андай шарттарда иштей ала турган универсал мугалимдерди атайын даярдоо бүгүнкү күндүн актуалдуу маселелеринин бири (28, 22).

Кээ бир жогорку окуу жайлар кошумча адистиктерди берип, же айрым предметтерди тереӊдетип окутуп жаткандыгы маселенин оӊ чечилишине жардам берүүдө. Айрыкча, мектептердин басымдуу көпчүлүгү айыл жергесинде жайланышкан Кыргызстандын шартында бул демилге толук колдоого арзыйт.

### Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар

1. Педагогдук ишмердүүлүктө "окутуу" жана "тарбиялоо" түшүнүктөрүнүн айырмасы барбы? Болсо эмнеде?

2. Кыргыздардын :"Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет", орустардын: "Баланы тарбиялоону баштаарда камчы даярда," - деген учкул сөздөрүн педагогикалык гумандуулук принциби менен байланышта анализде.

3. Көп жылдан бери өз айылында эмес коӊшу шаардагы мектепке барып - келип иштеп жүргөн мугалимдер бар. Себебин эмнеде деп ойлойсуӊ?

### Билимди текшерүү үчүн тест суроолор

### Тарбиялоо жана окутуу иштериндеги бир максаттуулук жана айырмачылыктар.

1. Тарбиялык иш личносттун гармониялык өнүгүшүнө багытталат.

2. Окутуу личносттун таанып билүү ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө басым жасайт.

3. Шарттуу түрдө гана бөлүнбөсө, окутуу жана тарбиялоо-теңдеш түшүнүктөр.

4. ?ч варианты тең туура.

5. Биринчи, экинчи варианты туура.

### Педагогика илиминдеги гумандуулук принциптер. Туура эмес жообун тап.

1. Адам мүмүкүнчүлүгүнүн, өркүндөө жөндөмдүүлүгүнүн чексиздигине ынануу.

2. Личносттун жеке көз карашын сыйлоо.

3. Ар бир баланын өз эркин балдире алуу укугун урматтоо.

4. Ар бир окуучуну личность катары сыйлоо.

5. Бардык варианты туура

Айыл мектебинде иштегенде, кайсыл факторлорду эске албай койсо деле болот?

1. Шаарга салыштырганда социалдык-экономикалык жактан айрым бир артта калуусун.

2. Айыл тургундары бири-бирин жакшы тааныгандыктан, мугалимдин ишмердүүлүгү коомдук катуу көзөмөлдөөдө болгондугун.

3. Мугалимдин жүрүм-туруму, кыймыл-аракети, кулкмүнөзү баарына дайын экендигин.

4. Айылдагы айрым үй-бүлөлөрдүн дале болсо эски үрпадатты, салтты бекем кармагандыгын.

5. Бардык төрт факторду тең эске алыш керек.

# V бап

# Адистик үчүн маанилүү болгон педагогдогу личносттук сапаттар

## §5.1. Педагогикалык мамиле, тил табыша билүүчүлүк

Илимде далилденгендей адам – биосоциалдык тирүү организм. Башкача айтканда, адам өзүнө биологиялык (тирүү организмге таандык) жана социалдык (аң-сезим, сүйлөө, түрдүү кыял, мүнөз, жүрүм-турум адаттары) сыяктуу касиеттерди жана сапаттарды синтездеп, бириктирип турат.

Демек, биологиялык тирүү организм болгон соң адамга табиятынан, тукум куучулуктан берилүүчү касиеттер да ишмердүүлүгүндө эске алынып, ага чоң маани берилет. Турмушта кээ бир адамдарды башкалардан айырмалап, бир нерсеге кичинесинен жөндөмдүү, шыктуу деп айтканыбыз ошондон.

Адам коомдун мүчөсү катары каалоосуна, кызыгуусуна жана жөндөмүнө жараша кесип тандап алуу менен коомго кызмат өтөөрү белгилүү.

Бирок практикада кээ бир адистиктер адамдан тубаса касиетти жана жөндөмдү талап кылат. М: космонавт, учкуч, музыкант, артист, сүрөтчү ж.б.

Алардын катарында педагогикалык кесиптин да өзүнө гана тиешелүү талаптары бар. Кээде "*мугалим болуп төрөлүш керек*" деп коюшат. Демек, мугалимдик кесипти өмүр бою аркалап келген адамда ошол талаптарга жооп бере ала турган сапаттардын болушу зарыл. Эгерде андай касиеттерге ээ боло албаса адам тынымсыз эмгек, изденүү жана атайын машыгуулар менен аларды калыптандырууга милдеттүү. Белгилүү ойлоп табуучу Эдисон: "Гений - 1% эргүү, 99% кара терге түшүп эмгектенүүдөн турат", — деп бекеринен айтпаса керек (6,43).

Ошондой эле тескерисинче, ар кандай кесип адамга белгилүү деңгээлде таасирин тийгизип, анда адистикке мүнөздүү психологиялык касиеттердин калыптанып калышына себеп болот. Ал эми педагогикалык ишмердүүлүктүн

таасири ушунчалык күчтүү болгондуктан, кээде адамдын жүрүш-туруш маданиятынан, сүйлөгөн сөзүнөн эле мугалим экендиги сезилип калат (27,31).

Белгилүү советтик педагог А.С.Макаренко минтип жазат: "Практикада, көпчүлүк мугалимдер сиздер катары эле, мен үчүн да төмөнкүдөй "майда-чүйдө" көрүнгөн нерселер: окуучулардын алдында кандайча туруу, кантип отуруу, качан үндү көтөрүү, жылмаюу, тиктөө ж.б. кээде чечүүчү роль ойнойт. Бул нерселерге бизди эч ким үйрөткөн эмес, бирок үйрөтүү зарыл жана үйрөнсө болот" (20, 234).

Демек, балдар менен болгон педагогикалык өз-ара мамиледе "майда нерсе" деген болбойт: сүйлөгөнүң, караганың, каш-кирпигиңдин кыймылы, кол шилтегениң, баш ийкегениң, кыскасы баарынын өз кызматы бар. Себеби, биз үчүн окуучулар менен жөн эле мамиледе эмес, адис катары мамилелеш болууга туура келет. Бул жөнүндөгү маалыматтарды кийинки курстарда, педагогикалык чеберчилик жана педагогикалык технологияларды өздөштүрүүдө толук аласыңар.

Мугалимдин үзүрлүү эмгектениши үчүн адистигине жараша билим, ык, машыгуулардан сырткары зарыл болгон айрым бир жеке, адамдын өзүнө гана тиешелүү психологиялык, личносттук сапаттарга, алардын маанилерине токтолобуз. Ошондой педагогикалык адистикке маанилүү личносттук сапаттардын бири болуп окуучулар, ата - энелер ж.б. адамдар менен тил табыша билүүчүлүк же мамиле түзө алуучулук (мамилечилдик) эсептелет.

"Балдарга айтылган пикир, олуттуу сөз чоң мааниге ээ жана биздин уюштуруу иштерибиздеги катачылыктардын көбү алар менен дурустап сүйлөшө албаганыбызда. Айткандарыңдан, сөздөрүңдөн сенин сүрүң, эркин, маданиятын, инсандык жүзүң сезилип турсун. Буга үйрөнүү керек", - деп А.С.Макаренко баса белгилейт (20,242).

Бир топ жыл мурун илим изилдөөчүлөр мектепти бүтүргөн чоң кишилерден: "Силер жактырган мугалимиңер жана эмне үчүн жакшы көрчү элеңер?" – деп сурамжылап көрүшкөн. Жыйынтыгында экспериментке катышкан беш миң кишинин баары мугалимдин окуучуга жасаган мамилесин өзгөчө бөлүп аташкан (6, 104).

Биздин студенттердин сочинениелеринде да мугалимдин жылуу мамилесине басым жасалып: "... бизди кел уулум, кел кызым деп чакырчу, мени кызым деди деп сүйүнчүбүз; ...эжекемдин жумшак сөздөрү, мээримдүү көздөрү алигиче көз алдымда", - сыяктуу мисалдар абдан көп. Ошол эле учурда "... сылык мамиле жасоо менен бирге өз талабын да кое билүүсү зарыл. Биздин агай сабакта өтө эле сылык болуп, талапты унутуп койчу. Окуучулар агайдын сабагында радиону кулагына салып отурушчу. Менимче ошол сабактан досторум азыр кыйналып жатышса керек; "... Бир жоош агайдын сабагында эшикке чыгып-кирип жүрө берет элек. Директор келе жатат дегенди укканда бизден беттер дымып калчу. Ал агайдын сабагынан нөл болуп калдык; ... бир агайыбыздын боштугунан 10-11-класстар ага салам да берчү эмеспиз", -деген пикирлер да учурайт (21).

Демек, адамдар менен тил табыша билүү педагогикалык мамиленин эң маанилүү бөлүгү болуп эсептелет. Ансыз мугалим менен окуучунун ортосунда өз ара түшүнбөөчүлүктүн дубалы тургузулуп, баланын ички дүйнөсүнө кирүү кыйын болуп калат. Мындай кырдаалда жемиштүү педагогикалык ишмердүүлүк жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес.

Турмушта кээ бир адамдар өтө эле токтоо, оор мүнөздүү болуп, тегерегиндегилер менен кыйла убакыттан кийин мамилелешсе, айрымдары башкалар менен тез эле тил табышып кетет. Булар адамдарга табигатынан берилүүчү сапаттар болгону менен, мугалим үчүн чоң мааниге ээ жана аны илимде *педагогикалык мамиле же педагогикалык мамилечилдик* деп атап коюшат.

Деги кандай мамиледе болуу керек деген суроо туулат. Ага конкреттүү жооп, туура кеңеш берүү да оңой эмес. Анткени жогоруда белгилеп кеткендей адамдын биосоциалдык табигаты, калыптанышы ар түрдүү эмеспи.

Окумуштуулар, психологдор педагогикалык мамилени үч түргө же стилге бөлүп карашат.

**1. Авторитардык (авто-жеке).** Бул стилде мугалим окуучулардын ишмердүүлүгүн жеке өзү башкарып, алардын демилгесине тыюу салат. Көбүнчө башкаруучулук тон (үн) менен сүйлөп, каршы пикирлерди жактырбайт.

**2. Демократиялык (демос – эл).** Бул стилди кармаган мугалимдер окуучулар коллективинин пикирине таянат, алардын сунуштарын уга билет. Бир ишти уюштураарда анын максатын баарына жеткире түшүндүрүүгө аракеттенет, чечимди чогуу кабыл алышат.

**3. Либералдык.** Бул стилди колдонгон мугалимдер коллективдин турмушуна кайдыгер карап, аралашпоого аракеттенет, активдүүлүгүн көрсөтпөй, көп маселелерди формалдуу, үстүртөн чечет. Жоопкерчиликтен өзүн алып качып, башкалардын пикирлерине оңой эле ынанып кетиши мүмкүн.

Балдар менен мамиле түзүү ар дайым чыгармачылыкты талап кылат. Бир эле сабактын жүрүшүн мисалга алсак, анын ичинде ар түрдүү педагогикалык кырдаалдар түзүлүп, чукул чечимди талап кылуучу маселелер пайда болуп турат. Канткенде балдар менен туура педагогикалык мамиле түзсө болот?

Бул суроого илимий теориялык жактан жооп иретинде төмөнкүдөй кеңештер сунушталат:

1. Балдар менен сүйлөшүүдө алардын личносттук өзгөчөлүктөрү менен бирге өзүңдөгү жеке педагогикалык, психологиялык сапаттарыңды да эске ал.

2. Эмоциялык абалыңды башкарууга жетишип, ар түрдүү кырдаалдардан, тоскоолдуктардан чыга бил жана окуучулардын алдында өзүңдү дайыма оптимист, шайдоот алып жүрүүгө аркеттен. Себеби мугалимдин кабак - кашы, көңүлү сезилбестен класска да өтөөрүн эч качан эстен чыгарба.

3. Практиканын алгачкы күндөрүндө бир канча мугалимдердин сабактарына катышып, алардын балдар менен болгон мамилесине байкоо жүргүз, өз пикириңди башкалар менен бөлүштүр жана жыйынтык чыгар.

4. Сабакты анализдөө менен мугалим колдонгон ыктарды өзгөчө бөлүп кара, алардын окуу-тарбия маселелерин канчалык деңгээлде чечип жатканын байка.

5. Тажрыйбалуу мугалимдер уюштурган тарбиялык иштерге катышуу менен алар кантип балдардын мүнөзүн, жеке сапаттарын эске алгандыгын жана анын мамиле түзүүдө кандай маанилүү экендигин белгиле.

6. Бир канча сабактарга катышуу менен анда түзүлгөн психологиялык абалды салыштыр, айырмасын жана себептерин ажырата бил.

7. Мугалимдин окуучулар менен болгон мамилелериндеги түрдүү илээ, ыктарды өзүндөгү жеке сапаттар менен салыштырып көр. Себеби башкаларды жөн эле туурай берүү жакшы натыйжа бербешин эсинден чыгарба жана ар дайым чыгармачыл изденүүдө бол (6,107).

## §5.2. Балдарды жана педагогикалык кесипти сүйө билүү

Өз адистигин сүйө билүү кайсы кесиптеги адамга болбосун чечүүчү мааниге ээ. Адам өз ишин сүйө билбесе, ал иш адамга моралдык канааттанууну алып келбесе, анда жогорку өндүрүмдүүлүк, коомго пайда алып келүүчүлүк жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес.

Бирок, башкалардан айырмаланып педагог өз кесибин сүйүү менен гана чектелбестен, балдарды да сүйө билиши керек болуп жатпайбы. Ошондуктан, мугалимдин өз адистигине жана балдарга болгон сүйүүсүн ажырата билүү теориялык, практикалык жактан маанилүү.

Адамдын өз адистигине жасаган мамилеси жана сүйүүсү коомдук-тарыхый шартка жараша болот. Бир эле мезгилде кээ бир адистиктер эл арасында кеңири жайылып, абройлуу болуп, башка бир адистик тескерисинче жоголуп кетиши ыктымал экендигин белгилеп өтмөкчүбүз (27,32).

Кыргыз элинин тарыхына көз чаптырсак, совет бийлигинин алгачкы жылдарында мугалимдик кесип абдан барктуу болгон. Анткени Кыргызстандын ошол мезгилдеги маданий-экономикалык шартына ылайык мугалимдер кыргыз интеллигенциясынын басымдуу көпчүлүк бөлүгүн түзүү менен алгачкылардан болуп элет жергесинде алдынкы маданиятты, сейрек кездешүүчү илим-билимди алып жүрүүчүлөрдөн гана эмес, аны карапайым калкка жайылткандардан да эле.

Кийинчерээк, XX кылымдын 60-70-жылдарында Рысбай Абдыкадыровдун таасири менен бир топ жаш, жаңы стилдеги обончу, аткаруучулар өсүп чыгып, Муратбек Рыскулов, Таттыбүбү Турсунбаева, Сүймөнкул Чокморов сыяктуу белгилүү актерлор аркылуу искусство адамдары турмушта өзгөчө орунду ээлеп, жогору бааланып келишкен. Бирок бүгүнкү кырдаал аларды да түйшүккө салып жаткан-

дыгын чындык үчүн белгилеп кетмекчибиз. Демек, мунун баары коомдун бул же тигил адистикке болгон талабына жана аркалаган кесибинин аброюн калк арасында көтөрүүгө кудурети жеткен адамдын жөндөм-шыгына жараша болот экен.

Бирок азыркы рыноктук экономиканын шартында адистикти тандоо адамдын материалдык жактан жетишээрлик камсыз болушуна да тикеден-тике көз каранды болуп калгандыгын эске албай коюуга болбойт.

Орустун улуу жазуучусу Лев Николаевич Толстой педагогикалык кесиптен биринчи кезекте гумандуулукту көрүп, ал балдарды сүйүүдөн тастыкталарын далилдөө менен мындай дейт: “Эгерде мугалим өз ишин сүйсө, андан жакшы мугалим чыгат. Эгер мугалим окуучусун ата-эне катары гана сүйсө, анда ал бардык китептерди окуп чыккан мугалимден дурусураак, бирок анда өз ишине, окуучуга карата сүйүү деген жок. Эгерде мугалим ишине, окуучусуна да болгон сүйүүсүн бириктире алса, анда ал эң мыкты мугалим” (30,362). Л.Н.Толстой баланын эркиндигин окутуу жана тарбиялоодогу негизги принцип деп эсептеген жана Россияда алгачкылардан болуп аны жайылткан.

Ал эми швейцариялык улуу педагог И.Г.Песталоцци тарбиячынын ролун, балдарга болгон сүйүүсүн баса белгилеп, аны тарбиялоонун негизги каражаты катары жарыялоо менен: “Мен балдарга болгон терең сүйүүмдөн өткөн методду, тарбиялоо искусствосун билбеген экенмин”, - деп жазат (23, 68).

Бала – келечектеги адам, балалык чоң турмушка даярдоочу мезгил деп көпчүлүк тарабынан кабыл алынып калган жалпы түшүнүккө белгилүү польшалык педагог, жазуучу жана коодук ишмер Януш Корчак кошула алган эмес. (Ал согуш мезгилинде, 1942-ж., фашистердин калып кал дегендерине көнбөстөн өзү тарбиялап жаткан еврей жетим балдары менен кошо газ камерасына кирип уулануудан курман болгон). өзүнүн “Баланы кантип сүйүү керек” деген эмгегинде бала менен чоң адамды айырмалап, экиге бөлүп карабайт. Анын ою боюнча “балдар жок - бирок башкача масштабдагы түшүнүктө, башкача тажрыйбага ээ, башкача кызыгуусу, башкача сезимдеги адамдар бар” экендигин белгилеп, “Педагогика адам жөнүндөгү эмес, бала жөнүндөгү илим дегендин өзү чоң катачылык”, –деп жыйынтыктайт (32,13).

Ошентип, мугалимдик адистиктин чыныгы чебери болууда балдарды сүйүү, аларга чоң адамдардай олуттуу мамиле жасоо маанилүү ролду ойнойт жана зарыл. Дегеле, мектеп босогосуна **“Баланы сүйбөсөң бул эшикти аттаба!”**, - деп жазып коюу туура болчудай.

Тажрыйбалуу мугалимдердин бири “Педагогикалык кесип эмне үчүн кымбат?”, - деген суроо коюп, төмөндөгүдөй жооп берет: «Анткени барынан да мага өсүп келе жаткан жаш муундардын ишене, сыйлай, сүйө билүүсү менен катар ачык сындап, жаман көргөнүн да жашыргысы келбеген, өзүнө кымбат тарбиячыларынын асыл сапаттарын түбөлүккө эске сактай билүү жөндөмүнө ээ болгондугу үчүн кымбат. Баланын жүрөгү ар дайым ачык, умтулуусу, максаты таза, чоңдордун таасири болбосо ал эч качан калп сүйлөбөйт» (27,33). Чындыгында, “баланын тилеги жакшы, пейили ак, таза, аны дайыма периште колдоп жүрөт, ошондуктан, кудай тилегин кабыл кылат”, - деген сөз эл арасында көп айтылат.

Баланы сүйүү деген өзү эмне?

Жогоруда айтылып кеткендей адам биологиялык тирүү организм, инстинкттен куру эмес. Ата-эне балдарын башка жаныбарлардай эле, инстинкт аркылуу сүйөт (табигатта кой, уй ж.б. жаныбарлар деле белгилүү бир убакытка чейин балдарын “сүйүшөт, коргошот” эмеспи).

Бирок адам жаныбарлардан айырмаланып аң-сезим, ой жүгүртүү, сүйлөө, нравалуулук ж.б. бир топ коомдук касиеттерге ээ. Адамдын балага болгон сүйүүсү ошол коомдук сапаттарга негизделип чечмеленет. Жыйынтыктап айтканда, дегеле моралдык жана психикалык жактан дени соо адамдын баары баланы сүйөт.

Баланы сүйүү көбүн эсе анын жаш курак психологиясын түшүнүүдөн, балдар менен узак жана өз - ара жакын, туура мамиледе болуудан башталат. Мугалимдеги балдарга болгон сүйүү сезиминин калыптанышы үчүн канча убакыт талап кылынаардыгын тастыктоо мүмкүн эмес. Ошол эле учурда үйүндөгү ага-инилери, эже-карындаштары менен болгон өз ара мамиле, теңтуштары менен чогуу ойногондору ал сезимди калыптандырууда чечүүчү роль ойноору практикада далилденген.

Ата-эненин үлгүсү да чоң мааниге ээ. Болочок мугалим өскөн үй-бүлөдө чоңдор менен балдардын ортосундагы жагымдуу мамиле, балдарды жакшы көрүү менен бирге туура коюлган талап, андагы балдарды сүйө билүү сапатынын калыптанышына оң таасирин тийгизет. Мектепте окуп жүргөндө Исаак Ньютон физиканы жакшы билген эмес. Ч.Дарвинди атасы эч нерсеге жөндөмү жок деп эсептеген. Н.Гоголь сочинениени “ортого” эле жазчу экен (6,38). Албетте, жогорудагы адамдардын бардыгы кийинчерээк тынбаган эмгек, өзү-өзү башкаруу, тарбиялоо аркылуу дүйнөлүк атак-даңкка жетишти. Бирок биздин максат ар бир баланы сүйүп, келечекте турмуштан өз ордун таба ала турган адам болоруна ишенич артыш керек деген ойду дагы бир ирет бышыктоо болуп саналат. Элдик педагогикада муну:

“Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет,

Карындагы баланын хан болоорун ким билет”, - деген макал менен кыска, бирок нуска гана тастыктап коет.

Башталгыч класстын мугалимдери жаш балдарда күчтүү таасир калтыраары жалпыга маалым. Биринчи мугалимдин элеси андагы жакшы же жаман мүнөз, пейилдерге карабастан окуучунун эсинде өмүр бою сакталат. Биздин көз карашыбызда ал төмөндөгү себептер менен түшүндүрүлөт.

1. Окуучулардын элестөөсүндө башталгыч класстын мугалими кемтиги жок, ар тараптуу өнүккөн адам, мектептин жүзү, андагы тартип, эрежелерди балдарга жеткирүүчү мектеп дирекциясынын өкүлү.

2. Баланын мектепке чейинки турмушундагы эң кымбат адамдары болуп ага кам көрүшкөн ата-энеси, агасы, эжеси эсептелип келсе, мектеп босогосун аттаган соң личность катары калыптануунун жаңы этабы башталып, бул процессте чечүүчү ролду мугалим ойнойт.

3. Мектептин биринчи күндөрүндө эле бала өзүн таптакыр башка дүйнөгө келип калгандай сезип, кулк-мүнөзүн, адаттарын өзгөртүүгө туура келет. Мындай ички психологиялык жаңылануу процессинде бала сөзсүз биринчи мугалимдин жардамына, камкордугуна муктаж (27,34).

Жогоруда белгилеп өткөндөй балдарды сүйүү аларга айрым бир талаптарды кое билүү дегенди да билдирет. Ансыз тарбиялоого жана окутууга мүмкүн эмес. Белгилүү француз педагогу Жан Жак Руссонун мындай жазганы бар: “... адам-

ды бузуунун эң эле ишеничтүү жолу - анын каалаганын аткарып, эч нерсе талап кылбоо. Ошондо чыныгы залим сиздин колуңузда дей бериңиз".

Бирок талап коюу - окуучунун кудуретин, мүмкүнчүлүгүн жүрөк аркылуу туя билгенде гана педагогикалык максатка жетерин эстен чыгарбоо зарыл.

### §5.3. Личносттогу көркөм сүйлөө, эрк, сабырдуулук жана чыдамкайлык сапаттардын мааниси

Педагогикалык процессте тарбиячынын сүйлөгөн сөзүн (речин) туура кабыл алуу жана түшүнө билүү чоң мааниге ээ. Анткени окумуштуулардын изилдөөсүнө караганда окуу убактысынын жарымына жакыны мугалимди угууга кетет экен (10, 85). Демек, өтүлүп жаткан материалды окуучулар тарабынан жетишерлик деңгээлде кабыл алынышы, мугалимдин речинин туура коюлгандыгына байланыштуу.

Балдар, айрыкча башталгыч класстарда окугандар мугалимине окшош болгусу келип, анын сүйлөгөнүн, баскан-турганын, кыймыл-аракетин туурашат эмеспи. Ошондуктан, тыбыштардын туура айтылышы, үндүн коздугу педагог үчүн чоң мааниге ээ. Эгерде бир сөздү туура эмес айтып алсак, ашыкча эле үндү бийиктетип же төмөндөтүп сүйлөсөк бир жагынан балдарга күлкү, ал турсун лакап болуп кетишиң да мүмкүн. Экинчиден жасалма сүйлөп жатканың сезилип, мугалимге ишенбөөчүлүк пайда болоорун да унутпайлы.

Элестетип көргүлө - "Р" тамгасын айталбай, кекечтенип, чулдурап сүйлөп сабак өтүп жаткан мугалимди. Андай көрүнүштү элестетүү кыйын, болушу да мүмкүн эмес. Демек, педагогдук кесип да адамда кээ бир сапаттардын сөзсүз болушун талап кылат экен. /ндүн коздугу, бийиктиги, уккулуктуулугу тиешелүү жеке адамга гана берилген табигаттын белеги, ырыскысы деп айтышат. Бир жагынан алып караганда туура. Анткени белгилүү обончу, аткаруучулардын үнүн кыялында, ичинден туура эле кайталап жаткандай болосуң. Бирок үнүңдү сыртка чыгара келгенде окшошпой калат.

Тарыхта өз алдынча аракеттенип бул багытта ийгиликке жетишкен адамдардын болгону үлгү катары айтылып

жүрөт. Мисалы, Байыркы Грецияда Демосфен аттуу киши өзүндөгү физиологиялык кемтикти(кекечтигин) жоюп, көрүнүктүү саясий ишмер, оратор (сөз чебери, чечен) болууга жетишкен. Ошондой эле Владимир Маяковский да (XX кылымдын башындагы советтик акын) эл алдына чыгууга даярданганда оозуна таш толтуруп алып дарыянын жээгинде өзүнчө сүйлөп, ырларын үн чыгара окуп машыкчу дешет (10,85). Бул мисалдардан адамдын каалоосу күчтүү, эрки бекем болуп тынбай аракеттенсе сүйлөө речин ондоого боло турганын көрүп турабыз.

Бүгүнкү күндө ораторлук чеберчиликке, речти калыптандырууга багытталган бир топ жаңы технологиялар, көнүгүүлөр системасы иштелип чыккан. Театралдык педагогиканын бай тажрыйбасына таянуу менен болочок мугалимди көркөм, кооз сүйлөөгө, ар-бир сөздү так, даана, уккулуктуу айтып окуучуларга анын мазмунун толук жеткире билүүгө үйрөтсө болот. Керек болсо азыркы эксперименталдык физиология илими үндүн сапатын түп - тамырынан өзгөртүп, ондосо болоорун ишендирет.

Педагогикалык ишмердүүлүктөгү көркөм сүйлөй билүүнүн мааниси жөнүндө А.С.Макаренко: "бери келчи - деген сөздү 15-20 түрлүү айта алганымда жана үнүмдү, жүзүмдү 20 мааани берүүчү түскө өзгөртүүгө жетишкенимде гана педагогикалык иштин чебери боло алдым", - деп жазган (27, 56).

Эми адамдын сүйлөө речинде маанилүү ролду ойногон үнгө байланыштуу атайын түшүнүктөргө токтолуп кетели.

1. *Дикция – сөздүн, ар –бир муундун жана үндүн ачык, даана айтылып чыгышы.* Ал көбүнчө үн аппаратынын (эрин, тил, тиш, жаак, таңдай, үн түйүндөрү) түзүлүшүнө жана иштешине байланыштуу болот.

2. *Ритмика (ыргактуулук) – мугалимдин сүйлөп, же жаңы материалды түшүндүрүп жаткан учурда сөздөрдүн ылдам же жай айтылышы.* Кээ бир адамдар табигатынан быдылдап тез сүйлөсө, айрымдары өтө эле жай, дегеле шашпайт.

Педагогикалык иште речтин ыргактуулугун (ритмикасын) башкара билүү чоң мааниге ээ. Айталы, өтүлүп жаткан материалдын татаал бөлүгүн жай түшүндүрүп андан кийин тезирээк сүйлөй берсе болот. Илимпоздордун эсептөөсүнө караганда орустарда минутасына 120, Англичандарда 120-150 сөздүн айтылышы нормалдуу деп эсептелет (10, 91).

Демек, ылдам же жай сүйлөө ар-бир элдин менталитетине, өзгөчөлүгүнө байланыштуу экендиги көрүнүп турат.

3. *Интонация (лат. –катуу сүйлөө) - деп үндү кээде бийик, кээде төмөн чыгаруу менен тыным сактап уккулуктуу, кооз сүйлөгөндү айтабыз.*

Жогорудагы элементтерди эске алуу жана педагогикалык иште туура пайдалана билүү мугалим үчүн аба менен суудай керек. Сабак өтүлүп жатканда ар кандай кырдаалдар түзүлүп калат. Мисалы, класста күбүр-шыбыр көбөйүп, балдар тынч олтура албай калды дейли. Мындай учурда "Тынч!" деп кыйкырса деле болот. Бирок тажрыйбалуу мугалимдер үнүн акырындатып жай сүйлөө менен классты керектүү нукка буруп алат.

Айрым мугалимдердин монотондуу (бир калыпта, бир түрдүү) сүйлөгөнү балдарды зериктирип, көңүл бөлүүсүн төмөндөтөт, уйкусун келтирет.

Ушундай көрүнүш жөнүндө бир студент мындай жазат: "Биздин бир эжекебиз бар болчу. Ал эшиктен кириши менен эле класстагы бардык окуучулар уйкусурашат эле. Биз анын сүйлөгөнүнөн жадап кетчүбүз. Андан көрө китептен окуп кел десе да окумакпыз. Мен ал предметтен жакшы эле болчумун, кийинчерээк формулалардын бирин да билбей калдым" (21). Бул мисалды келтирүү менен силерди, болочок мугалимдерди ушундай наарazычылык пикирлерден кудай алыс кылсын деген тилегимди кошо айткым келет.

Албетте, балдар башын столго коюп алып уктабашы, ал турсун мугалимдин айткандарын калтырбай жазып жатышы деле мүмкүн. Бирок көңүлү, ою сабактан тышкары башка жакта чабыттап жүргөн соң, анын билим алууда пайдасы жок. Муну практикада академик И.П.Павлов айткандай "көзүн ачып уктоо" деп коюшат (10, 91).

Үндөгү интонациянын мааниси тууралуу сөз болгондо педагогикалык илимдердин доктору, профессор, Россия Федерациясынын Илимдер Академиясынын анык мүчөсү, академик Г.Н.Волковдун айтып берген бир мисалы эске түшөт. "Биздин айылда сабаттуу адамдар аз болгон учур экен. Бир карапайым кишинин шаарда окуган баласынан телеграмма келет. Окуганды билбеген соң телеграмманы көтөрүп сыртка чыкса кат тааныган темир уста жолугат. Телеграмманы көрсөтүп окуп берчи деп суранганда, кол-

менен катар, эрк аракеттен гана билинбестен, кай бир иштерге барбай, өзүн кармай алган учурларда да сезилет. Айталы, көп жылдар бою тамеки чегип, же ичкилик ичип жүрүп таптакыр таштап койсо, башка адамдар менен болгон түрдүү мамилелерде сабырдуулукту көрсөтүп өзүн башкара билсе, андай кишилерди эрки күчтүү экен деп коюшат.

***Сабырдуулук*** да – адамдагы личносттук сапаттардын бири. Бардык нерсеге сабырдуу бол, "Сабырдын түбү сары алтын", - деп үйрөтөт эл макалы. Албетте, бул бардык эле кесиптеги адамдардагы баалуу касиеттердин бири. Бирок мугалим үчүн өтө зарыл деп эсептейбиз. Анткени ал мүнөзү токтоло элек, түрдүү кыял жоруктардагы жаш балдар менен иш алып барат. Ал эми жаш балдардан, айрыкча биринчи класстын окуучуларынан эмнелерди гана күтүүгө болбойт. Кечээ эле ата-эненин, үйдүн эркеси болуп жүргөн бала мектеп тартибине дароо көнүп кетиши кыйын. Ал турсун курсагым ачты деп ыйлашы, сабак учурунда үйгө кетем деши да ыктымал.

Мындай учурларда бир жагынан күлкүң келсе, экинчиден ачууланып, жазалоонун түрдүү ыкмаларын колдонуп жиберишиң да мүмкүн. Дагы эле студенттердин жазганына таянуу менен ачууга алдырган, сабыры жок мугалимдерден бир-экөөнү мисалга келтирели: "Бизде өтө эле ачуулуу, заар эжеке бар эле. Сабакка бир аз кечигип келген окуучу кызыбызды циркуль менен атып урганда туура эле бетине барып сайылган. Андан аркысын жазбай эле коеюн, өтө жаман иш болгон". "Биздин эжекебиз балдарды сүйгөн, боорукер, билимдүү болчу. Дайыма акыркы партада отурган, "экичи" (жаман окуган), жевачка чайнай берген бала бар эле. Эжекебиз жевачкасын оозунан алып, чачына жабыштырып жүрүп ал адатын калтырган" (21).

Мына ушундай ишенээр – ишенбесиңди билбеген окуялар да кездешет экен, жыйынтыгын өзүңөр чыгаргыла. Эсиңерге сала кетүүчү нерсе,мектеп практикасында жазалоо барып турган "катуу" методдордун бири. *Ошондуктан, "катуу" ыкмаларды "чабал" мугалимдер көп колдонот деп коюшат.*

Мугалим деле адам, демек башкаларга тиешелүү кемчилик, артыкчылыктардан кур эмес. Бирок ал – педагог. Ал эми эрктүүлүк, өзүн кармай билүү, сабырдуулук, боорукердик, чыдамкайлык мыкты мугалимдеги кесиптик-психо-

логиялык сапаттардын ажырагыс бөлүгү. Алар окуучулар менен болгон мамиледе дайыма өзүн колго алып, оройлукка жол бербей, сезгич келип, талап коюу менен катар көңүлүн калтырбоого аракеттенет. Жогорудагы сапаттардын болушу күтүүсүздөн түзүлүп калган педагогикалык татаал жагдайларда өтө маанилүү.

К.Д.Ушинский врачтык кесип менен мугалимдик кесипти салыштырып, экинчисин, андан төмөн койбогон. Демек, врач өзүнүн оорулуусуна капа болбогон сыңары мугалим да окуучуларынын кылык - жоруктарына чыдамкайлык менен мамиле жасаганы оң. Оорулуу сакайып дарыгерине рахмат айткандай окуучу да мугалимине, анын эмгегине ыраазычылыгын сөзсүз билдирет. Бирок ал учур бир топ жылдардан кийин келиши да мүмкүн. Арийне, мугалимдик кесиптин башка кесиптерден айырмасы да, өзгөчөлүгү да, баалуулугу да ушунда.

### Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар

1. Тили чулдур же башка бир физиологиялык кемтиги бар адамдын педагог болуп иштешине сенин пикириң кандай?

2. Окуучулар менен мамиле түзүүдө авторитардык, демократиялык, либералдык стилдерге бөлүү негизсиз, практика жүзүндө мугалим кырдаалды сезе билип аракеттенет дегенге кошуласыңбы?

3. Баланы сүйбөгөндөр деле эң мыкты кесиптерде ийгиликтүү иштеп жаткан фактылар көп. Мугалимдикте бул эреже эмне үчүн колдонулбайт?

4. "Телевидениеде диктор болуп иштемек белек, бизди неге эле артыкча кыйнайсыздар?" - деп студент наараазы болсо, эмне деп жооп берер элең?

### Билимди текшерүү үчүн тест суроолор

### Тил табыша билүүчүлүк.

1. Бул жеке сапат табигаттан берилет, мугалим болуп иштөөдө анча деле роль ойнобойт.

2. Бул сапат табигаттан берилиши да мүмкүн, бирок мугалим үчүн зарыл жана ага машыгып үйрөнсө болот.

3. Табигаттан берилүүчү жөндөм болгондуктан, бул сапат болбосо, башка кесипти тандоо керек.

4. Бул сапат болбосо деле, башталгыч класстарда мугалим болуп иштесе боло берет.

5. Бардык вариантында каталар бар.

Окуучулар менен болгон мамиледе алар менен кеңешип , пикирин угуп, башкаруучу тон менен сүйлөп, көбүнчө *алардын ишине кийлигишпейт.* Бул . . .

1. Авторитардык стиль.
2. Демократиялык стиль.
3. Либералдык стиль.
4. Аныктама туура эмес.
5. Гуманисттик стиль

Балдарды жана педагогикалык адистикти сүйө билүү.

1. Ар бир адам адистигин сүйбөгөнү менен, милдетин так аткарса, өзүнө да, коомго да пайдалуу.

2. Педагогикалык адистикте балдарды сүйбөсө да, мыкты мугалим болгон фактылар көп.

3. Эгерде мугалим ишине жана окуучусуна болгон сүйүүсүн бириктире алса, анда ал-эң мыкты мугалим.

4. Баланы моралдык, психикалык жактан дени соо адамдын баары эле сүйгөндүктөн, мугалимдик кесипте роль ойнобойт.

5. Экичи жана төртүнчү варианты туура.

**Көркөм сүйлөө, эрк жана чыдамкайлык сапаттардын мааниси.**

1. Үндүн кооздугу, сөздөрдүн даана, так айтылышы, бекем эрк жана сабырдуулук педагог үчүн чоң мааниге ээ.

2. Педагог үчүн эң маанилүүсү- материалды жакшы билүү, кооз сүйлөөнүн билим берүүдө анча таасири жок.

3. Үндүн корулдаганы, тилдин чулдурап калышы табигаттан, андайларга мугалим болбо деп кеңеш берүү туура эмес жана кемсинтүүгө барабар.

4. Мугалим да адам, кээде өзүн кармай албай калса кечиримдүү.

5. Чыдамкайлыктын, сабырдуулуктун да чеги болот, айрыкча кенже класстын балдары нормадан ашып кетсе, жазалоо пайда берет.

# VI бап

# Педагогикалык маданият

## §6.1. Педагогикалык маданият жана этика

Маданият латын тилинен которгондо тарбия, өнүгүү, кадырлоо, сыйлоо ж.б. бир топ маанидеги түшүнүктөрдү өз ичине камтыйт. Предметке тиешелүүсүн алып караганда, *маданият - адамдын чыгармачылык күчүнүн, тарбиялуулук, башкаларды кадырлай билүү жөндөмдүүлүк деңгээлинин көрсөткүчү.* Маданиятты башка сөздөр менен айкалышта колдонгондо ар түрдүү маанини берет. Мисалы: сүйлөө маданияты - бирөө менен аңгемелешип жатканда, сөздүн айтылышы, көркөмдүк, уккулуктуулук, сылыктык эрежелерин кармоо; жүрүш–туруш маданияты - коомдук жашоодогу негизги талаптарды, эрежелерди сактай, аткара билүү. Башкача айтканда, кайсыл мааниде болбосун адамдын ошол багытта өзүн кармай билүү деңгээлине жараша анын маданияттуулугун аныкташат.

"Жалпы маданият" менен "педагогикалык маданияттын" ортосунда айырма бар. *Жалпы маданиятка адамдагы сылыктык, сыпайыгерчилик, токтоолук, жөнөкөйлүк сапаттар менен өзүн коомдогу алып жүрүүсү кирет. Ал эми педагогикалык маданият дегенде мугалимдин окуучулар менен болгон өз ара мамилесиндеги жалпы педагогикалык (тарбиялык жана билим берүүчүлүк) талаптарга жооп берүүчү сапаттарын айтабыз* (27,141). Демек, педагогикалык маданиятта жалпы маданияттын элементери болгону менен, ал өзүнчө түшүнүк.

Коомдук жана жеке турмушунда башка адамдар менен болгон мамилесинде жетишерлик деңгээлде маданияттуу бирок, педагогикалык маданиятка ээ болбогон мугалимдер да кездешет. Ал сапаттар балдарга орой тийип, өзүн кармай албай, адилетсиздик менен мамиле жасаганда даана көрүнөт.

Илимде педагогикалык "этика" деген түшүнүк бар. Ал грек тилинен которгондо "салт" дегенди билдирүү менен мораль жөнүндөгү илим. Ал эми мораль латын тили-

нен косторгондо "нравалуулук" дегенди түшүндүрөт жана адамдын жүрүм-турум эрежелерин гана эмес коомчулук алдындагы милдетин, жоопкерчилигин чагылдыруучу коомдук аң-сезимдин формасы. Инсандагы нравалуулук андагы ички, чыныгы өзгөрүлбөс сапаттар.

Мисалы, патриоттуулук же Ата Мекенине, өз элине болгон чыныгы сүйүү - нравалык касиет жана күндөлүк турмушта байкалбашы мүмкүн. Ал ички сезим, ички күч жоптуу кырдаалдарда гана көзгө көрүнүп, сыртка чыгат.

Далил катары Ч. Айтматовдун "Бетме-бет" повестиндеги Ысмайылды алалы. Тынчтык мезгилинде күндөлүк турмушуна тың, үй-бүлөгө кайрымдуу дурус эле адам. Бирок согушка аттанаарда ички дүйнөсү- нравалуулук сапаты ачыкка чыкты. Көрсө коркок, жеке кызыкчылыгын ойлогон, керт башынын камын жеген патриоттук сезими тайкы инсан экен. Ошол эле учурда Чолпонбай, мурда башкалардан өзгөчөлөнбөгөн жаш жигит, кыйын учурда намыстуу. Ата Мекени, жолдошторунун өмүрү үчүн жанын кыйган баатыр болуп чыкты.

Бир студент кыз мынтип жазат: "Классташ балабыз ойноп жатып эле жыгылып, колун сындырып алды. Эжекебиз чуркап келип, линейканы коюп бинт ордуна көйнөгүн айрып колун шакшактап таңды. Башкалар эмне кылаарын билбей, ал турсун "тез жардам" чакырууга да жарашпастан тегеректеп, жардап турушту. Эжекебиз баланы көкүрөгүнө алып, клиникага чейин өзү көтөрүп барды. Бул эрдик эмей эмне? Эжекемдин ошол элесин өмүр бою эсимде сактайм" (21).

Мейли, бул окуя баатырдыкка жатпасын дейли. Бирок адамгерчиликтик, чечкиндүүлүк сыяктуу адамдагы бийик нравалуулук сапаттардын эталону катарында студенттин сезимине күчтүү таасир берип, жүрөгүндө түбөлүккө сакталып калуунун өзү баа жеткис нерсе.

Айтайын дегенибиз, педагогикалык этиканы же маданиятты сакта дегенди кээде бирдей эле түшүнүп, кабыл алса болот, бирок айырмасы бар. Мисалы, врач адамдын өмүрү үчүн акыркы секундаларга чейин күрөшөт. Абалы оор , жашоосуна саналуу күн калса да "мурдагыдан жылыш бар, жакшы болуп кетесиз" деген жылуу сөздөрдү гана колдонушат. Адамдагы кээ бир ооруларды сыр катары сактап, коомчулукка, башка бирөөлөргө айтышпайт.

Укук органдарынын кызматкерлери граждандарга "сиз" деп кайрылышат. Соттун чечими жок туруп бирөөнү "кылмышкер", "күнөөлүү" деп айтышка, кандай учурда болбосун адамдык намысына шек келтирүүгө акысы жок. Булардын баары адистикке гана тиешелүү этикалык жоболор, принциптер.

Педагогикалык этиканын өзүнүн түшүнүктөрү бар. Аларга педагогикалык милдет, акыйкатчылдык, намыс, кадырбарк, уят ж.б. кирет (22,72). Ошентип, мугалимдик этика анын маданияттуулугун гана эмес ички руханий сапаттарын да ичине камтыйт. Мугалимдин маданияттуулугуна кенен токтоло турган болсок, алар анын жүрүш-турушунунан, кийиминен, мамилесинен, сөзүнөн, педагогикалык тактысынан ж.б. бир топ сапаттардан турат.

## §6.2. Педагогикалык такт

Педагогика жана психология илимдеринде педагогикалык такт жөнүндө жазылган эмгектер бир топ. Ал авторлордун дээрлик баары мугалимдин педагогикалык тактысы - кенен түшүнүк жана ага бир түрдүү аныктама бериш кыйын экендигин белгилешет. Педагогикалык тактттын маани - маңызын ачып берүүнүн татаалдыгынын себеби – бул көрүнүштүн жалпы кабыл алынган "такт" жөнүндөгү түшүнүккө салыштырганда мазмуну башка экендигинде.

Такт - латынча бир нерсеге өтө жакындап тийип тургандын, сезип жаткандын түшүндүрөт. *Демек "такт" адам менен мамилелешип анын ахыбалын эмоциясын жакындан сезип, көрүп, байкап ошого жараша жасаган сенин аракетиңде байкалчу көрүнүш.* Ошондуктан, жалпы мааниси боюнча алып караганда "такт" адептүүлүк түшүнүгүнө кирет жана адамдардын өз ара мамилесин нормага салып башкарып турат.

Тактичный киши экен деген сөз адамга мамилеси жакшы, аяр, маданияттуу, сыпаа экендигин мүнөздөйт. "Такт" бардык адамдарга зарыл сапат болуу менен гумандуулуктун принцибине негизделип, кандай оор кырдаал түзүлбөсүн адамды адам катары сыйлоону талап кылат. Ошондуктан, кээ бирөөлөр педагогикалык тактты адамдын маданиятту-

улугу менен байланыштырып карашат. Бирок, педагогикалык такт өзүнчө, адистикке байланышкан түшүнүк жана жалпы тактан айырмаланып мугалимдеги адамгерчиликтик жеке сапаттар (сылыктык, балдарды сүйүү, урматтоо) менен гана чектелбейт.

Педагогикалык такт жөнүндөгү бир канча авторлордун аныктамаларына токтололу.

1) Педагогикалык такт - мугалимдин түрдүү кырдаалдарда окуучуларга тарбия берүүчү, таасирлүү аракеттерди, каражаттарды таап колдоно билүүчүлүк сапаты (10, 147).

2) Педагогикалык такт - окуучулар менен болгон өз ара мамиледе тарбиялоонун максатына жана милдеттерине дал келген мугалимдин жүрүш-турушундагы кесиптик, психологиялык, педагогикалык өзгөчөлүк (27,122).

*3) Педагогикалык такт – окуу-тарбия процессиндеги ар кандай көрүнүштөрдө туура педагогикалык ыкмаларды пайдалануу (27,127).*

Салыштырып караганда бул аныктамалар бири-бирине каршы эмес, тескерисинче, бирин - бири толуктап тургандыгы даана байкалат. Жалпылап айтканда, педагогикалык такт, мугалимге гана тиешелүү нукура кесиптик сапат. Педагогикалык такт-ар бир мугалимде ар башка. Ошондуктан, аны табигаттан берилүүчү жөндөм, талант катары да санашат. Чындыгында, андай эмес. Педагогикалык такт мугалимдин тынбаган чыгармачыл ишмердүүлүгүнөн, өз алдынча изденүүсүнөн, түйшүктүү эмгегинен жаралуучу педагогикалык чеберчиликтин бир түрү, керек болсо “мугалимдин кесиптик ыкмасы болуп да эсептелет” (4,126). Ошентип, педагогикалык такт, түрдүү педагогикалык кырдаалдарда көрүнүүчү кубулуш экендигин тастыктадык.

Педагогикалык кырдаал дегендин өзү эмне, ал качан жана кандайча түзүлөт? *Педагогикалык процессте атайын, пландуу уюштурулган же күтүлбөгөн жерден пайда болуучу шарттардын, жагдайлардын жыйындысын –педагогикалык кырдаал дейбиз*. Мисалы: Коңгуроо болуп, сабак башталды, класска бирөө кечигип келди. Мунун өзү педагогикалык кырдаал. Окуучу сабакка даяр эместигин ачык эле билдирди - бул да өзүнчө педагогикалык кырдаал. Бир окуучу катуу чүчкүрүп, башкалары каткырып күлүп жиберишти. Экөө шыбырашып, бирөө башка китеп окуп,

бирөөлөр кат жазып бири-бирине ыргытып жатышат дейли. Булардын баары класста түзүлгөн педагогикалык кырдаал. Алар бир күндө ондоп, жүздөп учурашы мүмкүн.

Буга сен кандай аракет жумшап, кайсыл метод, кайсыл каражатты, кантип колдоносуң? Болгондо да чечимди тез кабыл алыш керек. Ушул кырдаалдарда мугалимдин педагогикалык такты ачык көрүнөт.

Айталы, мугалим кечиккен окуучуну класска кийирбей, даяр эмес окуучуларга дароо экилерди күндөлүктөрүнө коюп, күлгөн, шыбырашкан окуучуларга кыйкырып, берки окуучулардын каттарын, окуп жаткан китептерин алып коюуга аракет жасады. Булардын баары *педагогикалык тактка* кирет. Бирок, мугалим жасаган иштер, ал колдонгон ыкмалар окутуунун, тарбиялоонун максатына жеттиби, окуучунун инсандык аброюна шек келтирбедиби, жакшы таасир калтырдыбы? Кеп ошондо.

"Эжейибиз сабак билбейсиң, кечигесиң", - деп эч кимибизди урушчу эмес. өзүбүз эле кечикпөөгө аракеттенчүбүз же бизге жакшы сүйлөп жеткиргенби? Ким билет. "... Менин биринчи мугалимим абдан жакшы аял эле, баарыбыз жактырчубуз. Бир күнү кечигип калдым. "Эмне кечигип жүрөсүң, чыгып кет!" -деп кыйкырды. Мен бакырып ыйлап жибердим. Ошондо абдан капа болгомун", - деп жазышат студенттер (21). Мына, бир эле кырдаалда эки түрдүү такт колдонулду. Чындыгында, биринчи учурда мугалимдин такты жакшы натыйжа бергендиги көрүнүп турат.

Дагы бир жолу кайталап айта турган нерсе - педагогикалык такт, мугалимдин тажрыйбасына, чеберчилигине жараша колдонулат жана байкалат. Мугалимдеги педагогикалык такт сабак учурунда гана эмес, класстан сырткаркы иштерде, көчөдө, ал тургай окуучулар менен бирге конокто болуп калган учурларда болсун ошол эле тарбиялык милдетин аткарат.

Мугалимдин иш - аракетинде кээде педагогикалык этиканын чегинен чыгып, кээде жетишээрлик таасирдеги чара көрүлбөй калынышы да мүмкүн.

Педагогикалык адабияттарда, кандай кырдаалда кайсыл методду же ыкманы канчалык "өлчөмдө" колдонуу керектиги жөнүндө жазылып коюлган даяр жооптор жок. Медицинада "башың ооруса бул дарыны, ичиң ооруса тигил да-

рыны пайдалан" деген рецепттер болот. Ал турсун бир оорууга шыпаа берүүчү бир канча дарыларды сунуштаган атайын фармацевтика деген илим бар. Мугалим болсо, биз жогоруда айтып өткөндөй ар кандай кырдаалдын алдында жалгыз калып, алган билимине, жеке тажрыйбасына, керек болсо интуициясына таянуу менен аракет жасайт. Башка илимдерден айырмалап *педагогиканы илим эмес искусство, ал эми мугалимди жөнөкөй аткаруучу эмес, чебер актер болуш керек деген сөздүн төркүнү* мына ушунда.

Ошентсе да, өздөрүнүн иш тажрыйбаларын ортого салып, байкоолоруна таянып жазылган сунуштарды, кеңештерди педагогикалык адабияттардан, басма беттеринен көп жолуктурабыз. Аларды анализдөө, үйрөнүү жана пайдалануу айрыкча жаш адистер үчүн мыкты натыйжаларды берет.

Балага атайын көңүл буруу, камкордук көрүү, жумшак мамиле жасоо анын жаш өзгөчөлүгүнө жараша өзгөрүп турушу керек. Айтсак, кенже класстын окуучуларын кучактоого, башынан сылоого, ал турсун эркелетип атынан чакырууга да болот. Кээде атайлап баасын жогорулатып, мактап, көңүлүн көтөрүп коюу да пайдалуу. Ал эми өспүрүмдөр менен сыпайы, токтоо, жөнөкөй мамиле жасаган натыйжалуу. Анткени алар өздөрүн чоңоюп калгандай сезип "балага" жасагандай мамилеге кыжыры келиши ыктымал (10, 148).

Белгилей кетчү нерсе – эч качан башка бирөөнүн ыкмасын, ал колдонгон педагогикалык тактты механикалык түрдө туурабастан, чыгармачылык менен пайдалануу зарыл. Бир мезгилдерде сенде да башкалар кызыга, үйрөнө турган жакшы методикалык усулдар, ыкмалар жаралат. Албетте, бул үчүн убакыт, анан дагы сөзсүз, талбаган эмгек, тынымсыз изденүү керек.

## §6.3. Мугалимдин сырткы көрүнүшү

Орус элинин улуу жазуучусу А.Чеховдун: "Адам бардык жагынан сулуу болууга тийиш", – деген канаттуу сөзү бар. Албетте, бул жерде ички дүйнөнүн сулуулугу жөнүндө да сөз жүрүп жаткандыгы чындык. Ошол эле учурда психологиялык жана педагогикалык илимдерде: "Окуучулар сынчыл, куудул, баамчыл, кийген кийимине, сүйлөгөн

сөзүнө чейин суктанып карашат. Ошондой жакшы адам болгусу келээри анык", - деп айтылат. Демек, жогорудагы учкул сөздүн мугалим үчүн башкаларга салыштырмалуу өзгөчө тиешеси бар.

Ошентип, педагогикалык процессте мугалимдин сырткы көрүнүшү белгилүү деңгээлде тарбиялык мааниге ээ, ал эстетикалык жактан көркөм жана таасирдүү болушу зарыл. Бирок сырткы кебетеңе кайдыгер мамиле жасоо канчалык туура эмес болсо, ага артыкча эле көңүл бөлүп, сыланып, сыйпана берүү да ошончолук туура эмес.

Чачтын таралышы, костюм ал турсун мугалимдин кийиминдеги жасалгаларга чейин педагогикалык милдетти аткарууга, личностту калыптандырууга таасир этүүчү факторго айланууга тийиш.

Айрым бир студенттер: "... Эжейибиздин басканы, кийген кийими, сүйлөгөн сөзү, аткарган жумушу бизди өзүнчө эле тартипке салып койчу",- дешсе, кээ бирөөлөрү: "... Эжекебиздин колдорунун салаларында чоң-чоң алтын шакек көп эле. Кээде ар бирин чыгарып алып тазалай берчү". "... Менин бир мугалимим модалуу кийинчү. Сабакка киргенде "шымынды, юбкаңды канчага алдың? Сен сентябрга кийим кылбадыңбы?" - деп сурай берчү. Чоңоюп эле калган окуучулар болгондуктан, мындай сөздөрдөн көпчүлүгүбүз (айрыкча эски кийимчендер) абдан уялчубуз", - деп жазышат (21). Бул абдан эле туура эмес жосун экендиги айтпасак да түшүнүктүү эмеспи.

Белгилей кетүүчү нерсе, косметиканы пайдаланууга, кооз буюмдарды тагынууга акылуу болуу менен катар, ар кандай кырдаалда чектен чыкпоону унутпа. Анткени сен *педагог, тарбиячысың*. Дайыма эле жаңы, кымбат баалуу, модалуу кийинип жүрүү реалдуу турмушта ишке ашпай турган нерсе. Бирок жарашыктуу буюм күтүп, өзүн таза, тыкан алып жүрүү, ар-бир адамдын колунан келет эмеспи.

Тарбиячынын эстетикалык таасирдүүлүгү жүзүндөгү жагымдуу жайдарылыктан, тыкандыктан, кыймылдагы токтоолуктан, баскан-турганынан да ачык сезилет. Ага обу жок артыкбаш кыймылдар, шашмалык, жүүнү бош тук таптакыр туура келбеген сапаттар. Ал турсун, окуучулардын алдына кандай кирип, кантип тиктегенин, саламдашканын, олтургучту кантип жылдырып, классты кантип ара-

лаганың – ушул сыяктуу “майда-чүйдө” нерселер да тарбиялык мааниге ээ. Мугалимдин кыймыл - аракетинен, көз карашынан, балдар кандайдыр бир ички күчтү, өзүнө ишенген сабырдуулукту сезип турганда гана педагог адам катары таасирдүү, тарбиячы катары күчтүү көрүнөт (10, 81).

Мугалимдин сырткы көрүнүшүнө, келбетине, кыймыл аракетине, кийимине конкреттүү кандай талаптар коюлат? Жалпысынан алганда, бул адамдын жеке иши, ички табитине, сезимине байланыштуу көрүнүш. Ага “мындай кийин, андай жүр, тигиндей кыймылда” дегендин өзү маданиятсыздык. Бирок анын тарбиячы, мугалим экендигин эч качан унутпоосун эске салуу артыкча болбостур деген пикирдебиз.

### §6.4. Мугалимдин авторитети

Чыгышта “Мугалимдин көлөкөсүн басып алуудан сак болуп, эки - үч кадам артта жүр”, - деген накыл сөздүн жаралышынын өзү эле мугалимдин канчалык деңгээлде абройлуу болуп келгендигин далилдейт.

Билим, тарбия жаатында 2,5 миң жылдык тарыхы бар Кытай элинде төмөндөгүдөй бир салт илгертен жашаган. “Баланы мектепке атказуучу күндү түрдүү ырым - жырымдар менен атайын тандашкан. Ошол “бактылуу” деп эсептелген күнү мектептин босогосунда атасы, уулу жана мугалим үчөө Конфуцийдин алдына сыйынып, ант беришкен.

Андан кийин окуучу мугалимдин бутуна ийилип таазим кылуу менен, ага толук баш ийгендигин билдирген. Мугалим ага өз атынан башка, жаңы, мектеп атын ыйгарган” (24,130).

Көрдүңөрбү, мындан биз эки нерсени белгилеп кеткибиз келет. Биринчиси - билим берүүчү да, билим алуучу да өтө жооптуу ишке кадам шилтегенин билдиришип, аны абийирдүүлүк менен аткарууга ант беришкендиги.

Экинчиси - мугалимдин аброю (авторитети) өтө жогору жана окуучунун алдында чексиз бийликке ээ. Керек болсо, ата-энеси төрөлгөндө койгон ысымын да бала окуусун бүткөнчө өзгөртүп алып жатпайбы.

*Авторитет - латын тилинен которгондо,коомчулук кабыл алган, жалпыга белгилүү кадыр, барк, аброй.* Ар бир инсандын жашоо турмушунда ал турсун үй - бүлөсүндө адам

катары - авторитети болот. Тиешелүү адистик боюнча иштеп, башка адамдар менен кызматташтык жана турмуштук мамиледе кесиптик авторитет жаралат. Ал личносттун жеке сапатына, билим деңгээлине жараша коллективде өрчүйт, бышыкталат же жоголот.

Инсандык авторитет адамдагы баалуу сапаттарга, педагогикалык болсо кесипке байланышкан артыкчылыктарга негизделип куралат. Ал экөөнүн дал келбей калышы мектептерде кеңири таралган кейиштүү маселелерден. Идеалдуу караганда алар дал келмек турсун бирин-бири толуктап, жуурулушуп туруусу зарыл эмес беле.

Ошол эле учурда авторитетти авторитардуулук менен алмаштырбоо керек. Авторитардуулук - бийликти кыянат пайдалануу болуп эсептелсе, баланы ар тараптан өнүктүрүүгө бийликти пайдаланууну авторитет деп билебиз (33).

Мугалимдин авторитети окуучулар, алардын ата-энелери, кесиптештери, коомчулук менен болгон иш-чараларда, мамилелерде жаралат дедик. Ошондуктан анын активдүү, чыгармачыл аракеттери, өз кесибине берилгендиги, эмгециндеги ийгиликтер, мүнөзүндөгү оң сапаттар коллективдин көңүлүн өзүнө бурат. Личность катары бара-бара белгилүү, башкаларга үлгү болоорлук деңгээлге өсүп жетип өзгөчөлөнө баштайт. Андай мугалимди окуучулары идеал тутуп тууроого аракеттенген фактылар педагогикалык тажрыйбада көп кездешүүчү көрүнүш.

Эгерде мугалим авторитеттүү болсо, окуучуларына бардык тараптан: окууда, жүрүм - турум маданиятында, тартибинде ал турсун келечек кесибин тандап алууда да оң таасирин тийгизет. Авторитеттүү мугалимдин сабагын өзгөчө жакшы окуп, мектепти аяктаган соң ошол предметке байланышкан кесипти тандап, сүйүктүү агай-эжейи жөнүндөгү жакшы ой пикирлерди өмүр бою эсинде сактап жүргөн адамдар турмушта арбын.

Мугалимдин авторитетин ар түрдүү жаштагы балдар ар башка түшүнөт. Кенже класстын окуучулары мугалимдин кийген кийимине, жумшак мамилесине, сылыктыгына көбүрөөк көңүл бөлүшүп, анын методикалык ыкмаларына, билимине анча маани беришпейт.

Ал эми орто жана жогорку класстын окуучулары болсо мугалимди талап кое билгендигине, чынчылдыгына, окуучуларга болгон сезимталдыгына, предметти күчтүү бил-

гендигине, педагогикалык чеберчилигине жана коомдогу активдүү позициясына жараша баалашат(27,153).

Мугалимдик авторитетти пайда кылуучу айрым бир элементтер болуп төмөндөгүлөр эсептелет.

*1. Өз предметин сүйүү жана терең өздөштүрүү.*

Бул сапат мугалимдин күндөлүк сабак өтүүсүндө эле байкалат. Бир эки жума өтпөй окуучулар арасында "предметин абдан жакшы билет экен" деген сөз аралай баштайт. Же "китептен алыстай албады, материалды начар билет окшойт" деген пикир жаралат.

Баса белгилей кетчү нерсе – предметиңдин жакшы билбегендигиң авторитетиңдин "өлгөнү" дей бер. Бир студент мындай эскерет: "Эжекем доскага маселе иштөөгө чакырды. Тапшырманын ордугунан чыгара албай турсам, мени аябай тилдеп өзү кириште эле, өзү да чыгара албады. Көп убакыт, көп бор керек экен деп отуруп алды" (21).

Бул мугалимде кандай авторитет калды, өзүңөр жыйынтык чыгара бергиле.

*2. Предметти балдарга жеткире жана классты өзүнө тарта билүү.*

Бул усулдук сапат, албетте, жылдар өтүп тажрыйба топтоло баштаганда калыптануучу нерсе. Бирок жетишээрлик убакыт өтсө деле өз үстүнөн иштебеген мугалимдин бул маселеде ийгиликке жетиши күмөн.

*3. Акыйкатчылдык.* Тарбия ишиндеби же сабактабы бардык окуучуларга тегиз мамиле жасабаган мугалимде авторитет болбойт.

Класста "жакшы", "жаман" көргөн окуучулардын болбошу — негизги талаптардын бири. Канчалык жашырууга аракет кылган менен учуру келгенде окуучулар сезип калышы ыктымал. Эгерде сен "жакшы" көргөн окуучулар "тууганың", "коңшуң", "байдын", "чондордун" балдарынан болуп калса, анда мугалимдик авторитет таптакыр жок болду деп эсептей бер.

Айрыкча "баа" коюуга келгенде акыйкатчылыктын мааниси чоң. Жалаң эле "4" жана "5" деген бааларды коюу, же "2" коем деп коркута берүү да жакшы авторитет алып келбейт.

Биринчи курстун студенттерине мугалимдик авторитетке байланышкан суроолорду берип, анкета жүргүзгөндө жыйынтыгы төмөнкүдөй болду.

Суроо: Мугалимдеги кайсыл сапаттарды биринчи орунга коесуң?

( а) балдардын жообу ; б) кыздардын жообу;)

1.Сабакка коюлган талап ....

а). катуу

б).жумшак

2.Окуучуларга мамиле

а)катуу, акыйкат

б) жумшак, көңүлчөөк

3.Сырткы кийимдери

а) жупуну, тыкан, жарашыктуу

б) жаңы, кооз,сулуу.

Жооптордон байкалгандай кыздар менен балдардын авторитетке тиешелүү суроо - талаптарында айырмачылыктар бар. Бул эми алардын ортосундагы психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөргө байланыштуу жана бир топ талкууну жаратуучу маселе. Аларга жоопторду башка адабияттар, психологиянын айрым бөлүктөрү берет.

Биз кыздар менен балдарга мамиле жасаарда ушундай өзгөчөлүктөрдүн бар экендигин эске салуу менен артыкбаш болбостур деген ойдо жогорудагы бир-эки мисал келтирүү менен гана чектелүүгө аргасызбыз.

*Авторитет* өтө майда нерселерден, аз-аздан топтолот, калыптанышы үчүн көп убакыттар керек. Бирок ал туруктуу жана түбөлүктүү нерсе эмес. Кээде өйдөлөп же төмөндөп ал турсун заматта жокко чыгышы да мүмкүн. Элдик педагогикадагы: "Жакшы болуш аста - аста, жаман болуш бир паста", - деген макал ошондон жаралган.

Студенттердин сочинениелерин барактап олтуруп өтө эле таң калаарлык, ишенгиң да келбей турган окуяларга дуушар болосуң. Алардын бир нечесин мисал катары сөздөрүн өзгөртпөй келтирейин. "Бизде бир агайдын башы аябай иштейт эле, бирок аракты көп иччү. Сабактан "2" алып калсаң жоюш үчүн бир шише суроочу". "...биздин агайдын мас болуп келип уктап калчу адаты бар эле". "... сабак учурунда иш кылдыра берчү", "...биздин физкультурник агайыбыз топту "арендага" берип 60 сомго иштеп кетчү", "агайыбыз бир канча сигаретке топ берчү", "эжекебизге бир коробка конфет алып келип бербесең бааңды төмөндөтүп койчу", "биздин эжекебиз колунда барларга жакшы баа коюп, башкача мамиле жасоочу" ж.б. (21). Булардын баа-

ры турмуш чындыгы экендиги талашсыз. Окуучулар түшүнүктүү себептер менен учурунда каршы туруп, сөз айта алышкан эмес. Бирок аларга карата наарazычылык сезим көңүлүндө биротоло орноп калгандыгын көрүп турасыңар.

Арийне, акыркы жылдардагы сочинениелерде мугалимдердин мас абалда сабак өтүү, окуучулардан белек алуу, жакындарына тартуу, колунда барларга кошомат кылуу фактылары көп учурайт. Муну биз коомдогу коррупция, араккечтик, паракорлук, кошоматчылык, эптеп акча табуу аракети сыяктуу терс көрүнүштөрдүн мектеп турмушуна тийгизген таасири деп билебиз. Ошол эле учурда жогорудагыдай педагогдорду актоодон алыс болуп, бул милдетти абийирдүүлүк менен аркалоо колдон келбеген соң агартуу тармагынан биротоло оолак болууну кескин талап кылуу пикирибизди ачык эле билдиребиз.

### Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар

1. Адамдагы табигый сабырдуулук, сыпайыгерчилик, кичипейилдик ж.б. маданияттуулук сапаттар педагогикалык ишмердүүлүктө таптакыр эле орун албайбы?

2. “Мурда көрбөгөм, бирок ЖОЖдор үчүн көптөгөн окуу китептерин жазган П. аттуу белгилүү физикти издеп барып калдым. Расписаниеден аудиториясын таап, коридордо ары-бери басып күтүп турганымда, байпагынын жыртыгынан согончогу көрүнгөн, шымы үтүктөлбөгөн бир адам жанымдан өтүп кеткен.

Сабак башталып калгандыктан, мынчалык кечикти деп, белгиленген аудиторияга барсам, баягы адам лекция окуп жатыптыр. Илимий жетекчим менен ошентип таанышкамын”, - деп мени ОшМУда окуткан агайымдын эскергени бар.

Ушул мисалдан кийин мугалимдин ички дүйнөсү жана сырткы көрүнүшү жөнүндө эмне демекчисиң?

4. “Адамдын авторитети жалпы адамгерчилик кадырнаркка негизделсе, педагогикалык авторитет нукура кесипке барып такалат. Ал экөөнүн бири-бирине дал келбөөсү - мектептерде кеңири орун алган трагедиялардын бири.

Идеалдуу караганда алар бирин-бири толуктап, жууруулуп турушу керек эле” (Караковский В.А. Любимые мои ученики. М. 1987. С. 70.)

Мындай фактыларды сен да байкаган болсоң, эмне ой айтмакчысың?

**Билимди текшерүү үчүн тест суроолор**

Педагогикалык жана жалпы маданият жөнүндө түшүнүк.

1. Педагогикалык маданиятты жалпы маданияттан бөлүү туура эмес, экөө бирдей түшүнүк.

2. Педагогикалык маданият-жалпы маданияттан алыс, таптакыр башкача түшүнүк.

3. Педагогикалык маданиятта жалпы маданияттын элементтери бар, бирок өзүнчө түшүнүк.

4. Педагогикалык маданият-бул мугалимдин коомдук жайларда сактаган эрежелеринин нормасы.

5. Бардык варианттары туура.

**Мугалимдин сырткы көрүнүшү. Туура эмес жообун тап.**

1. Мугалимдин сырткы көрүнүшү да белгилүү деңгээлде тарбиялык мааниге ээ.

2. Сырткы кебетеңе кайдыгер мамиле жасоо канчалык туура эмес болсо, артыкча сыланып-сыйпана берүү да ошончолук туура эмес.

3. Дайыма эле жаңы кымбат баалуу, модалуу кийинүү кыйын, бирок таза,
тыкан жүрүү ар кимдин колунан келет.

4. Кандай кийинүү, өзүн кантип алып жүрүү адамдын жеке иши, бирок мугалим экендигин унутпоосу зарыл.

5. Бардык вариантында туура жооптор бар.

**Мугалимдин авторитети. Туура эмес жообун тап.;**

1. Мугалимдин авторитетинин окуу-тарбия ишинде анча таасири жок, ал адамдын жеке иши, жеке тагдыры.

2. Мугалим авторитеттүү болсо, окуучуларга бардык тараптан оң таасирин тийгизет.

3. Авторитеттүү мугалимдин сабагын окуучулары жакшы өздөштүрөт.

4. Мугалимдин авторитети окуучулар, ата-энелер менен болгон мамиледе, коомдук иш-чараларда жаралат.

5. Авторитеттүү мугалим окуучунун келечек кесибине тандоого да таасир этиши мүмкүн.

# VII бап

# Кесиптик билим, аны өздөштүрүү жана өз алдынча өнүгүү жолдору

## § 7.1. Мугалимдеги билимдүүлүк жана билгичтик сапаттар

Педагогикалык кесип бир эле учурда башкаруучулук жана өзгөртүп түзүүчүлүк милдетти аткарат. Ал эми адамды, личностту башкаруу, багыттоо үчүн билимиӊ күчтүү, мыкты адис башкача айтканда компетенттүү болушуӊ керек.

*Педагогдун компетенттүүлүгү - анын педагогикалык ишмердүүлүккө теориялык жана практикалык жактан даярдыгын аныктоо менен, өз кесибинин чебери экендигин билдирет.*

Бул же тигил адистиктеги педагогду даярдоонун мазмуну квалификациялык мүнөздөмөдө толук берилген. Анын составын кесипке зарыл болгон билим, билгичтик жана навык (көндүм) сыяктуу илимий түшүнүктөр негиздеп, мугалимдеги компетенттүүлүктүн нормасын чагылдырат.

Квалификациялык мүнөздөмө – негизинен алып караганда мугалимдин теориялык жана практикалык тажрыйбасынын деӊгээлине коюлуучу жалпы талаптардын жыйындысы (28,40). Ал талаптар психологиялык, педагогикалык предметтерде чагылдырылып окуу программаларынын мазмуну менен аныкталат.

Ар кандай адистик компоненттүүлүгү андагы билимдүүлүк жана билгичтик менен аныкталат.

*Билимдүүлүк – деп, кесипке тиешелүү түрдүү илимдердин (биздин адистикте педагогикалык жана психологиялык) тармагын окуп үйрөнүү, өздөштүрүү менен атайын даярдыктан өтүүнү айтабыз.*

Ал болсо өз ичине педагогиканын категорияларын жана методологиялык негиздерин билүүнү, личносттун өнүгүүсүндөгү коомдук закон ченемдүүлүктөрдүн мазмунун, тарбиялоо менен окутуунун максатын жана технологияларын, балалык, өспүрүм, улан жаш куракттагы өнүгүүнүн психологиялык, анатомиялык закондорун өздөштүрүүнү камтуу менен мугалимдин гумандуу ой жүгүртүүсүнө негизделет (28, 40).

Психологиялык – педагогикалык жана атайын (предметтик) билимдер – кесиптик компетенттүүлүккө зарыл, бирок жетишерлик эмес шарттардын бири. Алардын көпчүлүгү, айтсак теориялык жана методикалык билимдер интеллектуалдык жана практикалык билгичтик менен көндүмдүн (навыктын) жаралышына өбөлгө түзөт. Ошондуктан, билимдүүлүк менен билгичтикти практика жүзүндө шарттуу түрдө бөлүп карашат.

Билгичтик (ыктуулук) – деп, педагогикалык түрдүү кырдаалдарга аң сезимдүүлүктө, турмуштук тажрыйба жана алган билимине таянып тез, так жана дайыма даяр боло алганды айтабыз (11, 153).

М: "Аңгемелеше билүүнү" – төмөндөгүдөй багыттарга ажыратса болот.

1) Балдардын кызыгуусун, талабын канаттандыра турган теманы, анын тарбиялык милдетин, маанисин аныктоо.

2) Мазмунга жараша, жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен тарбиялоонун эффективдүү методдорун, формаларын жана каражаттарын туура тандоо.

3) План конспектини, сценарийди түзүү.

4) өткөрүлө турган ишти майда-чүйдөсүнө чейин бир сыйра көздөн өткөрүп, элестете билүү ж.б. (28,41).

Мугалимдин теориялык жактан даярдыгынын мазмунун көп учурларда психологиялык – педагогикалык жана атайын билимдердин жыйындысы катары аныкташат. Бирок биз жогоруда белгилеп кеткендей билимди калыптандыруу менен эле коюлган максатка толук жете албайбыз. Билим колдонулууга зарыл системага айланбаса же бир ишмердүүлүктө ачык билинбесе мугалимдин тажрыйбасында пайдасы жок жансыз жүктөй сезилет.

Ошондуктан, компетенттүүлүк жалпы педагогикалык ой жүгүртө билүүдө жана мугалимдин аналитикалык, прогностикалык проективдик, рефлекстик билгичтигинде даана байкалат.

*1. Аналитикалык билгичтик* – анализдеп (ажыратып, талдап) ой жүгүртө билүү дегенди билдирип жана анын жардамы менен практикадан теориялык билим жаралат. Аналитикалык билгичтик аркылуу адистин педагогикалык жалпы ой жүгүртө билүүсү көрүнөт.

М.: Педагогикалык кырдаал, кубулуштардын пайда болуу формаларын, шартын, себебин, мотивин, каражаттарын, ар бирин өзүнчө да, башкалар менен байланышта да түшүнө билүү; тарбиялоонун жана окутуунун теориясынан негизги идеяны, ойду, максатты, анын жыйынтыгын, закон ченемдүүлүгүн аныктоо менен ар кандай педагогикалык проблеманын өзөгүн жана аны чечүүнүн оптималдуу жолдорун табуу ж.б.

*2. Прогностикалык билгичтик - деп (прогноз - алдын ала айта билүү)* личностту тарбиялоо, окутуу процессинде педагогикалык максатты жана маселени алдыга коюу, ага жетүү жолдорун тандоо, натыйжасын алдын ала сезе, көрө билүүнү айтабыз. Педагогикалык прогноздоо – мугалимдин кыялында модель (үлгү) түзүү, гипотеза жаратуу, эксперимент жүргүзө билүү сыяктуу прогностикалык методдорго ээ болуусун талап кылат.

3. *Проективдик билгичтик* – (проект долбоор) ойду, божомолду кагазга чийүү дегенди түшүндүрөт жана педагогикалык прогноздоонун жыйынтыктарын материалдаштыруу же болбосо окутуу жана тарбиялоо иштерин ойдон, кыялдан конкреттүү иш жүзүнө ашырууну билдирет.

*4. Рефлексивдүү билгичтик* – деп (рефлекс – организмдин тышкы таасирге кайтарган жообу) адистин окутуучу жана тарбиячы катары өз ишмердүүлүгүнө, анын натыйжасына туура баа бере алышын, бирге иштеген кесиптештеринин, окуучуларынын, ата-энелердин өзү жөнүндө кандай ой — пикирде экендигин сезүү жана андан жыйынтык чыгара алуу жөндөмдүүлүгүн айтабыз.

## § 7.2. Өз алдынча өнүгүүнүн факторлору жана каражаттары

*Өзүн өнүктүрүү деп адамдын акыл, билим, ой жүгүртүү, нравалык ж.б. бир топ жакшы сапаттарды аң сезимдүүлүк менен өз алдынча калыптандырууга багытталган ишмердүүлүгүн айтабыз.* Физиологдор адамдын мүмкүнчүлүгү чексиз, табигат берген ал байлыкты толук пайдалана албаганыбызга өзүбүз күнөөлүүбүз дешет.

Белгилүү кибернетик жана математик Роберт Неймандын эсептөөсүнө караганда адамдын мээси $10^{20}$га барабар

маалыматты кабыл ала алат экен. Бул болжол менен алганда Москвадагы Ленин библиотекасында сакталган китептердеги маалыматтарга барабар жана бүгүнкү күндөгү илимий жетишкендиктерге таянуу менен чыгарылган негиздүү бүтүм (6,39).

Эгерде адамзаттын тарыхына кайрылсак кызык фактыларды кезиктиребиз. Белгилүү полководец Александр Македонский өзүнүн 30 миңге жакын аскеринин баарынын атын билип, жүзүнөн таанычу экен.

Дүйнөнүн чемпиону, орус шахматчысы Алехин бир эле мезгилде 30 - 40 адам менен, бардык партияны эсине тутуп шахмат ойной алган (6,38). Ал эми кыргыздын "Гомери" аталган белгилүү манасчы Саякбай Каралаевдин "башында" жүз миңдеген сөз жатса, биздин замандашыбыз, кыргызга кылымда бир жаралган кайталангыс обончу жана аткаруучу, Ош МУда доцент болуп иштеген агайыбыз маркум Рысбай Абдыкадыров өзү жараткан эки жүзгө жакын обондорунун текстин эч бир жаңылбай аткара билчү. Илимде "өзгөчө кол жеткистей көрүнгөн "сыйкырдуу касиеттер" адамдардын баарында болот, кеп аларды туура өнүктүрүп пайдалана билүүдө" деп айтылат.

Личносттун өзүндөгү жакшы сапаттарды өнүктүрө билүүсү мугалимдик кесипке эң зарыл нерсе жана аны адис катары тарбиялоонун фундаменти болуп эсептелет. Ал фундаментке таянуу менен күндөлүк окуу-тарбия ишинде мугалимдин педагогикалык техникасы, методикалык ыгы, билгичтиктиги өркүндөйт жана жатыкталат.

Демек, адамдын ички күчтөрүнүн мүмкүнчүлүктөрү өтө жогору. Ар-бир студент, ал турсун жөндөмү ортозаар көрүнгөнү деле өзүн личность катары өнүктүрүп, педагогикалык кесиптин таланттуу адиси катары чыга келиши мүмкүн.

"Азыркы окуучулар таптакыр башкача, мугалим болуш оор". "Мен бул адистикке тапшырайын деген эмес элем, тилекке каршы тагдыр ушундай болуп калды", - деп эки анжы, кыжаалат ойдо жүргөн студенттер да жок эмес.

Аларга кеч болуп кала электе башка кесипке өтүп кетүүсүнө жогоруда кеңеш бергенбиз. Ошол эле учурда улуу педагог А.С. Макаренконун өмүр таржымалына, айткандарына кайрылып көрөлүчү, мүмкүн силерге да пайдасы тийип калаар. Ал өзүнүн көп жылдык тажрыйбасына таянуу

менен бекеринин минтип жазбаса керек: "Мен педагогикалык талантка ээ эмесмин, педагогикага кокусунан, эч кандай ынтаасы жок эле келип калганмын. Бирок мен үйрөнө алдым. өз ишимдин чебери болууга жетиштим. Ал эми чебердикке жардам болсо жана өзү аянбай иштесе баары эле жетет" (6, 37). Мүмкүн бул өтө эле күчтүү айтылган сөздүр жана андан улуу педагогдун жөнөкөйлүгү сезилип тургандыр. Бирок бир нерсе талашсыз - педагогикалык жөндөмдүүлүктү калыптандырууга болот!

Бүгүнкү эгемендүү Кыргызстандын шартында мугалим өзүнүн үстүнөн тынымсыз иштөөсү абдан зарыл жана чоң мааниге ээ болуп жатат. Анткени бир жагынан республикабыздагы саясий кырдаал, экинчиден экономикалык абал: "эмне себептен? эми кантип?" - деген турмуштук татаал суроолорду тынымсыз коюуда. Айрыкча мугалимге берилип калган мындай "ыңгайсыз" суроолорго канткенде "эки жүздүүлөнбөй", түз, ачык жооп бере алабыз?

Башка кесипти аркалагандарга мүмкүн бир аз болсо да жеңилдир. Анткени андай суроолорго кулак салып кыйналбай койсо да болот, же болбосо, өз пикирин тартынбай шар айтышы деле ыктымал. Себеби анда жоопкерчилик аз, болсо да керт башы үчүн гана жооп берет. Бир студент: "Агайыбызга суроо берүүгө батынчу эмеспиз. Эмне суроо бере турган болуп калдыңбы?" – деп урушуп жиберчү. Менимче, мугалим балдарды эркин коюп, аларга кызыктуу нерселерди айтып бериши керек" -, деп жазат (21).

Көрдүңөрбү, мугалим билим берүүчү гана эмес, тарбиячы да. Жоопкерчилик аны ар тараптан курчап турат. Алар: биринчиден бийликке карата болгон көз карандылык, экинчиден жаш муундардын алдындагы милдет жана үчүнчүдөн ички мотивдер. Ошондуктан, жаңы көз караштарга таянуу менен анын билим берүүчүлүк милдетине жана окутуучулук сапаттарын өнүктүрүү маселесине кененирээк токтолуп көрөлүк. Анткени бүгүнкү турмуш чындыгы үзгүлтүксүз педагогикалык билим берүү зарылдыгын алдыга коюп жатпайбы.

Немец педагогу А Дистервег мугалим жөнүндө мындай жазган экен: "Ал өз үстүнөн тарбиясын, билимин өркүндөтүү максатында иштеп жаткан мезгилде гана башка бирөөлөргө тарбия жана билим берүүгө жөндөмдүү" (9,74). Анын бул даанышман сөзү актуалдуулугун али да жогото элек.

Бирок күнүмдүк турмуштун көйгөйлүү маселелери, мугалимдин көп убактысын, энергиясын алып, активдүү ишмердүүлүгүнөн алыстатып коюшу да ыктымал. Мындай учурларда педагог өз милдеттеринин кээ бир, көзгө илинген сырткы жактарын аткаруу (тартипти сактоо, коллективди уюштуруу, мектеп дирекциясы менен болгон өз ара мамиле ж.б.) менен гана чектелип калат. Бирок эртеби-кечпи өзүнө-өзү баа берип, ишмердүүлүгүнө сын көз менен карап, кесибине байланышкан дүйнө таануу сезими ойгонуп, илең-салаң, ортозаар абалдан көтөрүлүүнү, бир максатка жетүүнү көксөгөн кырдаал сөзсүз келет.

Педагогдор өзүн-өзү баалоонун эки түрүн белгилешкен. Биринчиси, өз аракетин жетишкен ийгилигинин деңгээли менен салыштыруу болсо, экинчиси, коомдук, же өзү жөнүндөгү айланасындагылардын пикири менен салыштырууну айтышат (28,66). Эгерде коюлган максаттын деңгээли анча бийик болбосо, анда адам өзүн өтө эле жогору баалап жиберет. Эгерде чыгармачылык менен иштеп жаткан мугалим болсо, анда кесиптештеринин иши менен салыштыруу да ага толук канааттанууну алып келбейт. Жыйынтыктап айтканда, идеал туткан мугалиминин личносттук жана тарбиячылык ишмердүүлүгү менен өз ишин салыштыруу өзүн-өзү баалоонун эң туура жолу болуп эсептелет (28,67). Бул ишти канчалык эрте, ал турсун биринчи курстан баштаса, жыйынтыгы ошончолук жакшы болот.

Өзүнө идеал болчу мугалимди кайдан тапса болот? Албетте, биринчи кезекте мектептен, андан кийин жогорку окуу жайында окуткан мугалимдердин арасынан издеш керек. Эгерде болочок мугалим бул кесипти бала кезинен жактырып калган болсо, анда ага таасир эткен агайы же эжекеси болгон. Ошолор анын биринчи идеалы болушу мүмкүн. Бир студенттин: “Биздин мектептин аялдар комитетинин төрайымы абдан кыйын эжеке эле. Ар жуманын акырында кыздар чогулуп, анын жетекчилиги алдында кеңешмелерди өткөрчүбүз. Эжеке талапты туура койчу жана аткарта билчү. Биздин суроо, ойлорубузду угуп, пикирлерибизди жерге калтырчу эмес. Түрдүү темалардын үстүнөн баш катырчубуз. Мен да окууну ийгиликтүү аяктап, ошол эжекемдей болгум келет”, -деп жазганы биздин ойду бышыктайт (21).

Бирок белгилей кетчү нерсе ар-бир мугалимдин артыкчылыгы менен кошо жетишпеген жактары да бар. Демек, иш жүзүндө алардын методдорун, аракеттерин, окуучулар, ата-энелер менен болгон мамиледеги педагогикалык ыктарын кабыл алаардан мурда сөзсүз башкалар менен салыштыруу жана анализдөө зарыл. Бирөөлөрдү механикалык туурай берүү ар дайым эле жакшы натыйжа бербесин эстен чыгарбайлы.

Кесипке ылайык идеалды калыптандыруунун эң жөнөкөй жана ишенимдүү жолу – атайын адабияттарды окуу, улуу педагогдордун өмүр жолу, чыгармачыл ишмердүүлүгү менен терең таанышуу болуп эсептелет. Мугалим үчүн идеалды туура тандап алуу, өзүн-өзү тарбиялоонун эффективдүү шарты экендиги практикада далилденген чындык (28,67).

Өзүн-өзү тарбиялоо процессинин жүрүшүндө кыймылдаткыч күч катары төмөнкү үч факторду аташат:

1. *Педагогикалык коллектив.* Мугалим, айрыкча жаш адис бирин-бири туура түшүнүшкөн, кесиптешинин чыгармачыл изденүүсүнө кызыгып, ага көмөктөш, ийгилигине ортоктош болгон, принципиалдуу мамиле, таза атмосфера орун алган коллективде иштеп калса өзүнүн идеалындай болууга аракеттенет.

2. *Мектеп жетекчилиги.* Администрация тарабынан мугалимдердин өз күчүнө, жөндөмүнө ишеним туудуруп, жемиштүү иштешине ыңгайлуу шарт түзүлбөсө, коюлган талапка ылайык ийгилик жаратууга камкордук көрүлбөсө, андай мектептерде өзүн-өзү тарбиялоо зарылдыгы жаралбайт.

3. *Убакыт.* Көркөм, адабий китептерди, тийиштүү журнал, гезиттерди окуу, руханий дүйнөсүн өстүрүүчү жайларга (музей, театр, концерт ж.б.) баруу, атайын психологиялык-педагогикалык китептерди изилдеп үйрөнүү үчүн мугалимде сөзсүз жетишээрлик убакыттын болушу абзел.

Мындан сырткары психикалык абалын башкара, жөнгө сала билүү, өзүн-өзү тарбиялоонун негизги каражаттарынын бири болуп эсептелет. Аларга: өзүн алаксытуу, өзүн ишендирүү, өзүн ынандыруу, өзүнө буйрук берүү, өзүн тыя билүү, өзүн көзөмөлгө алуу ж.б. кирет.

Акыркы жылдары бул максатта сөз аркылуу адамдын өзүн-өзү ынандыруу методу – аутотренинг кеңири колдонулуп жатат.

## Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар

1. Университетте тың окуп, жакшы эле билим алган бүтүрүүчүлөрдөн дурус педагог чыкпай калгандыгын турмуштан көрүп эле жүрөбүз. Сенин оюңча, андай адистерге кандай сапаттар жетишпей жатат?

2. Чет өлкөлөрдө өз алдынча билим алуунун, өзүн-өзү өнүктүрүүнүн көп жолдору жана ыкмалары бар. Мисалы: дистанттык окуу, кредит балл топтоо, аутотренинг ж.б. Буга сенин пикириң кандай?

3. Айрым адамдардын өзүн-өзү өтө эле бийик сезип, бой көтөрүп, кээ бирөөлөрдүн таптакыр эле "жүдөгөнсүп" жүргөнүн байкайбыз. Бул көрүнүштөрдү илимий жактан негизде жана баа бер.

## Билимди текшерүү үчүн тест суроолор

Мугалимдеги билимдүүлүк жана билгичтик сапаттар.

1. Түрдүү педагогикалык, психологиялык илимдерди окуп, үйрөнүп, өзүнө сиңирүүдө билимдүүлүк калыптанат.

2. Педагогикалык кырдаалда аң-сезимдүүлүккө, турмуштук тажрыйбага, алган билимге таянуу менен жасалган аракетте билгичтик (ыктуулук) калыптанат.

3. Билимдүүлүк менен билгичтикти бөлүп кароо практика жүзүндө туура эмес.

4. Бардык үч варианты тең туура.

5. Биринчи, экинчи варианты туура.

Педагогдун өзүн-өзү баалоосу. Туура эмес жообун тап.

1. өзүн-өзү баалоонун эки түрү бар: өз мүмкүнчүлүгүндү - жетишкен ийгиликтин деңгээли менен салыштыруу; башкалардын сен жөнүндөгү пикири менен салыштыруу.

2. Коюлган максаттын деңгээли анча бийик болбосо, адам өзүн өтө эле жогору баалап жиберет.

3. Кесиптештеринин иши менен өз ишин салыштыруу чыгармачыл мугалимге толук канааттанууну алып келбеши да мүмкүн.

4. өзүн-өзү туура, обьективдүү баалоо практика жүзүндө мүмкүн эмес болгондуктан, буга убакыт кетирүүнүн зарылдыгы жок.

5. Идеал туткан мугалиминин ишмердүүлүгү менен өз ишин салыштыруу да жакшы натыйжа берет.

# VIII бап

# Педагогикалык позиция

## §8.1. Мугалимдин кесиптик позициясы

Позиция – которулганда чөйрө, орун, жай же туруктуу көз караштy түшүндүрөт. *Личносттун позициясы дегенде - анын курчап турган чөйрөгө, адамдарга, түрдүү социалдык кубулуштарга керек болсо жеке өзүнө болгон туруктуу көз карашын, пикирин айтышат (11,115).*

*Педагогдун позициясы* деп, анын интеллектине, эркине жана эмоциясына жараша дүйнөгө, педагогикалык чындыкка, педагогикалык ишмердүүлүккө болгон мамилелеринин системасын түшүнөбүз (28,32). Ал бир жагынан коомдун мугалимге карата койгон талабы, максаты жана шарты менен аныкталып активдүүлүктүн сырткы булагы болуп саналат. Экинчиден, кайсы бир позицияны тандап алууда ички активдүүлүктүн булактары болгон адамдагы умтулуу, мотив, максат, дүйнө таануу көз карашы, идеалы сыяктуу жеке касиеттер түрткү берет.

Демек, педагогдун позициясында анын личность катары ким экендиги, турмушта туткан принцибинин мүнөзү, граждандык жүрүм-турумунун тиби жана ишмердүүлүгү даана көрүнөт.

Педагогдун позициясын негизинен кесиптик жана социалдык деп – эки багытка ажыратып карашат.

*Кесиптик позиция – педагогдун билим берүүчүлүк, тарбиячылык милдетин аткарууда кармаган туруктуу көз карашы принципиалдуу иш аракети.* Ал коомдук позициядан келип чыгат десе да болот. Бирок экөө эки башка түшүнүк жана ортосунда тикеден-тике көз карандылык жок. Анткени билим берүү жана тарбиялоо ар дайым окуучу менен окутуучунун ортосундагы личносттук өз ара багытталган мамилелерден гана турат(28,33).

Түзүлгөн педагогикалык кырдаалда мугалим бул же тигил позицияны тандап алуусуна активдүүлүктүн кайсыл булактары басымдуулук кылганын эч кандай анализдин жардамы менен аныктап билүүгө мүмкүн эмес. Ал өзүнүн

чечимин "интуиция" деп гана коет. Адамда табигый интуициядан сырткары кесиптик интуиция деген жашайт. Ал бир кесипте көп жыл иштеген, тажрыйбалуу адистерде жакшы калыптанып, айрым кырдаалдарда уят кылбайт.

А.С.Макаренко өзүндөгү кесиптик интуицияны мындайча сүрөттөйт: "Менин көзүм ошол мезгилде ушунчалык такшалып калган экен, бир караштан, сырткы кебетесинен, жүзүндөгү билинер-билинбес өзгөрүүдөн, үнүнөн, басканынан, балким белгисиз бир жытынандыр, кандай болгондо да бул нерседен эмне жыйынтык чыгаарын салыштырмалуу так айта алаар элем" (20, т.3. 295).

Ошентип, педагогикалык кесипте мугалимдин бул же таатигил позицияны тандап алышына бир топ факторлор таасир этет. Бирок алардын ичинен чечүүчүлөрдөн болуп: кесиптик багыт, максат, личносттогу типтүү, жеке өзгөчөлүктөр, темперамент жана мүнөз эсептелинет.

Болочок мугалимдерге берилүүчү кеңештердин бири – айтылган сөзгө, убадага бек болуу жана койгон талабыңды орундатууга жетишүү. Албетте, бул үчүн убада берээрде же талап коердо терең ойлонуу керек. Алардын баары педагогикалык этиканын чегинде болуп, окуучулардын инсандык абройуна шек келтирбей тарбиялык максаттын негизинде жаралуусу шарт. Берген убадаңды аткара албасаң, же сенин талабыңды окуучулар тоготпосо, анда мугалимдик ишмердүүлүктө ийгиликтерге жетише албайсың. Окуучулардын арасында: "ал бир сүйлөйт, убадасын сөзсүз аткарат, айтканын кылбасаң болбойт", - деген пикирлер жаралганда гана сен абройю бийик, өз позициясын бекем туткан чыныгы педагог боло аласың.

Педагогикалык практикада мугалим көбүнчө төмөндөгүдөй ролдорду аткарып, анын кесиптик позициясы ошол функциялар менен мүнөздөлүп калышы мүмкүн.

1. *Информаторлук (кабар берүүчү)* - эгер ал коюлган талап, норма, эреже, түрдүү көз караш, пикир жана башка жөнүндө маалымат берүү милдетин аткарып жатса.

2. *Достук* - эгерде баланын көңүлүнөн, жүрөгүнөн орун алууга аракеттенсе.

3. *Диктаторлук* - эгерде баланын сезимине түрдүү сапаттарды күч, зордук менен орноткусу келсе.

4. *Кеңешчи* - эгер мугалим ынандыруу, көндүрүү ыкмаларын колдонсо.

5. *Сурануучу* - эгерде мугалим окуучусунан "кандай болуш" керек экендигин суранса (ал турсун өзүн кемсинтип, кошоматчылыкка чейин барышы да ыктымал).

6. *Шыктандыруучу, дем берүүчү* - эгерде баланын кызыктуу, келечектүү ой максаттарын жеткиликтүү түшүнүп, андагы сезимди ойгото билсе.

Аталган позициялардын ар бири мугалимдин личносттук өзгөчөлүгүнө жараша оң же терс эффект берет (28,33).

Бирок, акыйкатсыздык, өзүм билемдик, балага арамзачылык менен жагынуу, аны кичинекей кумирге (кудайга) же диктаторго айландыруу, "паралап" сатып алуу, личность катары сыйлабоо, демилгесин басмырлоо ж.б. аракеттер дайыма терс натыйжаларды берип келгенин эске бекем сактайлы.

## §8.2. Мугалимдин коомдук позициясы

*Мугалимдин коомдук (социалдык) позициясы деп коом койгон милдетти, талапты аткарууда кармаган туруктуу жеке көз карашын, өз пикирин, принципиалдуу иш - аракетин айтабыз.*

Көп авторлор мугалимдин коомдук позициясын чечмелөөдө бир орчундуу маселеден четтеп өтүшөт. Биз жогоруда педагогдун позициясын сырткы жана ички булактар негиздерин академик В.А Сластенин башында турган авторлордун окуу китебине таянуу менен белгилеп өттүк. Ошол эле учурда биздин кошумчаларыбыз:

***Эгерде тарбия иши мамлекет тарабынан уюштурулса, анда тарбия берүүнүн (окутуунун) максаты, мазмуну жана милдети сөзсүз ошол мамлекетти башкарып турган таптын же топтун кызыкчылыгын колдойт.*** Демек, мугалимдин, коомдук позициясы мамлекетти башкарып турган бийлик төбөлдөрүнө, алардын жүргүзгөн саясатына да көз каранды.

Адамзаттын, мамлекеттик түзүлүштүн өнүгүү тарыхына көз чаптырсак биздин эрага чейин эле Платон мынтип жазган экен: "...тарбия мамлекет тарабынан уюштурулуп, ошол мамлекетти башкарып турган топтор: философтор жана аскер адамдарынын кызыкчылыгын колдоого багытталууга тийиш" ( 14,14).

Совет бийлигинин алгачкы жылдарында эле жаңы өкмөттүн идеологиясын жалпы массага таратууда мугалимдердин ролу жогору экендигин туура баамдашкан.

Бул жөнүндө 1920-жылы болуп өткөн Бүткүл союздук саясий кызматкерлердин кеңешмесинде В.И.Ленин мындай дейт: “Биз эми партия, анын идеясы менен тыгыз байланышта болуп, духун көкүрөгүнө бекем сиңирип, өзүнө жумушчуларды тарта билген педагогикалык мугалимдердин жаңы армиясын тарбиялоо менен бирге, аларды да коммунизмдин духуна ширетип, коммунисттер аткарып жаткан иштерге кызыктыруубуз керек” (16,403).

Ошентип, мугалимдер өздөрүнүн күндөлүк жумушунда мектеп окуучуларына, алардын ата-энелерине коммунисттик партиянын идеясын жүргүзүп, Совет өкмөтүнүн бекем орноп, тынч жашашына чоң кызмат өтөп келген. Жогоруда тастыкталып кеткендей, бул мыйзам ченемдүү көрүнүш эле жана бир партиялуу мамлекеттик түзүлүштө башкача болушуна жол берилмек эмес.

Кийинчерээк ар кандай коомдук экономикалык, ал турсун чарбалык уюштуруу иштери чоң саясий компанияга айланып, ага мугалимдер армиясы менен кошо студенттер, окуучулар да тартыла баштады. Айтсак, Кыргызстандын шартында кой төлдөтүү (сакманчылык), чөп оруу, пахта жыйноо ж.б. жазгы, күзгү талаа жумуштарынын дээрлик бардыгы коммунисттик партиянын чакырыгы менен “жалпы элдик, саясий маанилүү иш” катары жүзөгө ашырылган. Бул мамлекеттик идеалогияга каршы чыгууга эч кимдин кудурети жеткен эмес. Ал турсун кайчы пикир айтуунун өзү жумшак айтканда “саясий сокурлук”, эгерде жамандыгына алса “душмандык” катары бааланчу.

Мүмкүн, билим берүү толук бойдон мамлекет тарабынан камсыздандырылгандыктан, экономикалык базаны чыңдоо максатында ушундай иштерди жүргүзүүгө өкмөттүн моралдык акысы болгондур. Бирок башка эффективдүү ички мүмкүнчүлүктөрдү изденүү, пайдалануунун ордуна “коомдук-пайдалуу эмгек” катары кабыргасы ката элек кыздарбалдарды 12-14 саат талаада иштетүү эмгекке болгон сүйүүнү эмес тескери натыйжа жаратканын кантип танууга болот. Албетте, бул жерде “бөрк ал десе, баш алган” жергиликтүү бийликтин, ага каяша айтууга кудурети жетпеген мажирөө

интелигенциянын ж.б. коом мүчөлөрүнүн күнөөлөрү тоодой экендиги талашсыз.

Бекембай Апыш өзүнүн китебинде падышачылык Россиянын доорундагы мугалимдин абалы жөнүндө А.П.Чехов жазган мүнөздөмөнү мындайча келтирет: “Мугалим өз ишине астейдил берилген сүрөткер, артист болууга тийиш эле. Бизде болсо ал билими начар кара жумушчу. Ач, жылаңач, жүдөгөн тиричилигинен да кол жууп каламбы деп бечочуйт. Айылдагылардын ар кандай суроолоруна жооп берип, дыйкандардын урмат - сыйына ээ болуп, мугалим айылдын эң оокаттуу адамы болууга тийиш эле. Эч ким ага опурандап, кемсинтпөөгө тийиш. Бизде аны ар кимдер: урядниктер, бай дүкөнчүлөр, поптор, мектеп попечителдери, старшиналар, мектеп инспектору деп аталчу, бирок билим берүүнүн сапаты жөнүндө кам көрбөстөн, аймактан келген көрсөтмөлөрдү так аткартууга умтулуучу чиновниктер опузалап, ага кыйкыра берет. Мугалимдин жалтандап жүдөгөн абалда калганына мен өзүмдү да күнөлүүдөй сезип, аны көргөн сайын уялам” (4,121).

Чындыгын айтсак, XX кылымдын 70-80-жылдарындагы советтик доордо Кыргызстандык мугалимдер деле көрүнгөн партиялык, өкмөттүк кызматкерлерден жада калса чабан, бригадирлерден жалтаңдай берип ошондой ахыбалга жетишип калган. Анын кесепетинен мугалимдин аброю окуучуларынын, коомчулуктун алдында бир кыйла төмөндөп кеткенин акыйкаттык үчүн белгилеп кетмекчибиз.

Бирок, “Коом канчалык деңгээлде демократташкан болсо, мугалимдин социалдык абалы ошончолук бийиктей берерин тарых далилдеп көрсөттү” - деп жазуу менен андан ары СССР мезгилиндеги мугалимге карата көрүнгөн материалдык жана моралдык камкордуктар жөнүндө далилдүү фактыларды келтирген Бекембай Апыштын пикирине кошулбай коюуга болбойт. Анткени 1964-жылдан бери мугалимдер күнү белгиленип, айлык акыларын көтөрүү, билим берүүнү реформалоо маселелери (1984-ж.) дайыма мамлекеттик маанилүү маселе катары каралып келгендиги тарыхта белгилүү. 2001-жылдын 1-январында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын “Мугалимдин статусу жөнүндөгү” мыйзамы да буга күбө.

Кеп мугалимдин коомдук позициясы жөнүндө болуп жаткан соң мындан ары ал өзүнүн ички активдүүлүгүнө (мотив, идеал, дүйнө таануу көз караштары ж.б.) таянуу менен иш жүргүзө алабы? Же дайыма эле принцибине, аң - сезимине туура келбесе да бийликтин саясий куралы (айрыкча шайлоо компанияларында) катары кала береби? Балким, мугалимдик кесипти партиялуулуктан ажыратып негизги басымды окутуучулук, билим берүүчүлүк ишмердүүлүккө жасай турган мезгил келгендир?

Кыргызстан адам укугун коргоочу өлкө болууга багыт алган соң Конституцияда жазылгандай: "...ой-санаа, идея, пикирлерин эркин билдирүүгө жана таркатууга" болгон укугуна таянуу менен мугалим гражданин катары "саясий эки жүздүүлүктөн" арылып, коом алдында, окуучуларынын алдында башын бийик көтөрүп, бийлик башындагылар үчүн эмес адамзат үчүн кызмат өтөөр учурдур? Белгилей кетчү нерсе, бул маселе Россиялык педагогдорду да ойлонтуп, учурдагы тарбия берүүнүн принциптерин чечмелөөдө кээ бир авторлор мындай дешет: "Мындан бир аз мурда бардык мектептерде, кесиптик-техникалык окуу жайларда тарбиялык иштердин максаты бир багыттуу саясатташтырылып бир гана идеологияны – жаштарга коммунисттик тарбия берүүнү көздөп келген. Бүгүнкү коомдо, тап катары бөлүнүүлөр, ар түрдүү саясий кыймылдар жана партиялардын активдүүлүктөрү күч алып турган учурда тарбиялык иштин бир жактуу болушу мүмкүн эмес жана өзүн актабай турган иш.

Саясатка болгон кызыгуу ар бир жаш адамдын жеке укугу, иши жана мамлекет мурдагыдай өсүп келе жаткан жаңы муунду бул маселелерде мажбурлобоого тийиш. Мындай кырдаал адамдарды бөлүп жарбай, тескерисинче бириктире турган идеалдарды табуунун зарылдыгын талап кылат. Аны кайдан табабыз?

Жоопту жүздөгөн жылдар бою тарбиялоонун идеалын иштеп чыккан элдик педагогикадан издөө керек. Жашоо образында жана шартында болгон кээ бир айырмачылыктарга карабастан жер жүзүндөгү элдердин баарында эмгек, жеке үй-бүлө, балдарга тарбия берүү жана улууларды урматтоо, башка адамдарга, биринчи кезекте коңшуларга бол-

гон меймандостук, туулган жерди сүйүү, достук жана жолдошчулук сыяктуу жалпы баалуулуктар бар. Бул нравалуулуктар бизге тарбиялык иштин мазмунунун туура багыттоодо маяк катары жардам берет" (25, 310).

Ушул жерде устатым Г.Н.Волковдун "Эң күчтүү педагогика – элдик педагогика, тарбиячынын мыктысы – эл", -деп жазган пикирин дагы бир ирет эске салуу артыкбаш болбочудай сезилет. Бир жолу, тээ 90-жылдарда, илимий ишимди жазып жүргөн мезгилдерде: "Абдыкерим, мына көрөсүң, кандай идеология болбосун анын негизин элдик баалуулуктар түзөт. Этнопедагогиканы бардык педагогикалык окуу жайлары атайын предмет катары окуп үйрөнөр мезгил да келет", -деп айтканы бүгүн жүзөгө ашып отурат. Россиянын, биздин Республиканын Билим берүү боюнча мамлекеттик стандарттарында "Этнопедагогика" бөлүмү орун алып, окуу пландарына киргизилген. Ал предметти силер жогорку курстарда окуп үйрөнөсүңөр.

Пикирибизче эгемендүүлүктө жаңыдан кадам шилтеп келе жаткан биздин республика үчүн ар жакка бой ура бербестен, ошол өнүккөн өлкөлөр башынан өткөрүп, көп жылдык сыноодон кийин гана келген тыянактарды изилдеп, үйрөнүп өз жашообузга ылайыктап пайдалануудан артык жол жоктой.

Ошентип, силер нары ардактуу, нары түйшүктүү, коом менен бирге улам жаңыланып, тынымсыз өсүп-өнүгүп турган педагогикалык кесип, аны өздөштүрүү технологиялары жөнүндөгү алгачкы маалыматтарга ээ болдуңар. Сөз соңунда айтаарыбыз, кийинки курстарда "Педагогика" илимин терең өздөштүрүүдө жана мугалимдик кесипке ээ болууда бул предметтин кандайдыр деңгээлде оң таасири тийсе, биз өз милдетибизди аткардык деп сезебиз.

### Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар

1. Личность катары коомдук жана саясий кырдаалдарга мугалимдин өз пикири, жеке көз карашы болот. Бирок аны ачык, тике айта албайт. Себеби эмнеде жана сенин оюнча, бул туурабы?

2. Чет өлкөлүк атуулдар, (анын ичинде мугалимдер да) каалаган партияга мүчө боло алат. Кыргызстанда мугалим саясий жактан эркин болушу мүмкүнбү?

3. Коомдук позиция менен кесиптик позицияда айырма бар. Бирок алар бир эле адам тарабынан жаралаган жана калыптанган көз караш болгон соң бири экинчисине таасирин тийгизеби?

**Билимди текшерүү үчүн тест суроолор**

Педагогдун кесиптик жана коомдук (соцалдык) позициясы.

1. Кесиптик позиция педагогдун билим берүүчүлүк, тарбиячылык милдетти аткарууда кармаган туруктуу көз карашын, принципиалдуу иш аракетин билдирет.

2. Коомдук позиция педагогдун коом койгон милдетти, талапты аткарууда кармаган туруктуу жеке көз карашын, принципиалдуу иш аракетин билдирет.

3. Кесиптик жана коомдук позицияда айырма жок, анткени экөөндө тең мугалимдин туруктуу, принципиалдуу аракети чагылдырылат.

4. Биринчи жана экинчи варианты туура.

5. Биринчи жана үчүнчү варианты туура.

Мамлекеттик мекемелерде тарбиялоонун максаты, мазмуну жана милдети кимдердин кызыкчылыгын колдойт?

1. Ата-энелердин, окуучулардын.

2. Мамлекеттин башындагы топтун же таптын.

3. Окуу, тарбия жөнүндө жазылган китеп авторлорунун.

4. Окуу, тарбия ишинин мазмуну эч качан, эч кимден көз каранды болгон эмес.

5. Окутуу, тарбиялоо мазмунун аныктаган окуу программаларына байланыштуу.

## КУРСТУ ӨЗДӨШТҮРҮГӨ МЕТОДИКАЛЫК КЕҢЕШТЕР

Бардык педагогикалык окуу жайларында мурдатан окулуп келген "Педагогикалык кесипке киришүү" предмети 1980-жылдардын аяк ченинде окуу программасынан алынып ташталган. Бирок 1996-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын жаңы билим берүү мамлекеттик стандартына бул предметтин кайрадан киргизилиши, студенттерди мугалимдик кесипке даярдоодо анын чоң мааниси бар экендигин айгинелейт.

Окуу куралы 8 баптан турат.

*Биринчи бапта* "Педагогикалык кесипке киришүү" предметинин негизги максаттарынын бири - кечээки мектеп окуучусун ЖОЖдогу окуу жараянынын уюштурулушу өзгөчөлүктөрү, жобо-талаптары, студенттин укук-милдеттери жөнүндө сөз болот. Ошондой эле алгачкы күндөн мугалимдик эң жоопту, татаал, түйшүктүү, бирок ардактуу кесип экендигин аң сезимдүүлүктө туя бил. ЖОЖдогу окутуунун мектептеги билим берүүдөн негизги айырмасын өздөштүр жана дайыма эсиңе сакта. Кыргыз Республикасынын билим берүүдө көп баскычтуу структураны тандап алышынан себептери илимий жактан негизделет, аны анализде жана түшүн.

*Экинчи бапта* ЖОЖду башкаруу органдарынын, кызмат орундарынын, аталышы, алардын айрымдарына шайлоолордун жүргүзүлүшү, ал эми кээ бир кызмат орундарына буйрук аркылуу дайындалаарына көңүл бөлүнөт. Себеби өзү билим алып жаткан окуу жайынын ректорунан баштап, факультеттин бардык структурасын башкарган жетекчилердин аты-жөнүн, илимий наамдарын, ээлеген кызмат ордун так айта билүү бардык студенттер үчүн негизги милдеттердин бири.

ЖОЖдун билим берүүсүндө азырынча лекция алдыңкы орунду ээлегендиктен, аны конспектилөө жөнүндөгү кеңештер, өз алдынча билим алуунун жолдору, "семестр" жана "сессия" жөнүндөгү түшүнүктөр да ушул бапта каралган, алардын маанисин ажырата бил.

Билим алуунун сапаты - билимди текшерүүнүн акыйкат жүзөгө ашырылышы менен түздөн-түз байланышта.

Андыктан, окуу жараянында РИТМ системасы, компьютердик тестирлөө, алардын дидактикалык, моралдык, психологиялык таасирлери практика жүзүндө чоң мааниге ээ экендиги жана тест түзүүнүн формалары тууралуу ушул бапта кеңири айтылат.

Ар бир баптын аягында билим текшерүүгө тесттер берилген. Аларды үлгү катары карап, түрлөрүнө көңүл бөл, жообун табуудан мурда шашылбай ойлонуу керектиги дайыма эсте болсун

*Үчүнчү бапта* педагогикалык кесиптин пайда болушунда эмгек куралдарын жасоо, пайдалануу жана аны кийинки муундарга үйрөтүү чоң роль ойногондугу, ошондой эле, педагогикалык кесиптин жоопкерчилиги, өзгөчөлүктөрү, келечеги тууралуу сөз болот. Ар бир параграфты кунт коюп окуп жатып, өзүңдүн эже-агайларыңдын иш аракеттерин көз алдыңа келтир. Алардын ишине, силерге жасаган мамилелери келечек кесибиңерди тандап алууда кандай таасир эткенин, мектебиңдеги мугалимдердин материалдык ал- акыбалын, жашоо турмушун китепке салыштырып анализдөө бул баптагы темаларды терең өздөштүрүүгө жардам берет.

*Төртүнчү бапта* "окутуу" жана "тарбиялоо" түшүнүктөрүнүн максаты бир болгондугуна карабастан илимде шарттуу түрдө экиге бөлүп карагандыгы айтылат. Алардын мазмунун, айырмасын, закон ченемдүүлүктөрүн жакшылап өздөштүрүү практикалык ишинде пайдалуу экендигин унутпа.

Жазалоо баланын инсандык аброюуна шек келтирсе, тарбиялоодо аны колдонбой коюуга болобу? Бул маселенин үстүндө ой жүгүртүү менен педагогиканын гумандуулук принциби – баланын мүмкүнчүлүгүнүн чексиздиги, анын келечеги менен бирдикте каралаарына көңүл бөл. Айыл мугалимдеринин ишинде бир топ өзгөчөлүктөр бар, аларды сана, китепке салыштыр, анализде, жыйынтыкта.

Тил табыша билүүчүлүк, мамилечилдик, баланы сүйө билүү, көркөм сүйлөө, эрк сыяктуу мугалимдик адистикке маанилүү сапаттар *бешинчи бапта* камтылган.

Мамилечилдикти илим 3 стилге бөлөөрүн көңүлгө түй. Дагы эле окуткан эже – агайларды эске салуу менен кимиси кандай стилди көбүрөөк колдонгонун аныктоого ара-

кеттен. Кайсыл мугалимдин сөзү жагымдуу таасир этчү, кимдер токтоо, чыдамкай эле, оюнда мисал келтир. Баш ийкөө, кадала, олурая тиктөө ж.б. ишараттар менен окуу процессин башкарууга болооруна ынанып, алардын ар биринин аталыштарын жаттап бил. Бышыктоо үчүн өзүңчө, керек болсо күзгүнүн алдында көнүгүүлөрдү жаса. Жогорудагы адистикке маанилүү сапаттарды тынымсыз аракеттердин натыйжасында калыптандырууга болооруна ишен.

*Алтынчы бапта* педагогикалык маданият, такт жана авторитеттин окуу тарбия жараянындагы ролу жөнүндө кеңири сөз жүрөт. Жалпы маданият менен педагогикалык маданияттын айырмасы эмнеде экендигине көңүл бөл. Этика кандай маани берээрдиги, нравалуулукту адамдагы ички, өзгөрүлгүс сапаттар түзөөрүн түшүн. Педагогикалык маданияты бийик (төмөн), этиканы бекем сактаган (сактабаган) мугалимдер деп кимдерди айтаар элең? Педагогикалык тактты жакшы өздөштүрүш үчүн педагогикалык кырдаал эмне экендигин жакшы билүү керек. Ошол кырдаалдардагы мугалимдин иш аракеттеринин баары педагогикалык тактка кирет.

Мугалимдин сырткы көрүнүшү, кийген кийими да тарбиялык мааниге ээ экендигин ар дайым эсиңе сакта. Өзүңдүн жана башкалардын сырткы кебетесине, өзүн алып жүрүүсүнө сын көз менен кара. Биз берген кеңешти туура кабыл ал.

Ал эми авторитеттин ролу билим берүү, тарбиялоо процессинде чоң экендиги бул теманын өзөктүү маселеси. Турмушундагы мисалдарды пайдаланып, мугалимдердин авторитетин жаратчу же жок кылуучу факторлор жөнүндө ойлонуп өзүңө жыйынтык чыгар.

*Жетинчи бапта* билим менен билгичтиктин айырмасы, алардын түрлөрү берилет. Билимге ээ болуу дипломдуу болуудан эмес, түрдүү илимдерди өздөштүрүү, акылыңды, эрудицияңды ар тараптан байытуудан жаралса, билгичтик күндөлүк иш аракетте, практикада калыптанаарын бил. Буга мисал катары жогорку билими болбосо деле сабакты жакшы өткөн, же тескерисинче диплому бар эби, шыгы жок мугалимдерди өз ара салыштыр. Бардык адамдар үчүн өзүн-өзү баалоо жана өнүктүрүүнүн, ал эми мугалим үчүн кесиптик идеалды туура тандоо, өз билиминин өстүнөн тынымсыз иштөөнүн мааниси турмушта эбак далилденге-

нин дагы бир ирет баса белгилемекчибиз. Ошондуктан биз айткан өзүн-өзү баалоонун эки түрүн колдонуп, өзүңө эксперимент жүргүзүп көр, бирок жыйынтык чыгарууга шашылба.

Ал эми идеалды тандоонун ишенимдүү жолу китепте берилген, таап окуу менен турмушуңда жетекке ал.

*Сегизинчи бап* мугалимдин кесиптик, коомдук позициясы жашоодогу социалдык өзгөрүүлөргө байланыштуу экендиги, Россиялык белгилүү авторлордун пикирине таянуу менен идеяларды (идеалдарды эмес) жаратууда элдик педагогиканын ролу сыяктуу бир топ талаш-тартыш маселеге арналган. Ырас, бул суроолор жакын арада жана биротоло чечилип калуучу нерселер эместигин эске ал. Анткени алар коомдук түзүлүшкө ар бир адамдын (сенин да) жеке дүйнө – таануу көз карашыңа, биосоциалдык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу. Бирок келечектеги жогорку билимдүү адис, инсан жана коомдун активдүү мүчөсү катары бир позицияны тандоо жана кармоо ошондой эле бул суроолордун үстүнөн дайыма ой жүгүртүү турмушта пайдалуу гана эмес зарыл деп бил.

# ТҮШҮНДҮРМӨ СӨЗДҮК

Бул сөздөрдүн түрдүү мааниде которулары эске алынып, теманын мазмунуна тиешелүүсү гана берилди.

«А»

**аалым** - окумуштуу
**авторитет** - кадыр - барк, бедел, аброй.
**автоматтык** - экзамен (зачет) учурунда сурабай туруп эле, мурдагы эмгегин эске алуу менен билимди баалоо (баа коюу).
**адаптация** - айланадагы шартка көнүү, ыңгайлашуу.
**адистик** - адамдын коомдо аркалаган кесиби (мугалимдик, врачтык ж.б)
**акселерация** - дене бойдун өз курагындагыларга же мурдагыларга салыштырганда тез өсүп кетиши.
**активдүү** - иштиктүү, тез аракетчил, ишкер.
**активист** - коомдук жумуштарга иштиктүү катышкан окуучу.
**актуалдуу** - учурдагы маанилүү нерсе.
**акыл калчап** - акылга салып, ойлонуп.
**алапайын таппай** - эмне кылаарын билбей, айласын таппай.
**анализ** - талдоо жүргүзүү.
**аналитикалык** - анализ жасоого жөндөмдүү.
**андрогогика** - чоң жаштагы балдарды окутуу принциптерин ачкан дидактиканын бөлүгү.
**анкета** - даярдалган суроолорго жооп алуу, сурамжылоо баракчасы.
**аннотация** - кыскача сөз менен маанисин ачып берүү.
**антропология** - адам жөнүндөгү илимий окуу.
**аренада** — иш майданында.
**аспект** - бир маселени баяндоодо карманган көз караш.
**атрибут** - нерселерге таандык айырмалуу белги.
**аттестациялоо**-студенттердин (кызматкерлердин) ишкердүүлүгүнө баа берүү
**аудитория** - 1) ЖОЖ дордо лекция окулуучу бөлмө;
2) лекция, доклад угуучулар.
**аутотренинг** - өзүн-өзү машыктыруу.

«Б»

**база** - негизи, түбү, алган билимдердин көлөмү.

**бакалавр** - жаңы стандартка ылайык университеттин төрт жылдык окуу программасын өздөштүргөндөргө ыйгарылуучу илимий (кесиптик) наам.

**басма беттери** - газета, журналдар.

**библиография** - реферат, курстук жана дипломдук иштерди жазууда пайдаланылган адабияттардын тизмеси.

**биологиялык** - тирүү организм катары.

**блок** - бүтүн главанын бир бөлүгү.

**быдылдап** - өтө тез, шашып сүйлөө.

«В»

**вазыйпа** - закондуу (мыйзамдуу) милдет.

**вариант** - бир нерсенин мүмкүн болгон түрдүүлүктөрү.

**ведомость** - деканат тарабынан берилип экзамен, зачеттордун жыйынтыгы түшүрүлүүчү тизме.

**вундеркинд** - өтө талантуу бала

«Г»

**гармониялык** — ар тараптан төп келишкендик.

**гениалдуу** - жөндөмдүүлүктөрдүн өнүгүшүнүн эң жогорку баскычы.

**гений** - жогорку чыгармачылык жөндөмү бар адам

**гигиена** - саламаттыкты сактоо жөнүндөгү илим.

**гимназия** - көбүнчө гуманитардык багыттагы жалпы орто билим берүүчү окуу жайы

**гипотеза** - илимий божомол

**глава** - китептин бөлүмү, бап.

**граждан** - атуул, мамлекеттин атуулу, жаран.

**график** - сызык, чийме.

**группа** - тайпа, бирге окуган студенттер тобу.

**гумандуу** - адамгерчиликтүү, айкөл.

**гуманизм** - адам эркиндигин, укугун, сыйлаган анын мүмкүнчүлүгүнүн чексиз экендигине ишенген көз караш.

**гуманитардык** - коомдук жана тил багытындагы илим.

«Д»

**далаалат** - аракет, умтулуу.

**декан** - ЖОЖ до факультеттин башында турган киши, факультеттин жетекчиси.

**демократия** - элдин, көпчүлүктүн пикирин угуп, макул көрүп башкаруу, элдик башкаруу

**дефектология** - тубаса физиологиялык, психологиялык кемчилиги бар балдарды окутуу тарбиялоо жөнүндөгү атайын педагогикалык илим.
**диаграмма** - салыштыруу үчүн көрсөтмө сызык же фигура.
**диалог** - эки адамдын өз ара сүйлөшүүсү, маеги.
**дидактика** - педагогика илиминин окутуу, билим берүү жөнүндөгү бөлүгү
**диктатор** - чексиз бийликтеги адам, өкүм башкаруучу.
**дирекциясы** - мектеп жетекчилиги, жетекчилик.
**дисциплина** - предметтин (сабактын) башкача аталышы.
**документ** - күбөлөндүрүүчү иш кагаздары, күбөлүк кат.
**доцент** - илимий чөйрөдө, кандидаттык даражасы бар окумуштуу, кызматкерлерге ыйгарылуучу наам. Илимге, өндүрүшкө кошкон бараандуу салымы үчүн да берилиши мүмкүн.
**духовный байлык** - акыл - ой байлыгы, рухий байлык, жан дүйнөнүн байлыгы.
**духовный жактан** - акыл - ой жактан, рух, жан дүйнө жактан.

**«Ж»**

**жаргон** — жалпы элдик тилден айырмаланып, студенттик чөйрөдө гана түшүнүктүү болгон сөздөр.
**жатыкталат** - жат болуп калат, көндүм болуп калат.
**жүйөөсүз** - туура эмес, акылга сыйбаган, маанисиз.

**«З»**

**заманбап** — замандын талабына дал келген.
**зачет** —билим текшерүүнүн бир түрү(баа коюлбайт).

**«И»**

**идеал** - туу туткан адам, бир нерсенин эң жогорку үлгүсү.
**илимий аппарат** - илимий эмгекке берилген түшүндүрмөлөр, эскерткичтер.
**иллюстрация** - текстин мазмунун түшүндүрүүгө багытталган кошумча сүрөт, көрсөтмө курал.
**инстинкт** - табигый, тубаса сезим.
**интеллект** - акыл, ойлоо жөндөмдүүлүгү.
**интенсивдүү** - күчөгөн, катуу аракеттенген
**интонация** - үндүн көтөрүңкү же басаң айтылышы, үндүн уккулуктулугу.
**интуиция** - туюу, божомолдоо.

## «К»

**каражат** - колдонууга, пайдаланууга зарыл нерсе.
**картотека** – маалыматтар, материалдар жазылган карточкалардын жыйындысы
**карточка** - калың кагазга жазылган сөздөр, тапшырмалар.
**каталог** - китептердин бир жерге бириктирилген(карточка түрүндө) тизмеси.
**категория** - дүйнөдөгү кубулуштардын касиеттери жөнүндөгү жалпы түшүнүк.
**кафедра** - ЖОЖ до илимдин бир тармагы боюнча сабак өтүүчү профессор, окутуучулардын бирикмеси
**квалификация** - адистикке жумушка жароо даражасы.
**кемелине жетип** - эр жетип
**кибернетика** - информатика сыяктуу математика менен байланыштуу илимдин багыты
**класс** – 1) сабак өтүлүүчү бөлмө, 2)окуган жылдын сандык көрсөткүчү (М: 5 - класстын окуучусу).
**компания** - өнөктүк, биргелешип аткарылуучу маанилүү иш.
**коллоквиум** - окутуучу менен студенттин ортосунда билим деңгээлин аныктоого багытталган аңгеме, сүйлөшүү.
**компетенттүү** - өз пикирин чечкиндүү айта алууга билими толук жетишкен адам
**комплекстүү** - жыйнакталган, айкалышкан, жыйынды болгон.
**комплекстүү мамиле** - түрдүү багыттагы ойлорду, максатты бириктирип, айкалыштырган мамиле.
**компонент** - нерсенин составдык бөлүгү.
**конкреттүү** - ачык, айкын.
**конспект** - уккан лекциянын, сөздүн маанисин кыскача жазуу.
**консультация** - студентке, окуучуга мугалимдин түшүндүрүү иретинде берген жардамы.
**косметика** - бетти жасалма кооздоочу заттар( эндик, боек ж.б.)
**критерий** - ченем, бир нерсеге баа берүү чени.
**кубулуш** - көрүнүш, бир нерсенин болуп жаткан көрүнүшү.
**куйма кулак** - бир уккан сөзүн эсинен чыгарбаган
**кумир** - идеалы, кудайындай сыйынган адамы
**кунарсыз** - кызыгы жок, көңүлсүз, супсак.

«Л»

**лектор** - лекция окуучу, сүйлөөчү киши

**лекция** - көпчүлүк же студенттер алдында илимий темада чыгып сүйлөө, ЖОЖ до сабак өтүүнүн формасы.

**либералдык** - оомалык кылуу, макул болуп ээрчий берүү.

**личность** - адам, инсан, киши.

**логика** - ой жүгүртүүнүн тууралыгы, дурустугу.

«М»

**магистр** - жаңы стандартка ылайык ЖОЖдо берилүүчү биринчи илимий даража

**малакай** - териден жасалган баш кийим

**майнапсыз** - пайда чыкпаган, жыйынтыксыз.

**материал** - бир чыгарма жазууга керектүү болгон маалыматтар

**материалдык** - акча, мүлк, оокатка таандык нерсе.

**машакаттуу** - түйшүктүү, көп күчтү сарп кылган.

**менталитет** - өзүнө гана тиешелүү табигый өзгөчөлүк

**метод** - усул, иштин ыгы, жол жобосу

**методология** - жалпы илимий метод жөнүндөгү окуу

**механизм** - бир нерсени кыймылга келтирүүчү жалпы бөлүктөр

**механикалык түрдө** - машина сымал, көндүм болгондой, ойлонбой туруп.

**модель** - бир нерсенин үлгүсү, кеби.

**модуль** - предметтин бир блогу боюнча балл алуу үчүн тапшырылган сынактын аталышы.

**монотондуу** - бир калыпта, үндү кубултпай, супсак сүйлөө.

**мударис** - мугалим, лекция окуган илимпоз.

**мүдөөсү** - максаты, тилеги.

«Н»

**навык** - көндүм, ык, машыгуу.

**накыл сөз** - насаат катары айтылуучу акыл сөз.

**нарк** - каада

**норма** - коомдо белгиленген эреже, тартип, ченем, өлчөм.

**нук** - мурдагы багыт, мурдагы калып, бир нерседен калган из.

**нукура** — таза.

«О»

**обөектиси** - изилденүүчү, каралуучу предмет.

**обөективдүү** - калыстык.

**окумуштуулар кеңеши** - факультеттерде, ЖОЖдун алдын-

да түзүлүп, бардык уюштуруу иштерин башкаруучу, жөнгө салуучу орган.
**оратор** - сөзгө уста, чечен.
**орган** - мамлекеттик же коомдук мекеме, уюм.
**организм** - жандуу нерсе.
**официалдуу** - атайын, өкүмөт тарабынан белгиленген.

«П»

**пайгамбар** - Ислам growth Алланын инсандарга дайындаган өкүлү.
**пансофия** - жалпы акылмандуулук, баарын көрө билүүчүлүк.
**параграф** - бөлүкчө.
**педалогия** - өзгөчө социологиялык, психологиялык, методдор менен баланын жөндөмүн аныктап тарбиялоого аракет жасаган окуу.
**пессимист** - өз мүмкүнчүлүгүнө келечекке, үмүтсүз, ишеничсиз караган адам.
**пиктография** - сүрөттөр, чиймелер аркылуу жазуу.
**план** - жазылуучу нерсенин кыскача программасы.
**поза** – мугалимдин, адамдын тулку боюнун абалы, турушу.
**позиция** - адамдын коомдогу орду; кубулуштарга карата көз карашы.
**полиция** - милиция.
**полководец** - кол башчы, аскер жетекчиси.
**практика** - тажрыйба, амалият.
**практика жүзүндө** - турмушта, иш жүзүндө көрсөтүү, амалиятка ашыруу.
**практикага чыгуу** - тажрыйба алганы, үйрөнгөнү мектепке баруу
**предмет** - окуулук, билимдин түрү, сабак(математика предмети ж.б); буюм же жандуу нерсе.
**прием** -ыкмалар, илээлер.
**принцип** - теориялык негизи; туруктуу көз караш
**прическа** - чачты тароонун түрү.
**прогноздоо** - алдын ала туя билүү, божомолдоо.
**программа** - максатты, милдетти ачып берген атайын документ.
**проект** - материалдын болжолдуу планы, чиймеси.
**проректор** - ректордун орун басары.
**профессор** - илимий чөйрөдө ыйгарылуучу наам. Көбүнесе

докторлук даражасы бар окмуштууларга берилет. Илимге кошкон салымына жараша ыйгарылышы да мүмкүн.

**профессионал** - чыныгы адис, өз кесибинин чебери.

**профориентация** - жөндөмүнө, өзгөчөлүгүнө жараша кесип тандоодо жаштарга багыт берүү.

**процесс** - жараян, бир нерсенин жүрүшүнүн абалы.

**психология** - психологиялык ишмердүүлүктүн закон ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү илим.

«Р»

**расмий** - атайын, мамлекеттик деңгээлде

**расписание** - жадыбал, сабактардын ирети.

**рационалдуу** - максатка негизделген, туура.

**редакциялоо** - ондоо, түзөтүү.

**режим** - белгиленген күн тартиби.

**ректор** - жогорку окуу жайынын жетекчиси.

**реферат** - теманын маанисин чагылдырган кыскача доклад, илимий маселенин, китептин кыскача мазмуну.

**рефлекс** - организмдин тышкы таасирге кайтарган жообу.

**рефлексия** - ой жүгүртүү, өз башынан өткөргөндү анализ кылууга шыктуулук.

**рецензия** - илимий ишке далилдүү баа берүү.

**рецепт** - керек дарыларды алууга берилген кагаз.

**речь** - сүйлөгөн сөз, айтылган кеп.

«С»

**сабак** - окутуу ишин уюштуруунун негизиги формасы.

**сарасеп салуу** - атайлап көңүл буруу.

**семестр** - бир окуу жылынын жарымы.

**сессия** - студенттердин бир семестр ичинде алган билимдерин сыноочу мезгил.(жайкы, кышкы болуп экиге бөлүнөт)

**символ** - бир ойду билдирүүчү нерсе же образ. М: көгүчкөн тынчтыктын символу.

**система** - 1) билим берүүнүн түзүлүш ыгы (жолу). 2) өз ара байланыштагы түрдүү элементтердин бирдиктүү тартиптештирилген көптүгү.

**синтез** - кошуу, бириктирүү.

**состав** - бир нече бөлүкчөлөрдүн бирикмеси, курамы.

**социалдык** - коомдук

**сочинение** - окуучунун (студенттин) берилген тема боюнча өз алдынча аткарган чыгармачыл жазуу иши.

**справочник** - белгилүү бир маселе тууралуу маалымат берүүчү китеп

**статус** - жобо (мугалимдин коомдогу орду жөнүндөгү закон)
**стиль** - жеке өзүнө гана мүнөздүү түр.
**стимул** - дем, түрткү берүүчү себеп.
**стратегия** - максатка жетүүчү аракеттин жалпы планы.
**структура** - түзүлүш
**ссылка** - китепке, же бир окумуштуунун айтканына шилтеме.
**субьект** - адам, киши.
**субьективдүү** - жеке, калыстыгы жок пикир.
**схоластикалык** - курулай жаттоо, практикадан ажыраган илим.
**схема** - сызык, план.
**сценарий** - көрүнүштүн тартиби, тизмеси.

**«Т»**

**таалим** - үйрөтүү, окутуу.
**талант** - башкалардан айымаланган жөндөм, шык.
**тарбиялоо** - насаат айтуу, мүнөздү калыптандыруу.
**тезис** - лекциянын, докладдын түпкү пикири.
**тема** - сабактын, лекциянына докладдын маанисине карай аталышы.
**темперамент** - адамдагы жеке психологиялык өзгөчөлүк
**термин** - илим тармагында белгилүү түшүнүктүн аты болуп келген сөз.
**тест** - (англ) сыноо, текшерүү, изилдөөнүн методу.
**толеранттуулук** - чыдамкайлык, көтөрө билүүчүлүк.
**тон** - үн, үндүн сапаты.
**тренинг борбор** - активдүү ыкмалар менен окутуу, үйрөтүү борбору.
**түйшүк** - тынчсыздандырган иш, милдет.

**«У»**

**универсал** - түрдүү жактуу, түрдүү кесипти билген адам, түрдүү максатка жарамдуу
**университет** - көп тармактуу жогорку окуу жайы.

**«Ф»**

**фактор** - кандайдыр процесстин же кубулуштун кыймылдаткыч күчү,
таасир этүүчү себеби.
**факультатив** - окуучунун, студенттин эркине, тандоосуна жараша
уюштуруучу окутуунун формасы.
**фигура** - сүрөт, тулку бой.

**физиология** - тирүү организм жөнүдөгү илим.
**формасы** - түрү, тышкы көрүнүшү.
**формацевтика** - дарыларды жасоо, сактоо илими.
**фундамент** - негизи, түбү, пай дубалы.
**функция** - вазыйпа, милдет, кызмат, иш.

«Ч»

**чеберчилик** - бир кесиптин устаты, колунан көп нерсе келген адистик.
**чокой** - териден жасалган бут кийим.

«Ц»

**цитата** - бир чыгармадан, илимий булактан (китептен) өзгөртүлбөй алынган үзүндү.

«Ш»

**шпаргалка** - студенттин материалды күн мурун жазып алып экзаменде уурданып пайдаланган кагазы.
**шрифт** - арип, тамга.
**шынаа** - жардам берүүчү

«Ы»

**ынтаа** - кызыгуу, көңүл коюу, умтулуу.

«Э»

**эвристикалык метод** - багытоо жолу менен жоопту окуучулардын өздөрүнө таптыруу усулу
**эгоизм** - жеке кызыкчылыгын гана ойлоо.
**экзамен** - сынак, сыноо, билим текшерүүнүн баа коюлган түрү.
**эксперимент** - илимий максат менен жүргүзүлгөн тажрыйба.
**экскурсия** - билим алуу, көңүл ачуу максатында бир жайга чогуу баруу.
**элемент** — татаал бир бүтүндүктүн составдык бөлүгү.
**эмоция** - чын көңүлдөн чыккан күчтүү, ички сезим.
**эмпирикалык** - табигый шартка тажрыйбага таянгандык.
**энергиясы** - күчү, кубаты.
**эпизод** - окуя, көрүнүш.
**эрудиция** - терең окумуштуулук, кенен маалыматтуулук.
**этап** — процесстин жүрүшүнүн бир бөлүгү, учуру.
**этика** - адеп, сылыктыктын, тартиптин нормасы.
**эффект** - таасир, натыйжа.

«Ю»

**юридикалык** - укуктук, уюмдук же мекеменин атынан сүйлөөгө укугу бар.

# АДАБИЯТТАР


1. Айтматов Ч., Шаханов М. Плач охотника над пропастью. (Исповедь на исходе века). – Алматы., 1996.
2. Ашым Жакыпбек. «Теңири Манас». – Бишкек, «Кыргызстан»., 1995.
3. Батурина Г.И., Кузина Т.Ф. Введение в педагогическую пофессию.- М., 1998.
4. Б.Апыш., Д.Бабаев., Т.Жоробеков. Педагогика.-Бишкек., 2002.
5. Б.Апыш., Т.Козукулов. Мухаммед пайгамбардын таалим тарбия жөнүндөгү даанышман ойлору.-Бишкек., 2003.
6. Введение в специальность. Под ред. Л.И.Рувинского.-М., 1988.
7. Волков Г.Н. Этнопедагогика.-М., 2000
8. Выдрин В.М. Введение в специальность.-М.,1980.
9. Дистервег А. Избр. Пед. Соч.- М., 1956.
10. Зюзин И.А. Основы педагогического мастерства.-М., Просв., 1989.
11. Коджаспарова Г.М., Коджаспаров А.Н. Пед. Словарь.-М., 2001.
12. Козлов И.Ф. «Педагогический опыт А.С.Макаренко».-М.,1987.
13. Коменский Я.А. Избр. Пед. Соч.- М., 1955.
14. Константинов Н.А., Медынский Е.Н, Шабаева М.Ф. Педагогиканын тарыхы.-Мектеп.Фрунзе., 1971.
15. Кыргыз Республикасынын Конституциясы.-Бишкек., 1996.
16. Ленин В.И. Полн. Собр. Соч. –Т.41.
17. Леонтев П.И. Основы методики составления и анализа тестов.- Петропавловск., 1993.
18. Луначарский А.В. О народном образовании.-М.,1958.
19. Лихачев Б. «Педагогика» (курс лекций). – М., 1999.
20. Макаренко А.С. Пед. Соч. В 7т.-М., 1958.
21. «Менин биринчи мугалимим» - студенттердин сочинениелери. (Автордо сакталуу).
22. Педагогическая этика. Писеренко В.И., Писаренко И.Я. –Минск., 1977.
23. Пестолоцци И.Г. Избр.пед.соч. В 2т. – М., 1981.
24. Просвещение в странах мира. – М., 1967.
25. Профессиональная педагогика. – М., 1997.
26. Рефераты, контрольные и курсовые работы по педагогике. (Методические рекомендации для студентов). – Чебоксары., 1986.
27. Рыданова И.И. Основы педагогики общения Минск, Белорусская наука., 1998.
28. Самуйленков Д.Ф. Мастерство, педагогический такт и авторитет учителя. – Смоленск., 1961.
29. Сластенин В.А. и др. «Педагогика». Уч. Пособие. – М., 1998.
30. Сухомлинский В.А. Избр. Пед. Соч. в 3-х т., - М., 1979.
31. Толстой Л.Н. Педагогические сочинения. – М., 1956.
32. Харламов И.Ф. Педагогика – М., 1997.
33. Я. Корчак. «Как любить ребенка» (педагогическое наследие). М., 1990.

# Мазмуну

СӨЗ БАШЫ ........................................................ 3
АВТОРДОН ........................................................ 4

I бап.

Педагогикалык кесип, аны өздөштүрүү структурасы

§1.1 Педагогикалык кесипке киришүү предметинин максаты жана милдеттери ........................................ 6
§1.2 Педагогикалык кесипти өздөштүрүү структурасы жана мазмуну ........................................ 9
§1.3 Студенттин милдеттери жана укуктары ............ 12
Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар ........................................ 13

II бап.

Педагогикалык жогорку окуу жайы, андагы окуу жараянынын уюштурулуш өзгөчөлүктөрү

§2.1 Педагогикалык жогорку окуу жайларынын түзүлүшү ........................................ 16
§2.2 Окуу сабактарынын негизги түрлөрү .................. 18
§2.3 Окуу планы, семестр жана сессия жөнүндө түшүнүктөр ........................................ 24
§2.4 Студенттердин өз алдынча билим алуу ишмердүүлүгү, аны калыптандыруу каражаттары ............... 25
§2.5 Жогорку окуу жайындагы билим текшерүүнүн түрлөрү жана формалары ........................................ 32
Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар ........................................ 36

III бап.

Педагогикалык кесип

§3.1. Педагогикалык кесиптин пайда болушунун тарыхый шарттары ........................................ 38
§3.2. Педагогикалык кесиптин өзгөчөлүктөрү ............. 40
§3.3 Педагогикалык кесиптин келечеги ...................... 44
Теманы өздөштүрүү үчүнжетектөөчү суроолор жана тапшырмалар ........................................ 47

## IV бап.

### Педагогикалык ишмердүүлүк


§4.1.Педагогикалык ишмердүүлүктүн милдети жана максаты ........ 49
§4.2. Педагогикалык ишмердүүлүктүн гумандуулук табияты ........ 53
§4.3. Айылдык мектептердеги мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрү ........ 56
Теманы өздөштүрүү үчүн жетектөөчү суроолор жана тапшырмалар ........ 58


## V БАП.

### Адистик үчүн маанилүү болгон педагогдогу личносттук сапаттар


§5.1. Педагогикалык мамиле, тил табыша билүүчүлүк ........ 60
§5.2. Балдарды жана педагогикалык кесипти сүйө билүү ........ 64
§5.3. Личносттогу көркөм сүйлөө, эрк, сабырдуулук жана чыдамкайлык сапаттардын мааниси ........ 68
Теманы өздөштүрүү үчүн жетектөөчү суроолор жана тапшырмалар ........ 73


## VI БАП.

### Педагогикалык маданият


§6.1. Педагогикалык маданият жана этика ........ 75
§6.2. Педагогикалык такт ........ 77
§6.3. Мугалимдин сырткы көрүнүшү ........ 80
§6.4. Мугалимдин авторитети ........ 82
Теманы өздөштүрүү үчүн жетектөөчү суроолор жана тапшырмалар ........ 86


## VII БАП.

### Кесиптик билим, аны өздөштүрүү жана өз алдынча өнүгүү жолдору


§ 7.1. Мугалимдеги билимдүүлүк жана билгичтик сапаттар ........ 88
§ 7.2. өз алдынча өнүгүүнүн факторлору жана каражаттары ........ 90
Теманы өздөштүрүү үчүн жетектөөчү суроолор жана тапшырмалар ........ 95

VIII БАП.

Педагогикалык позиция

§8.1. Мугалимдин кесиптик позициясы .................... 96
§8.2. Мугалимдин коомдук позициясы .................... 98
Теманы өздөштүрүү үчүн жетектөөчү суроолор
жана тапшырмалар .................... 108
Түшүндүрмө сөздүк .................... 108
Адабияттар .................... 117

**Абдыкерим Исаев**

# ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕСИПКЕ КИРИШҮҮ

**Терүүгө11.02.2008-ж берилди.**
**Басууга 09.06.2008-ж. кол коюлду.**
**Кагаздын форматы 60х84 1/16 6,75 басма табак.**
**Буюртма № 056 Нускасы 1000.**

**Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү 236.**
**«Book-Blank» полиг. борбору**